**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)**

Кол жазма укугунда

УДК342.7+341.241.14(575.2)(043.3

**Нуридинова Айдай Нуридиновна**

# Квалификациялуу юридикалык жардам - адамдын жана Кыргыз Республикасынын жаранынын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун конституциялык-укуктук кепилдиги катары

12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук

Юридикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын

изденип алуу үчүн жазылган диссертация

**Илимий жетекчиси:**
ю.и.д., профессор
**Керезбеков Канат Керезбекович**

**Бишкек-2021**

# МАЗМУНУ

**Киришүү………………………………………………………………….......3**

**Глава I. Адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин тутумунда квалификациялуу юридикалык жардам алуу конституциялык укугун теориялык-методологиялык камсыз кылуу...……………………......11**

1.1. Инсандын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуунун конституциялык кепилдиктеринин тутумунда юридикалык жаам көрсөтүү түшүнүгү, мазмуну жана орду.........................................................................11

1.2. Чет мамлекеттердин мыйзамдарында жана эл аралык укуктук актыларда квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу ............………………..........36

1.3.Кыргыз Республикасында адамга жана жаранга юридикалык жардамды камсыз кылуунун конституциялык принциптери...……………………...............62

**Глава II. Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвакаттык ишти конституциялык-укуктук жөнгө салуу.............................87**

2.1. Квалификациялуу юридикалык жардамды камсыз кылуу кепилдиги катары адвокат статусун алуу шарттары ...............………..……………………….......87

2.2. Жарандын укуктарын коргоо жана юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвокаттын укуктарынын жана ыйгарым укуктарынын конституциялык-укуктук биримдиги .............................................……………………........................99

**Глава III. Квалификациялуу юридикалык жардам - сот адилеттигин натыйжалуу жүзөгө ашыруу кепилдиги .....……………………….............116**

3.1. Квалификациялуу юридикалык жардам алуу конституциялык укугун ишке ашыруунун укуктук кепилдиктери ...............………………........................116

3.2. Жарыштуулуктун конституциялык принцибин жана сот өндүрүшүнүн тараптарынын теӊ укуктуулугун кепилдөө каражаты катары юридикалык жардамдын мааниси.......................................……………………....................130

3.3. Юридикалык жардамдын сапатын жогорулатуу жана аны камсыз кылуу механизмдерин өркүндөтүү.........................................................................138

**Корутунду...…………………………………………………………............145**

**Колдонулган адабияттын тизмеси ....…………………………................150**

# Киришүү

Диссертациялык изилдөөнүн темасынын **актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасында радикалдуу саясий-укуктук жана социалдык кайра түзүүлөр коомдук мамилелерди жөнгө салуунун формаларын жана ыкмаларын демократиялаштыруунун негизинде алардын сапаттуу өзгөрүшүнө алып келди. Биздин өлкөдө болуп жаткан өзгөрүүлөр жетилген жарандык коомдун калыптанышына өбөлгө түзөт. Бул багыттагы ийгиликтер экономиканын өнүгүшүнө, мыйзамдарды жакшыртууга жана коомдук-укуктук мамилелерди модернизациялоого гана эмес, мамлекеттин аларды тартипке келтирүү, ар бир адамга конституциялык кепилдиктерди жана зарыл болгон коргоону, алардын ичинен өзгөчө орунда турган квалификациялуу юридикалык жардам алууга кепилдигин камсыз кылууга даярдыгына жараша болот.

Юридикалык жардам алуу конституциялык укугуна мүнөздүү белгиси жана негизги өзгөчөлүгү ал адамдын жана жарандын башка укуктары менен эркиндиктерин ишке ашыруу жана коргоо үчүн колдонулууда турат. Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген укуктардын бири да квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугусуз жүзөгө ашырылышы мүмкүн эмес, ал конституциялык укук илиминде адамдын жана жарандын бардык укуктары менен эркиндиктеринин юридикалык кепилдиги катары каралат.

Ар бир адамдын квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугунун айкын маанилүүлүгүнө жана зарылдыгына карабастан, азыркы күнгө чейин анын маанисине, мазмунуна, аны көрсөтүү субъектилерине, ишке ашыруу жана жалпы кепилденген камсыз кылуу тутумуна тиешелүү маселелер боюнча талаш-тартыштар дагы деле болуп келет. Юридикалык жардамга укукту жүзөгө ашыруунун механизмин бекемдеген мыйзамдар убакыттын толук талаптарына жооп бербейт жана андан ары өркүндөтүүгө муктаж.

Диссертацияда каралып жаткан көйгөйлөрдүн актуалдуулугу колдонуудагы мыйзамдарды жакшыртуу маселелери менен байланышкан.

Конституциялык жана учурдагы мыйзамдарда квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугунун бекитилишине, аны жүзөгө ашыруунун жана камсыз кылуунун бирдиктүү принциптеринин жана стандарттарынын болушуна карабастан, мындай жардамды алган адамдар сыяктуу эле, аны көрсөткөн адамдар тарабынан да кыянаттык менен пайдалануу орун алган. Мындан тышкары, мыйзамдын кээ бир тармактарында квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу жетишерлик толук бекитилген эмес.

Ушул темага болгон илимий-изилдөө кызыгуу квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун жүзөгө ашыруу үчүн болгон ыкмаларды жана каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу жана аны жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн кеңейте турган жаңы ыкмаларды жана каржаттары иштеп чыгуу  зарылдыгы менен шартталган. Анткени бүгүнкү күндө ар бир адамдын квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун бүтүндөй цивилизациялуу адамзаттын кенчи катары кароого болот.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында укуктук кызматтарды көрсөтүү менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүүгө жалпы мамлекеттик мамиле жок, калкка акысыз юридикалык жардам көрсөтүүнүн мамлекеттик максаттуу программасы кабыл алынган эмес, юридикалык жардамдын сапатсыз көрсөтүлүүсүнөн камсыздандыруу жок, юридикалык жардам көрсөтүүчү уюмдардын жана адамдардын ишин мамлекеттик жана корпоративдик контролдоону камсыз кылуу механизмдери түзүлгөн эмес.

Бардык аталган себептердин жана шарттардын комплекси Кыргыз Республикасында жарандардын конституциялык квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугуна жана аны камсыз кылуу көйгөйлөрүнө илимий талдоо жүргүзүү зарылчылыгын жаратат. Ушул талдоонун жыйынтыгында жасалган теориялык жоболор жана тыянактар квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугунун мааниси жана мазмуну, анын юридикалык табияты, мыйзамдарда жана мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана

коомдук уюмдардын ишинде конкреттештирүү даражасы боюнча маалыматтын мындан аркы топтолушуна өбөлгө түзөт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар жана негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациянын темасы Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин илимий изилдөө иштеринин планына кирет.

Диссертациялык иштин **максаты.** Кыргыз Республикасында квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү маселелерин жөнгө салуучу ченемдерди ишке ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн теориялык жоболордун комплексин иштеп чыгуу жана аларды колдонуудагы мыйзамдарда колдонуу диссертациялык иштин максаты болуп саналат.

Коюлган максаттын алкагында төмөнкү **маселелер** белгиленген жана чечилген:

1. Квалификациялуу юридикалык жардам алуу конституциялык укук түшүнүгүн түзүү жана адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин конституциялык кепилдиктеринин тутумунда квалификациялуу юридикалык жардам алуу конституциялык укугунун ордун аныктоо, анын башка конституциялык укуктар менен болгон корреляциясын аныктоо.

2. Чет мамлекеттердин мыйзамдарында жана эл аралык укуктук актыларда квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу боюнча тажрыйбасын карап чыгуу.

3. Адамга жана жаранга юридикалык жардам көрсөтүүнүн конституциялык принциптерин ачып көрсөтүү, аларды тармактык мыйзамдарда конкреттештирүүнү көрсөтүү.

4. Квалификациялуу юридикалык жардамды камсыз кылуу кепилдиги катары адвокат статусун алуу шарттарын талдоо.

5. Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвокаттын конституциялык-укуктук милдеттерине мүнөздөмө берүү.

6. Сот өндүрүшүнүн ар кандай түрлөрүндө адамдын жана жарандын конституциялык укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо ыкмасы катары квалификациялуу юридикалык жардамга мүнөздөмө берүү.

7. Сот өндүрүшүнүн тараптарынын жарыштуулук жана тең укуктуулугунун конституциялык принциптерине кепилдик берүү каражаттары катары юридикалык жардамдын маанисин ачып берүү.

8. Укуктарды жана эркиндиктерди соттук коргоо процессинде юридикалык жардамдын сапатын жогорулатуу жана соттук-укуктук реформанын маанилүү багыты катары аны камсыз кылуу механизмдерин өркүндөтүү зарылчылыгын негиздөө.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** Кыргыз Республикасында биринчи жолу квалификациялуу юридикалык жардам конституциялык-укуктук институтун жүзөгө ашыруу механизмин комплекстүү изилдөө аракети жасалдыгы менен шартталган.

Изилдөөлөрдү жүргүзүү анын теориялык жактан жетишсиз иштелип чыгуусунун деңгээли, квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнүн маанисин жана өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү аракети менен шартталган.

Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде Кыргыз Республикасында квалификациялуу юридикалык жардамды ишке ашыруу жаатында мыйзамдардын өнүгүү даражасы жана анын өнүгүшүнүн негизги тенденциялары аныкталган.

Изилдөөнүн жаңылыгы, анын жыйынтыктары азыркы юридикалык жардам менен камсыз кылуу субъектилеринин кесиптик мүмкүнчүлүктөрүн укуктук жөнгө салуу эл аралык ченемдерге, ошондой эле укуктук жардамга муктаж болгон жактардын кызыкчылыктарына, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарына канчалык деңгээлде дал келишин, кайсы колдонуудагы ченемдик-укуктук актыларды жакшыртуу жана жаңыларын иштеп чыгуу ушуга көмөк болушун көрсөткөндүгү менен дагы аныкталат.

Диссертациялык изилдөөнүн **практикалык мааниси** төмөнкүлөрдөн турат: изилдөөнүн материалдары коомду жана мамлекетти өнүктүрүүнүн

социалдык-укуктук чөйрөсүндө квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугунун ролун жана маанисин чечмелөөнүн жаңы ыкмаларын негиздөө үчүн негиз катары колдонулушу; ар кандай юридикалык укуктук жардам көрсөтүүчү субъектилеринин практикалык ишинде колдонулушу мүмкүн; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү, жакшыртуу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин иши үчүн мааниге ээ болушу мүмкүн; "Конституциялык укук" дисциплинасы боюнча лекциялык жана практикалык сабактарды өткөрүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Жактоодо коюула турган негизги жоболор.**

1. Квалификациялуу юридикалык жардамга болгон укуктун юридикалык табияты конституциялык-кепилдик берүүчү мүнөзгө ээ. Ал өзүнүн ченемдик-укуктук мазмунунда материалдык жана процесстик башталыштын биримдигин көрсөтүп, жарандардын юридикалык максаттарын, өз укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоону кошкондо, ырааттуу укуктуу ишке ашырышы жана натыйжалуу жетишүүсү үчүн тийиштүү юридикалык шарттарды камсыз кылууга каралган конституциялык-процесстик укук-кепилдик катары каралышы мүмкүн.

2. «Квалификациялуу юридикалык жардам» деген түшүнүк ачык-айкын полисемияга ээ. Бир жагынан, квалификациялуу юридикалык жардам деп кесиптик юридикалык квалификациясы (билими жана адистиги) бар адам тарабынан көрсөтүлгөн юридикалык жардамды эсептөөгө болот. Экинчи жагынан, квалификациялуу (тиешелүү) юридикалык жардам деп тийиштүү, укуктуу түрдө көрсөтүлгөн, башкача айтканда, формалдуу мыйзамдын талаптарын сактоо, так жана ийгиликтүү талап кылынган жана мааниси боюнча укуктук (конституциялык) натыйжа берген жардамды таанууга болот. Бирок эгерде экинчи учурда, юридикалык жардам мыйзамсыз жана (же) негизсиз сот чечиминин, же болбосо башка жардам көрсөтүүчү субъектиден көз каранды болбогон себептердин натыйжасында тиешелүү жана талаптагыдай объективдүү натыйжа бербесе дагы аны квалификациялуу жардам деп эсептөө керек.

3. Чет мамлекеттердин конституцияларынын тексттерин изилдөө квалификациялуу юридикалык жардам алууга укугу, анын ичинде акысыз юридикалык жардам алууга укугу Негизги мыйзамдардын көпчүлүгүндө камтылганын көрсөттү. Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү (анын ичинде акысыз жардам көрсөтүү) жөнүндө ондогон чет мамлекеттик, тармактык мыйзамдарды салыштырма-укуктук талдоо квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнүн колдонулуучу ыкмаларынын жана ишке ашырылуучу моделдеринин көп түрдүүлүгү тууралуу тыянактардын комплексин түзүүгө, калкка акысыз юридикалык жардам көрсөтүү жана кепилдикке алуу бөлүгүндө жалпы бийликтин функцияларынын көлөмүн типтүү интерпретациялоо концептилерин бөлүп чыгарууга мүмкүндүк берди.

4. Квалификациялуу юридикалык жардам институтунун ченемдик мазмунундагы конституциялык маанилүү баалуулуктардын балансын камсыз кылуунун маанилүү шарты болуп мыйзам чыгаруу жана укук колдонуу ишинде анын конституциялык принциптерин ырааттуу ишке ашыруу саналат. Аларды талдоо, тармактык процессуалдык жана атайын мыйзамдарда конкреттештирилген, ченемдик мазмунунан алып караганда, татаал, көп деңгээлдүү тутум деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берди. Натыйжада ар бир конкреттүү принцип сот өндүрүшүнүн бардык формаларында ишке ашырылышы менен универсалдуу мүнөзгө ээ болот.

5. Кыргыз Республикасынын Конституциясында жарандарга жана уюмдарга юридикалык жардам көрсөтүүчү ар кандай субъектилердин маанисин жана компетенциясын көрсөткөн атайын ченемдер камтылган эмес. Ошону менен бирге иш жүзүндө юридикалык жардам көрсөтүүчү уюмдар жана жактар чөйрөсү кеңири. Автор калкка юридикалык жардам көрсөтүү субъектилерин эки чоң топко бөлөт:

- адам укуктарын коргоо жана юридикалык жардам көрсөтүү субъектилери катары мамлекеттик органдар:
- квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү жарандык коом институттары.

6. Инсандын укуктук статусунун юридикалык кепилдиктеринин тутумун жарандардын субъективдүү укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын соттук жана соттук эмес коргоо механизмдери түзөт. Мамлекеттик бийликтин калган башка бутактары менен салыштырганда эң “жогорку” юридикалык күчкө ээ болгон сот бийлиги адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуунун жана коргоонун эң натыйжалуу кепилдиги катары каралат. Сот адилеттиги тармагындагы инсандын укуктук статусунун кепилдиктерин шарттуу түрдө жалпы жана атайын деп бөлсө болот. Жалпы кепилдиктерге Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген принциптер кирет. Алар: бардыгынын мыйзам жана сот алдында теңдигин; ар кимдин укуктарын жана эркиндигин соттук коргоого укугун; жабырлануучунун келтирилген зыян үчүн компенсацияга болгон укугун; квалификациялуу юридикалык жардамга болгон укугун ж.б. камсыз кылган принциптер. Атайын кепилдиктерге ар кандай чөйрөлөрдө жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырууга тиешелүү чаралар кириши мүмкүн. Демек, сот адилеттиги адамдардын жана жарандардын квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугунун жүзөгө ашырышына кепилдик экендигин констатациялоого болот.

7. Соттук коргоо конституциялык укугун ишке ашыруу механизминде юридикалык жардам институтунун мааниси, эң оболу, квалификациялуу юридикалык жардамды камсыз кылуу жарандардын сот адилеттигине жетүүсүнүн жана «өз» сотуна болгон укугун ишке ашырууну кошкондо, маанилүү кепилдиги болуп саналаары менен аныкталат. Аны менен бирге сот өндүрүшүнүн чөйрөсүндөгү квалификациялуу юридикалык жардамды кепилдөөнүн негизги институту адвокатура болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу адвокатура жана адвокаттык иш жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү көйгөйү чоң мааниге ээ боло баштады.

8. Юридикалык жардамдын сапатын жогорулатуу жана аны камсыз кылуу механизмдерин жакшыртуу соттук-укуктук реформанын өнүгүшүнүн маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Бул жагынан биринчи

кезектеги маселелердин катарына мамлекеттик эмес жана мамлекеттик юридикалык жардам институттарынын оптималдуу айкалышуусун камсыз кылуу; жарды жашаган жарандарга юридикалык жардам көрсөтүү; юридикалык жардам көрсөтүүнүн юридикалык жана келишимдик түрүн өркүндөтүү; ишеним артуучунун алдында адвокаттын жоопкерчилигин, мүлктүк жоопкерчиликти кошуп күчөтүү кирет. Бул өз кезегинде адвокаттардын кесиптик, мүлктүк жоопкерчилигин камсыздандыруу механизмдерин пайдалануунун зарылдыгын болжолдойт.

Изденүүчүнүн конституциялык укук илимине кошкон **жеке салымы** изилдөөнүн актуалдуулугу, илимий жаңылыгы, ошондой эле изилдөөнүн практикалык мааниси менен аныкталат. Жактоого коюлган жоболор жеке диссертант тарабынан иштелип чыккан.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Диссертацияда баяндалган негизги теориялык тыянактар, жоболор жана сунуштар Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин конституциялык жана муниципалдык укук кафедрасынын кеңири жыйынында талкууланган. Диссертациянын негизги жоболору КР ЖАК тарабынан сунушталган илимий журналдарда, ошондой эле Россия Федерациясынын илимий басылмаларында жарыяланган илимий макалаларда чагылдырылган.

Басылмаларда диссертация жыйынтыктарынын берилишинин толуктугу. Негизги жоболор, тыянактар жана илимий-практикалык сунуштар 8 илимий макалаларда берилген.

**Диссертациянын түзүмү** темасынын мазмуну жана изилдөөнүн логикасы менен аныкталган. Ал киришүүдөн, 8 параграфка бөлүнгөн үч главадан, корутундудан жана пайдаланылган булактардын тизмесинен турат.

# Глава I. Адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин тутумунда квалификациялуу юридикалык жардам алуу конституциялык укугун теориялык-методологиялык камсыз кылуу

## 1.1. Инсандын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуунун конституциялык кепилдиктеринин тутумунда юридикалык жардам көрсөтүү түшүнүгү, мазмуну жана орду

Кыргыз Республикасында укуктук тутумду өнүктүрүүнүн негизги багыттарынын бири болуп адам инсандыгынын, анын укуктары менен эркиндиктеринин артыкчылыгы саналат. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (мындан ары КР Конституциясы) адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин таануу, сактоо жана коргоо мамлекеттин милдети экендигин тастыктайт. Ошону менен бирге, Конституцияда бекитилген жарандардын негизги укуктары жана эркиндиктери аларды ишке ашыруунун таасирдүү укуктук механизми болгондо гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 4-бөлүгүнө [1] ылайык ар кимге юридикалык квалификациялуу жардам алууга укугу кепилденет.

Юридикалык жардам түшүнүгү сот практикасында жана илимий адабиятта ар кандай чечмеленет [2].

Мисалы, илимий адабиятта «юридикалык жардам» түшүнүгүнүн төмөндөгүдөй аныктамалары берилет:

- бул юридикалык түшүндүрүп берүү, даттанууларды, өтүнүчтөрдү жазуу, документтерди талап кылуу жолу менен жарандын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоонун бардык мыйзамдуу каражаттарын жана ыкмаларын пайдалануу менен, сот өндүрүшүндө да, андан тышкары дагы башка аракеттерди активдүү жүргүзүү менен "укук үчүн согуш";

- бул жарандардын жана уюмдарын укуктарын жана эркиндиктерин жана мыйзам менен корголгон кызыкчылыктарын коргоону, жазык иштери

боюнча коргоону кошкондо, камсыз кылууга тартылган адвокаттардын иш чөйрөсү;

- бул укук жаатында сапаттуу укуктук кызматтарды көрсөтүү боюнча атайын билимдерге ээ адамдардын иши.

Келтирилген «юридикалык жардам» түшүнүгүнүн аныктамалары бул түшүнүктүн айрым аспектилерин чагылдырат, бирок ошол эле учурда юридикалык жардам көрсөтүлүп жаткан субъектилердин чөйрөсү (эреже катары жарандарга) жана юридикалык жардам көрсөтүп жаткан субъектилердин чөйрөсү (адвокаттар) менен анын мазмунун белгилүү бир даражада чектейт.

И.Г.Черняков «юридикалык жардам» түшүнүгүн укук жаатында атайын билими бар адамдардын жеке жана юридикалык жактардын потенциалдуу бузулуучу же чыныгы бузулган укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзам менен корголгон кызыкчылыктарын коргоого багытталган активдүү кесиптик иши катары аныктайт [3].

Н.Н.Миняйленко юридикалык жардам деп, бир жагынан, өзүнүн курамына укуктук ченемдерди бириктирген тармактар аралык укуктук институт катары, жана, экинчи жагынан - бул өз алдынча, обочолонгон, укуктук субъектилерге өз субъективдүү укуктарын жана талаш кызыкчылыктарын натыйжалуу коргоого мүмкүндүк берген юридикалык иштин түрү катары карайт [4].

В.И. Ефименконун пикири боюнча «юридикалык жардам» түшүнүгүнүн негизги мазмунун «жарандардын жана уюмдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын анын ар түрдүү формаларында жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү» түзөт [5]. Конкреттештирүүнү жана өнүктүрүүнү талап кылганына карабастан, анын автор тарабынан белгиленген негизги мүнөздөмөлөрү көңүл бурууга татыктуу:

- мамлекеттик бийликтин мазмунунан ажыратылган кесиптик иш;
- мыйзамда так аныкталган юридикалык негиздердин (келишимдердин, административдик актылардын, ишеним каттардын) негизинде кызыкдар

жактарга юридикалык жардам көрсөтүлөт;

- юридикалык жардам көрсөтүү ага кайрылган адамдын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын күбөлөндүрүү менен гана чектелет жана бул алкактан чыкпоого тийиш.

О. М. Решетникованын пикири боюнча юридикалык жардам конкреттүү укуктук мамилелерде укук ченемдери менен белгиленген жоболорду ишке ашыруу алкагында кызыкдар жакка мыйзам менен берилген мүмкүнчүлүктөр менен пайдаланууга көмөктөшүү боюнча максаттуу иш аракетти болжолдойт [6].

С.Райс юридикалык жардам мамлекетке укуктук маалыматка, юридикалык кеңештерге, ошондой эле тиешелүү билимге жана билимге жеткиликтүүлүктү берүү катары каралышы мүмкүн деп эсептейт [7].

М.Робертсон менен Дж.Гиддинстин айтымында, юридикалык кызматтар мыйзамдын жоболоруна ылайык керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо, берүү, бекитүү жана тартипке келтирүү үчүн колдонулат. Юридикалык жардам юридикалык консультация, юридикалык өкүлчүлүк жана юридикалык жардамдын башка түрлөрүн керектечүгө берүүдөн турат [8].

ЮАРдын Юстиция департаменти тарабынан аныкталгандай, юридикалык жардам түшүнүгү юридикалык консультациялардын ар кандай түрүн, юридикалык документтерди иштеп чыгууну, ошондой эле юридикалык иш менен алектенген адамдын тажрыйбасын талап кылган өкүлчүлүктү камтыйт.

Ж.Андерсон жана Г.Ренуф юридикалык консультацияларды, сүйлөшүүлөрдү, өкүлчүлүктү, медиация процедураларында жардамды, ошондой эле башка кызматтарды билдирет. Алардын ою боюнча, мындай жардамды өз кызыкчылыктары үчүн практика менен алектенген юристтер, корпорациялардын ички юридикалык бөлүмдөрү, ошондой эле мамлекеттик мекемелерде иштеген юристтер көрсөтүшөт. Акысыз юридикалык жардам көрсөтүү боюнча чечимдерди жеке практикада иштеген юристтер гана эмес,

ошондой эле юридикалык фирмалар жана уюмдар да өздөрүнүн ишмердүүлүгүнүн белгиленген саясатына жана ошого жараша бул үчүн атайын бөлүнгөн каражаттын көлөмүнө ылайык кабыл алышат [9].

А.В. Воробьев, А.В. Поляков, Ю.В. Тихонравов юридикалык жардамды адамдын мыйзам менен корголгон кызыкчылыктарын коргоо боюнча укуктук багыттагы таасирдүү чаралардын тутуму катары аныкташат [10]. Бул тутум өзүнө биринчиден, негизинен сот жана укук коргоо тутумдарында иштеген мамлекеттик органдарга жана мамлекеттик кызматчыларга багытталган иш аракеттерди, экинчиден, адам үчүн укуктук ченемдер менен жөнгө салына турган терс турмуштук кырдаалдын пайда болушун алдын алуу же анын кесепеттерин минималдаштыруу максатында укуктук мүнөздөгү кеңештерди камтыйт.

А.В. Печерский юридикалык жардам түшүнүгүн төмөнкүдөй берет [11]. Юридикалык жардам – бул жеке жана юридикалык жактардын коркунуч алдында турган же чыныгы бузулган укуктарын, эркиндиктерин жана укук менен корголуучу кызыкчылыктарын коргоого багытталган адвокаттын активдүү кесиптик иши. Бул юридикалык жардамдын аныктамасы, В.В.Печерскийдин юридикалык жардам түшүнүгү адвокаттардын кесиптик ишине гана тиешелүү деген пикиринен тышкары, жогоруда келтирилген Н.Г.Черняковдун аныктамасынан эч кандай деле айырмаланбайт.

В.И. Качаловдун пикири боюнча юридикалык жардам – бул жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылууга жана коргоого багытталган иш-чаралардын тутуму. Ал иш чараларды атайын түзүлгөн органдар – адвокатура, нотариат, жеке детектив жана күзөт кызматтары жана башка ушул ишти аткара турган уюмдар жүзөгө ашырат, жана алардын максаты, бул - инсандын жана ошондой эле юридикалык жактардын укуктук жактан корголушуна болушунча жетишүү болуп саналат [12].

Келтирилген дефиницияларда юридикалык жардамдын багытталышы жана максаттуулугу көрсөтүлөт, анын максаттарынын мазмуну ачылып берилет (В.И. Качалов, Н.Н. Миняйленко. О.М. Решетникова, А.В. Воробьев, А.В. Поляков, Ю.В. Тихонравов), белгилери көрсөтүлөт (В.И. Ефименко), юридикалык жардамдын түрлөрүнүн белгилүү тизмесин түзүү аракети жасалат (Ю.И. Стецовский) [13].

Аны менен бирге, биздин көз караш боюнча юридикалык жардам түшүнүгү тар. Укуктарды коргоо же ишке ашыруу боюнча иш аракет катары юридикалык жардам түшүнүгүн кабыл алуу, анын мазмунунан бул түшүнүктү же болбосо укуктар жана мыйзамдуу кызыкчалыктар бузулбаган учурларда кесиптик укуктук көмөктөшүүнү чыгаруу менен жардылантат. Демек, коргоонун кажети жок.

Юридикалык жардам «укуктарды камсыз кылуу» деген түшүнүк аркылуу, аларды жүзөгө ашырууга, коргоого же коргоого алууга келтирилбеген, кеңири аныктала турган ыкма кыйла натыйжалуу көрүнөт. Аны менен бирге укуктарды камсыз кылууда көмөк көрсөтүү сыяктуу ыкма өзгөчө орун ээлеп тураарын эске алуу зарыл. В.Ю. Панченко тарабынан сунушталган "көмөк көрсөтүү" категориясы аркылуу юридикалык жардамды аныктоо адабиятта колдоо тапты [14]. Алсак, Н.Р. Мухудинованын пикири боюнча, жазык сот өндүрүшүндө квалификациялуу юридикалык жардам - бул мыйзам менен ыйгарым укук берилген субъектилердин иши. Ал иш мыйзамда белгиленген тартипте өз убагында тиешелүү, процесстик жагдайларга жана мыйзамдын талаптарына шайкеш келген жана жазык сот өндүрүшүндө ар кимдин укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашырууга, коргоого, бузулган укуктарын калыбына келтирүүгө, укуктарынын, эркиндиктеринин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын мыйзамсыз жана негизсиз чектелишин болтурбоого көмөк көрсөтүү максатында зарыл болгон укуктук каражаттарды пайдалануу менен жүзөгө ашырылат [15].

Е.Г. Ларин тергөө амалдарын жүргүзүүдө юридикалык жардам деп ыйгарым укуктуу жактардын мыйзам негизиндеги иши экенин түшүнүү керектигин белгилейт. Ал иш жазык ишинин жагдайларына ылайык алардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашыруу, коргоо, бузулган укуктарын калыбына келтирүү, укуктарынын, эркиндикттеринин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын мыйзамсыз чектелишин болтурбоо максатында жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларына өз убагында көмөк көрсөтүү боюнча тергөө амалдарынын жүргүзүлүшүнө байланыштуу ишке ашырылат [16].

Чет элдик илимий адабиятта «чектелген юридикалык кызмат көрсөтүүлөр» түшүнүгү бар. Ал түшүнүк алдында кардардын конкреттүү учурларда көрсөтүлүүчү юридикалык кызмат көрсөтүүлөрдүн ичинен бир бөлүгүн гана тадоосун жана юрист менен тийиштүү келишим түзүшүн түшүнүүгө болот.

Чектелген юридикалык кызмат көрсөтүүлөр түшүнүгү, юристтин кызматы укуктук маселени чечүүнүн ар бир этапына жана элементине керектеле бербейт дегенди билдирет. Демек, кардар пайда болгон маселелердин кээ бирлерин, башкача айтканда атайын юридикалык даярдыкты талап кылгандарын гана чечүү үчүн юристти жалдашы мүмкүн.

Чектелген юридикалык кызмат көрсөтүүлөр өзүнө кардарларга алардын укуктук маселелерин чечүүгө жардам көрсөтүү үчүн болгон фактыларга карата сот чечимин аткарууда жана мыйзамдардын жоболорун колдонууга көмөк көрсөтүүнү камтыйт.

Ошондой эле алгачкы юридикалык жардам жана кесиптик юридикалык жардам деп дагы бөлүнөт [17]. Алгачкы юридикалык жардам мамлекеттин укуктук тутуму, колдонуудагы мыйзамдары, укук субъектилеринин укуктары жана милдеттери, өз укуктарын ишке ашыруу ыкмалары, укук маселелери боюнча кеп-кеңеш берүү, ошондой эле юридикалык документтерди түзүүдөгү жардам жөнүндө маалыматтарды берүү дегенди түшүндүрөт. Кесиптик юридикалык жардам, бул жазык иштери, административдик укук

бузуулар, жарандык-укуктук жана административдик иштер боюнча маселелерди чечүү менен байланыштуу юридикалык кеп-кеңештерди берүү, соттордо, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдарында өкүлчүлүк кылуу.

Конституциялык ченемди (КР Конституциясынын 61 беренеси) изилдеп жатып, юридикалык жардамдын мазмунун анын квалификациялуулук деген белгиси аркылуу тактоо зарыл.

«Квалификациялуу» төмөнкүнү билдирет: «жогорку квалиффикациялуу, тажрыйбалуу, атайын билимдерди талап кылган», «белгилүү квалификацияга, тажрыйбага ээ». «Квалификация» деген сөздүн кеңири маанисинде: кандайдыр эмгектин түрүнө жарактуулук даражасын, даярдык деңгээлин, кесип, адистик, кандайдыр бир эмгектин түрүнө кесипкөй даярдык даражасын жана деңгээлин түшүнүүгө болот.

Ченемдик жактан квалификациялуу юридикалык жардам катары адвокаттык иш гана аныкталаарын белгилеп кетүү керек («Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамдын 16-б.), бирок юридикалык жардамды адвокаттар болуп саналбаган, бирок юридикалык билими бар адамдар көрсөтүшү мүмкүн [18].

Мисалы, А. В. Закомолдин «квалификациялуу юридикалык жардам» түшүнүгүнө төмөнкүдөй аныктама берет: «Бул, укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого же калыбына келтирүүгө багытталган ченемдик-укуктук орнотмолордун маанисин түшүндүрүүдө жана юридикалык жана иш жүзүндөгү аракеттерди жасоодо камтылган, белгилүү эл аралык жана ички мамлекеттик укук ченемдери менен аныкталган субъектилердин – кесипкөй юристтердин иши» [19].

В.Н. Велик бул изилденип жаткан укуктук түшүнүктүн аныктамасын төмөнкүдөй сунуштайт: квалификациялуу юридикалык жардам — бул жеке жана юридикалык жактардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо жана сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында, адвокаттык коомчулуктун мүчөлөрү жана юридикалык адистик боюнча окумуштуулук даражасы бар адамдар, ошондой

эле кызматтык милдеттеринин чегинде нотариустар жана мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери тарабынан жүзөгө ашырылуучу юридикалык иш аракет [20].

В. Л. Кудрявцев, квалификациялуу юридикалык жардам - бул ар бир каалоочуга көрсөтүлүүчү юридикалык жардамдын кайсы түрү болбосун жогорку деңгээлде көрсөтүү боюнча ага мамлекет тарабынан жүктөлгөн милдетти аткарган адвокат же кайрылган адамдын пикири боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүгө жөндөмдүү башка адам (мыйзамда каралган учурлардан тышкары, андай учурда адвокат же болбосо аны менен катар жардам көрсөтүү каралат) тарабынан адам укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча иш аракет деп эсептейт [21].

З.З. Зинатуллин, Т.З. Зинатуллин адвокаттар тарабынан көрсөтүлүүчү квалификациялуу юридикалык жардамдын төмөнкүдөй критерийлерин белгилешет: адвокаттын укуктук аң-сезими (юридикалык билимдүүлүгү); адвокаттын мыйзамдуу жүрүм-туруму (адвокат тарабынан укуктук буйруктардын сакталышы жана өз ишинде алардын жетекчиликке алынышы); адвокаттын социалдык-укуктук активдүүлүгү (адвокаттын ага берилген укуктарды канчалык натыйжалуу колдонгондугунан көрүнөт). Аталган авторлор жана жогоруда аталган айрым авторлор квалификациялуу юридикалык жардамды адвокаттардын ишине гана тийиштүү деп негизсиз аныкташат [22].

Илимий адабиятта «квалификациялуу юридикалык жардам» жана «адвокаттык иш» түшүнүктөрү жалпы жана жеке болот деген ой-пикир айтылып келет (А.С. Плетень). Бул учурда А.С. Плетень квалификациялуу юридикалык жардам ар кандай формада көрсөтүлүшү мүмкүн экенин эске алат [23]. Жарандар сотко кайрылган учурларда же кылмыш жасагандыгына шектүү деп кармалган учурларда гана эмес, күнүмдүк турмушта дагы, кандайдыр бир мүлктүк укукту, бүтүмдү күбөлөндүрүү, нотариалдык иш-аракеттерди жүргүзүү жолу менен укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, юридикалык кеп-кеңеш алуу, жүрүм-турумдун

колдонуудагы мыйзамдардын талаптарын эске алуу менен ылайыктуу түрүн тандоо жана башка талап болгон учурда юридикалык жардамга муктаж.

С.Н. Гаврилов «квалификациялуу юридикалык жардам» терминдин чектеп чечмелениши боюнча бир катар аргументтерди келтирет жана жыйынтыгында «квалификациялуу» терминин жардамга жана (же) кызмат көрсөтүүгө (аны көрсөтүү процессине жана (же) натыйжасына) карата көрсөтүлгөн адвокаттык жардамдын (кызмат көрсөтүүнүн) сапатына карабастан жана аталган жардам (кызмат көрсөтүү) тийиштүү квалификациясы жана статусу бар адис тарабынан көрсөтүлгөн контекстте гана колдонуу мүмкүн деген тыянакка келет [24].

С.Н. Гавриловдун көз карашы боюнча КР Конституциясынын 61-беренесинин 4-бөлүгүндөгү «квалификациялуу юридикалык жардам» termininin чечмелениши жөнүндө маселе төмөнкүдөй түрдө чечилиши керек.

С.Н.Гавриловдун пикири боюнча төмөнкү шилтемдерден улам, мамлекет юридикалык жардамдын квалификациялуулук кепилдигин декларациялайт [21].

1. Мыйзам чыгаруучу менен аныкталган айрым юридикалык жардам көрсөтүүчү субъектилер (адвокаттар, нотариустар жана башкалар сыяктуу) жөнүндө гана сөз болуп жатат.

2. Юридикалык жардам бир бөлүгүн түзгөн юридикалык кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн баары эмес, мыйзам чыгаруучу менен так аныкталган так юридикалык жардам (тар маанисинде) көрсөтүү тууралуу.

3. Квалификациялуу юридикалык кызмат көрсөтүүлөр мамлекет тарабынан декларацияланбайт жана кепилденбейт дагы.

4. Юридикалык жардамдын квалификациялуулугу жана юридикалык жардамдын сапаты окшош эмес, эки башка түшүнүк.

5. Квалификациялуулук – бул юридикалык жардам көрсөтүп жаткан адам жооп бере турган минималдуу стандарттар (талаптар).

6. Юридикалык жардамдын сапаты мамлекет тарабынан декларацияланбайт жана кепилденбейт.

7. «Квалификациялуу юридикалык жардам» түшүнүгү (как «ишти жүзөгө ашырып жаткан субъектке болгон квалификациялык жана башка талаптардын минимуму») тийиштүү сапаттагы жардам көрсөтүүгө мүмкүндүк берген процессуалдык, уюштуруучулук жана башка шарттар тутуму менен камсыз болушу керек. Бул аспект жардам (кызмат) көрсөтүп жаткан субъект менен сапаттын (как «процесстин сапаты» жана юридикалык жардам (кызмат) көрсөтүп жаткан адамдын «ишинин натыйжасынын сапаты» катары).

Ошентип, С.Н. Гавриловдун пикири боюнча жардамдын квалификациялуулугу – бул зарылчылык, бирок тийиштүү талаптагы жардамдын сапатына жетиштүү эмес шарт [24]. КР Конституциясы квалификациялуу жардамды кепилдейт, бирок сапаттуу жардамды кепилдебейт.

Бир катар автор тарабынан келтирилген аргументтер ишенерлик көрүнөт, бирок КР Конституциясы квалификациялуу жардамды кепилдейт, бирок сапаттуу жардамга кепидик бербейт деген жалпы тыянактар жана анын пайдасына мыйзам чыгаруучу менен аныкталган айрым юридикалык жардам көрсөтүүчү субъектилер, ошондой эле юридикалык жардам юридикалык кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө салыштырмалуу тар түшүнүк жөнүндө аргументтер жана аны менен байланышкан «квалификациялуу юридикалык кызмат көрсөтүүлөр мамлекет тарабынан декларацияланбайт жана кепилденбейт дагы» жана «юридикалык жардамдын сапаты мамлекет тарабынан декларацияланбайт жана кепилденбейт» деген жүйөлөр каршы пикир жаратат.

Биринчиден, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренеси квалификациялуу юридикалык жардамды кандайдыр бир белгилүү жардам көрсөтүүчү субъектилердин чөйрөсү менен, жазык процессине карата гана адвокаттардан тышкары, байланыштырууга негиз бербейт.

Экинчиден, юридикалык жардам жана юридикаылк кызмат көрсөтүү өз ара виддик жана түрдүк эмес, мазмуну жана формасы катары байланышта. Үчүнчүдөн, мамлекет тарабынан юридикалык жардамдын квалификациялуулугу кепиденеби деген суроого жооп берерде «кепилдендиргендик», «кепилдик берилет» терминдин жана түшүнүктүн чечмеленишин караш керек. Термин и понятие «кепилдендиргендик» термини жана түшүнүгү юридикалык илимде камсыз кылуу, кепилдик берүү – демек шарт түзүп берүү дегенди так түшүндүрөт. Мамлекет адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин конституциялык мааниси жана маңызына байланыштуу укуктарды жана эркиндиктерди, анын ичинде квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун, жүзөгө ашыруу үчүн (жалпы жана атайын) шарттарды түзүүгө милдетүү. Албетте, мамлекет белгилүү адвокат, нотариус берген ар бир конкреттүү кеп-кеңешке, түзүлгөн доо арызы үчүн жооп бербейт жана жооп бербеши керек. Бул учурда анын милдети – шарттарды – квалифкациялуу эмес жардам көрсөткөндү жоопкерчиликке тартуу үчүн атайын юридикалык механизмдерди түзүү.

С.Н. Гавриловдун «негизи дайыма жана бардык учурларда баарын эле кепилдендирүү мүмкүн эмес болгондуктан мамлекет кепилдебейт жана кепилдебеши керек» деген аргументи – туура эмес, анткени ушундай түрдө ой жүгүртсө, мамлекет эч кандай укуктарды жана эркиндиктерди кепилдей албайт жана кепилдебеши керек, анткени аларды дайыма жана баардык учурларда кепилдендирүү мүмкүн эмес [24].

Андан тышкары, «квалификациялуу» конституциялык терминин юридикалык жардамга карата абсолюттук деп кароого болбойт. 43-беренеде «Ар ким ден соолугун коргоого укуктуу. Акысыз медициналык тейлөө, ошондой эле жеңилдик шарттарындагы медициналык тейлөө мыйзамда каралган мамлекеттик кепилдиктердин чегинде жүзөгө ашырылат» [1]. «жардам» терминининин колдонуу менен Кыргыз Республикасынын Конституциясы анын «квалификациялуулук» деген мүнөздөмөсүз болгону кызык көрүнөт. Бирок конституциялык жобону так «квалификацилуу

медициналык жардам» контекстинде чечмелөөгө толук негиз бар. Аны менен бирге медициналык жумушчулардын квалификациясына жана алардын ишине болгон талаптар жетишерлик толук ченемдик, укуктук актылар менен регламенттелет. Бирок, юридикалык жардамга карата, «квалификациялуу» деген мүнөздөмөсүнө карабастан, укуктук жөнгө салууда жардам көрсөтүү субъектилеринин дээрлик көпчүлүгүнүн квалификациясына болгон талаптар жок.

Ошентип, юридикалык жардамдын квалификациялуулугу эки аспектини камтыйт – жардам көрсөтүүчү субъектинин (кесипкөйлүгү) квалификациясы (жана бул учурда жардам көрсөтүүчү субъектини мүнөздөгөн белги болуп саналат) жана жардамдын сапаты (бул иштин өзүнүн, анын түзүмүнүн, мазмунунун белгиси). Юридикалык жардамдын иш жүзүндө аткарылганга чейин квалификациялуу же квалификациялуу эмес экенин айтууга болбойт. Ушундан улам «юридикалык жардам» жана «квалификациялуу юридикалык жардам» түшүнүктөрү түр жана виддик түшүнүктөрү катары өз ара катышат.

Бул маселени талкуулоонун алдын ала жыйынтыктарын чыгарсак, «квалификациялуу юридикалык жардам» түшүнүгүнө төмөнкүдөй аныктама берүүгө болот: квалификациялуу юридикалык жардам – бул ишеним артуучу үчүн оң натыйжага жетишүүгө багытталган, кесиптик стандарттарды жана этикалык ченемдерди милдетүү түрдө сактоо менен көрсөтүлгөн укук жаатындагы адистин активдүү интеллектуалдык иши.

Азыркы убакта иши юридикалык жардам катары каралган субъектилердин чөйрөсүн аныктоо ыкмаларды мүнөздөөдө төмөнкүдөй суроо туулат: юридикалык жардам түшүнүгүнө адвокаттык иштен, ошондой эле мамлекеттик юридикалык бюро жана (көп учурда юридикалык фирмаларда иштеген) көз карандысыз юристтерден тышкары кандайдыр бир башка ишти кошуунун кажети барбы? Бир жагынан, баары жөнөкөй жана түшүнүктүү көрүнөт: юридикалык жардамга укук жөнүндө конституциялык ченем, адвокатты квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адам

катары так аныктаган атайын мыйзам, мамлекеттик юридикалык бюро тарабынан жардам көрсөтүү тартиби бекитилген ченемдик актылар, кандай болбосун адамга өкүл катары ишке катышууга мүмкүндүк берген процессуалдык ченемдер бар. Юридикалык жардам көрсөтүүчү башка субъектилерди бекитүү керекпи, же болбосо алардын ишинен юридикалык жардам деп эсептелген түрүн бөлүп чыгаруу керекпи? Аны жасоо зарыл көрүнөт.

«Юридикалык жардам» түшүнүгүн түшүнүү, илимий-теориялык кызыгуудан жана маанилүүлүгүнөн тышкары маанилүү прикладдык, практикалык аспетиге ээ, бул түшүнүк жарандарга жана уюмдарга иш жүзүндө пайда алып келет.

«Юридикалык жардам» түшүнүгүнүн пайдалуулугу анын функциясында, ар бир потенциалдуу жардам алуучу ал жардамга кимге (кайда) кайрылаарын билиши зарыл.

Бул «юридикалык жардам» илимий түшүнүгү жооп бере турган биринчи, негизги маселе. Ошондуктан анын юридикалык жардам көрсөтүүчү субъектилердин чөйрөсүн белгилөөгө мүмкүндүк берген жөндөмдөрүн (белгилерин) бөлүп чыгаруу маанилүү.

Экинчи маселе – тигил же бул субъект кандай шарттарда, жана кандай тартипте мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамды көрсөтөт – бул жерде белгилүү субъекти (адвокат, юридикалык клиникалар, мамлекеттик органдардын тийиштүү кызмат адамдары жана башкалар) тарабынан көрсөтүлүүчү юридикалык жардамдын атайын, түрүнө жараша белгилери жөнүндө айтылып жатат.

Иш жүзүндө калкка юридикалык жардам көрсөтүүчү уюмдардын жана адамдардын саны жетишерлик көп деп Г.А. Смагин бекеринен белгилеген эмес. Аны менен бирге автор юридикалык жардам жөнүндө жалпысынан алып карайт, аны ар кимдин квалификациялуу юридикалык жардам алууга конституциялык укугу менен байланыштырбай, мазмунун адвокаттык иш менен чогу карайт [25].

Үчүнчү маселе – юридикалык жардам көрсөтүүчү тигил же бул субъект кандай көлөмдө, жана кайсы чектерде юридикалык жардам көрсөтөт.

Бул аспетиде Н.В. Андриановдун «Жарандык коом адвокатураны институционалдаштыруу чөйрөсү катары» диссертациялык ишине – юридикалык жардам катары адвокаттык иш маселеси боюнча толук жана ар тараптуу, заманбап, теориялык-прикладдык изилдөөлөрдүн бири катары илимий жана практикалык кызыгууну көрсөтөт [26].

Автор юридикалык жардам катары адвокатык иштин төмөнкүдөй белгилерин берет:

1. Жардам алуучу (жаран же уюм) өз алдынча чече албаган укук жаатындагы маселелерди чечүүгө багытталышы.

2. Ишеним артуучунун жеке, жеке аныкталган (мыйзамдуу) кызыкчылыктары жана субъективдүү укуктары менен башка жеке же коомдук кызыкчылыктардын байланышына (конфликтисине) карабастан аларды коргоо.

3. Маанилүү мүнөздөмөлөр, башка жеке же коомдук кызыкчылыктарга ишеним артуучу тарабынан келитирилген күнөөнүн же зыяндын деңгээли менен жардамдын шартталбагандыгы.

4. Адвокат тарабынан юридикалык жардамдын көрсөтүлбөгөндүгүнөн же тийишүү көрсөтүлбөгөндүгүнөн улам ишеним артуучуга келтирилген зыяндын ордунун толукталбагандыгы.

5. Жогорку нерв жана психикалык оорчулукту талап кыла турган каршы тарап менен эрктүү каршылык көрсөтүүгө тартылуу же тартылуу мүмкүндүгү.

6. Ишеним артуучунун тагдыры жана кызыкчылыктарына психологиялык жана эрктүү интеграциялашуу.

7. Акы төлөө мүнөзү милдеттүү түрдө эмес.

Берилген белгилердин тутумунан юридикалык жардам – бул биринчиден адвокаттын, ошондой эле көп тажрыйбалуу кесипкөй юристтердин (же болбосо фирмалардын кызматчыларынын) иши, ал эми

башка субъектилер юридикалык жардам көрсөтүүчү катары каралбашы керек экени (кээ бир өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жазык сот өндүрүшүндө адвокаттардын катышуусуна жол берген колдонуудагы мыйзамдарга түзөтүүлөрү менен) белгилүү болду.

«Квалификациялуу юридикалык жардам» түшүнүгүнүн мазмундуу-маанилик толуктугу тууралуу маселени карап бүтүп, «квалификациялуу юридикалык жардамга конституциялык укук» түшүнүгүн изилдөөгө өтөбүз.

Ф.М. Рудинскийдин жетекчилиги алдында авторлордун коллективи жазган иште, юридикалык жардам алууга конституциялык укук эл аралык-укуктук стандарттарга ылайык бекитилген, экономикалык, маданий жана саясий кызыкчылыктарды, ошондой эле ар кандай социалдык чөйрөлөрдө адамга жагымдуу жашоону камсыз кылуу максатында ар кимдин юридикалык мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөрдү алууга укугу катары аныкталат [27]. Бирок «укуктук мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөр» термини аркылуу юридикалык жардам алуу укугун аныктоо ийгиликтүү эмес, анткени «юридикалык жардам» жана «юридикалык кызмат көрсөтүү» түшүнүктөрү окшош эмес. Андан тышкары, авторлор тарабынан белгиленген юридикалык жардам алуу конституциялык укугунун кызыкчылыктарды камсыз кылуу ыкмасы катары каралышы бир жагынан туура эмес, анткени ал негизинен адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жана камсыз кылуу каражаты деп эсептелет.

А.Г. Манафов квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу Россия Федерациясынын Конституциясы менен кепилденген адамдын социалдык жыргалчылыктарга ээ болуу чарасы деп эсептейт – адвокатурадан, нотариаттан жана башка уюмдардан өз укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын натыйжалуу коргоодо жогорку кесипкөйлүк көмөктөшүүнү алуу, адамды көрсөтүлгөн максаттарда пайдаланууга мүмкүндүк берген юридикалык билим, билгичтик, көндүмдөр менен камсыз кылуу [28].

В.В. Гошуляктын пикири боюнча жарандардын квалификациялуу юридикалык жардам алуу конституциялык укугу деп жарандардын юридикалык кеп-кеңеш алууга, бузулган укуктарды коргоого, субъективдүү укуктарды юридикалык бекитүү жана келечектеги алардын мүмкүн болгон бузулушун алдын алуу үчүн адвокатка, нотариуска, юристке, мамлекеттик, муниципалдык же башка органга кайрылуусун түшүнүү керек деп эсептейт [29]. Ушул аныктама буга чейин берилгендерге караганда ылайыктуураак көрүнөт, бирок диссертанттын оюу боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү субъектилерди белгилүү санын саноо жогоруда айтылган максатка ылайыктуу эмес.

А.С.Плетеньдин көз карашы боюнча квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу – бул жалпы таанылган эл аралык принциптерге жана ченемдерге ылайык Россия Федерациясынын Конституциясында бекитилген, ар кимдин квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү укугуна ээ болгон атайын субъектилер тарабынан жүзөгө ашырылган, бузулуу алдында турган же чыныгы бузулган укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзам менен корголгон кызыкчылыктарын камсыз кылуу жана коргоо укугу [23]. Бул жерде квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу мааниси боюнча өз алдынча конституциялык укуктар менен алмаштырылып жатканы анык. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесине ылайык адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери сот адилеттиги менен камсыз кылынат.  Укуктарды жана эркиндиктерди коргоо тууралуу айта турган болсок, биздин оюбуз боюнча, аны мамлекеттин атынан атайын юрисдикциялуу органдар (КР Конституциясынын 60-б. 1-б..) же адам өзү (КР Конституциясы 61-б. 2-б.) жүзөгө ашыра алат.

Дагы ийгиликтүү аныктама, биздин оюбузча, В.С. Афанасьев тарабынан сунушталган. Юридикалык жардам алуу укугу менен, ал адамдын (ошондой эле юридикалык жактын), эгер зарыл болсо, укук жаатында атайын билими бар адамдардын жардамын (кеңештерин, кызыкчылыктарын

чагылдырууну) колдонуу укугун түшүнөт [30]. Бирок, бул аныктама да талашсыз эмес, анткени бул укук адвокаттарга берилген.

ВЛ.Кудрявцев квалификациялуу юридикалык жардам деп Конституция менен кепилденген, камсыз кылынган ар кимдин өзүнүн же болбосо кимдир бирөөнүн укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн, мамлекет тарабынан ар бир каалоочуга көрсөтүлүүчү юридикалык жардамдын кайсы түрү болбосун жогорку деңгээлде, анын ичинде мыйзам менен каралган учурларда акысыз, камсыз кылуу боюнча милдети жүктөлгөн адвокатка, же кайрылган адамдын пикири боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтө алган, мыйзамда каралган учурлардан тышкары (анткени, мыйзамда каралган учурларда мындай жарам адвокат тарабынан же аны менен катар гана көрсөтүлөт), башка адамга кайрылуу мүмкүндүгүн түшүндүрөт [31]. Бул аныктама менен толугу менен макул болууга болбойт. Анткени «кайрылуучунун пикири», анын кесепеттери кайрылуучунун өзүнө эле жаңылыш болушу мүмкүн.

Н.Л. Полуяктова «квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу - бул мыйзам менен белгиленген, укуктук мүнөздөгү маселелер боюнча белгиленген тартипте кесипкөйлүк жардам алуу мүмкүндүгү» деп берет [32]. Н.Л.Полуяктованын пикири боюнча жарандардын квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун камсыз кылган органдардын ичинен биринчи орунда соттор турат. Бул тыянак негизсиз көрүнөт, анткени соттордун милдети башка – сот адилеттигин жүзөгө ашыруу, бирок сот ишинин кээ бир элементтери (мындан ары берилгендей) юридикалык жардам мүнөзүнө ээ. Юридикалык жардамды жүзөгө ашыруу боюнча сотторду биринчи орунга коюу ашыкча болот.

Юридикалык жардам алуу укугун изилдеп жатып, изилденип жаткан укуктун адамдын жана жарандын контитуциялык, субъективдүү укуктарынын жана эркиндиктеринин тутумундагы ордун аныктоо зарыл.

Квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун талдоодо инсандын укуктарын жана эркиндиктерин изилдөө маселеси боюнча тутумдук ыкманы

колдонуу анын юридикалык мүнөздөмөсүн тактоого, ушул укуктун багытын жана функциясын иш жүзүндө баалоого, каралып жаткан көрүнүштүн башка укуктардын ичинен анын өзгөчөлүгүн чагылдырган жалпы, ошондой эле жеке сапаттарын көрүүгө жана эске алууга, жана инсандын укуктарынын тутумунда квалификациялуу юридикалык жардам алууга конституциялык укугунун ордун аныктоого толук мүмкүндүк берет.

Ушуга байланыштуу квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу менен башка конституциялык укук топторунун өз ара аракетин кароо максатка ылайык деп эсептейбиз.

Андыктан, квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу менен жеке конституциялык укуктардын ортосунда жетишээрлик тыгыз байланыш байкалат. Мисалы, жашоого, жеке кол тийбестике жана эркиндике укук, жеке жашоого укук жана башка ушул сыяктуу жеке укуктарды ишке ашыруу жана коргоо юридикалык жардам алуу укугусуз мүмкүн эмес. Анткени, юридикалык жардам алуу укугу ар бир адамга бул укуктар менен кайдай укуктуулук берилип жатканын тактоого, ошондой эле зарыл болгон учурда ошол жеке укуктарды коргоого мүмкүндүк берет.

Акысыз юридикалык жардам алуу укугу социалдык укук болуп саналат. Анткени, ал калктын жакыр жашаган катмарына квалификациялуу юридикалык жардам сыяктуу маанилүү социалдык жыргалчылыкка жетишүүгө мүмкүндүк берет. Юридикалык жардамсыз жагымдуу айлана чөйрөгө укук, ден-соолукту коргоо, эмгекке укук, социалдык камсыз кылууга укук, турак-жайга укук сыяктуу социалдык укуктарды алуу жана ишке ашыруу кээде кыйынчылык туудургандан тышкары, мүмкүн эмес дагы.

Ошондой эле квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу башка ушул адамдын жана жарандын конституциялык, субъективдүү укуктар тобунун укуктары менен өз ара аракеттенет: соттук коргоо укугу, жогору турган сот тарабынан ишти кайра карап чыгуу укугу, күнөөсүздүк презумпциясы, адамды өзүнүн күнөөсүз экенин далилдеп берүү милдетинен

бошоткон укугу, өзүнө жана жакын туугандарына каршы күбөлөндүрбөө укугу жана б.у.с.

Квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу менен башка конституциялык уктардын өз ара аракетинин айрым жыйынтыктарын чыгаруу менен аталган укук конституциялык уктарынын жана эркиндиктеринин тутумунда өзүнө тийиштүү орун тапканын белгилеп кетүү зарыл. Юридикалык жардам алууга укук башка конституциялык уктар менен шайкеш. Юридикалык жардамсыз кээ бир конституциялык уктарды толук ишке ашыруу такыр мүмкүн эмес же өтө татаал дегенди өзгөчө белгилеп кетүү керек.

Юридикалык илимде конституциялык укуктардын тобун дагы бөлүшөт. Аны юристтердин көпчүлүгү адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин конституциялык кепилдиктери деп аташат. Кыргыз Республикасынын Конституциясы жарандын укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруу кепилдиктерин белгилеген бир катар беренелерди (29-, 33-, 34-, 48-, 61-б.), камтыйт. Бул беренелер тобунда укуктардын жана эркиндиктердин конституциялык кепилдиктери эки кичи топторго бөлүнөт: адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин жалпы кепилдиктери жана юридикалык кепилдиктер. Квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу укуктардын экинчи тобуна кирет.

О.Е. Кутафиндин пикири боюнча, кепилдиктер – бул жеке жакка ага тиешелүү укуктарды жана эркиндиктерди ишке ашыруу мүмкүндүгүн камсыз кылган чаралар. Башкалар «кепилдиктер деп кеңири мааниде конституциялык укуктардын жана эркиндиктердин иш жүзүндө ишке ашырылышына, аларды жүзөгө ашырууда мүмкүн болгон себептерди жана жолтоолорду жоюуга, алары ар кандай зыяндан коргоого багытталган объективдүү жана субъективдүү факторлордун жыйындысын түшүнүүгө болот экендигин» белгилешет [33].

С.М. Шахрай, адамдын жана жарандын укуктук статусунун элементтеринин бири катары кепилдиктерди аныктайт. Автор, кепилдиктердин багыты, бул «алар мүмкүн мындай жагымдуу жагдайды камсыз кылууга дайындалган, анын чегинде конституцияларда жана мыйзамдарда жазылган инсандын юридикалык статусу, өзгөчө анын укуктары жана эркиндиктери ар бир адамдын жана жарандын иш жүзүндөгү абалы болуп калмак. Ошентип, кепилдиктер бул инсандын укуктук статусунун негизинде зарыл болгон жалпыдан жекеге, мыйзамда жазылган мүмкүнчүлүктөрдөн иш жүзүнө өтүүнү камсыз кылган ишеничтүү көпүрө» деп эсесптейт [34].

В.С. Эбзеев менен дагы макул болсок болот, ал кепилдиктер – бул мамлекеттин социалдык жоопкерчилигинин мааниси, анын органдарынын жана кызмат адамдарынын милдети болуп жарандардын аларга тиешелүү укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашырышы үчүн зарыл болгон шарттарды түзүү жана инсанга аларды коргоого жана сактоого ишеничтүү инструментарий берүү эсептелет деп белгилейт [35].

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинде бекитилген конституциялык квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун адамдын жана жарандын укуктарынын конституциялык кепилдиктерине киргизүү зарыл.

Конституциялык укук илиминде кепилдиктердин бир нече классификациясы бар. Алар бөлүү критерийлери ар кандай. Кээ бир авторлор кепилдиктерди базистик жана курама катары карашат, башкалары адаттагыдай кепилдиктерди мазмуну боюнча жалпы жана аларды кийинки тактоо менен атайын деп бөлүшөт, үчүнчүлөрү кепилдиктерди алардын ишке ашырылышына жараша ажыратышат. Айрым илимпоздор дагы башка классификацияларды беришет. Алардын бир бөлүгү кепилдиктерди укуктук тутумдун элементи катары кароону сунуштайт, экинчилери кепилдиктерди укуктук сактоо жана коргоо чаралары сыяктуу түшүнүүктөргө окшоштурушат, үчүнчүлөрү белгилүү конституциялык ченемдердин бир

түрү деп карашат, төртүнчүлөрү кепилдиктер деп алардын иш жүзүнө ашырылышын жана инсандын укуктарынын жана эркиндиктеринин ар тараптуу корголушун камсыз кылган шарттарды жана каражаттарды түшүнүшөт.

Айрым классификацияларды тактап, толугураак карап чыксак. Мисалы, Е.И.Козлова жана О.Е. Кутафин кепилдиктердин баарын төмөнкү топторго бөлүп кароону сунушташат: социалдык-экономикалык, саясий жана юридикалык [36].

М.В. Баглай конституциялык кепилдиктерди төмөнкүдөй түрлөрү боюнча айырмалайт: адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин жалпы кепилдиктери; укуктарды жана эркиндиктерди коргоо мамлекеттин милдети катары; соттук коргоо; эл аралык коргоо; укуктарды жана эркиндиктерди өз алдынча коргоо; зыяндын ордун толтуруу; сот адилеттигинин конституциялык кепилдиктери; сот караштуулугунун кепилдиктери; юридикалык жардам алуу укугу; күнөөсүздүк презумпциясы; кайрадан соттоого тыюу салуу; мыйзамсыз алынган далилдердин жараксыздыгы; өкүмдү кайра кароо укугу; өзүн өзү айыптоодон кепилдиктер; кылмыштан жабыркагандардын укугу; мыйзамдын артка карата колдонулушуна тыюу салуу [37].

А.Н. Кокотовдун пикири боюнча кепилдиктер жалпы жана атайын болуп бөлүнөт. Жалпы кепилдиктерге баарынан биринчи укуктарды жана эркиндиктерди ишке ашыруу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүү жолу менен алардын жүзөгө ашырылышын камсыз кылууга багытталган кепилдиктер кирет. Анын көз карашы боюнча атайын кепилдиктер белгиленген укуктардын жана эркиндиктердин жүзөгө ашырылышын камсыз кылууга иштелип чыккан. Алар Конституцияда, же болбосо ченемдик актыларда каралат [38].

С.М. Шахрай, кепилдиктер эки топко бөлүнүшү мүмкүн: жалпы кепилдиктер жана сот адилеттигинин кепилдиктери деп берет [34]. Жалпы кепилдиктерге Россия Федерациясынын Конституциясында адамдын жана

жарандын укуктарын жана эркиндиктерин мамлекеттик коргоонун бекитилиши кирет. Ал Россия Федерациясынын Конституциясынын 2-беренесиндеги адамдын, анын укуктарынын жана эркиндиктеринин жогорку баалуулугу жөнүндө жана мамлекеттин милдети катары адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин таануу, сактоо жана коргоо тууралуу конституциялык түзүлүштүн негиздерине кирген ченемди улантат [39].

Аталган классификацияга ылайык укуктук кепилдиктерге: укуктарды жана эркиндиктерди өз алдынча коргоо, соттук коргоо, эл аралык коргоо, зыяндые ордун толтуруу, укуктардын жана эркиндиктердин ажырагыстыгы, сот караштуулугунун кепилдиктери, юридикалык жардам алуу укугу, күнөөсүздүк презумпциясы, кайрадан соттоого тыюу салуу, мыйзамсыз алынган далилдердин жараксыздыгы, өкүмдү кайра кароо укугу, өзүн өзү айыптоодон кепилдиктер, кылмыштан жабыркагандардын укугу жана бийликти кыянаттык менен пайдалануу, мыйзамдын артка карата колдонулушуна тыюу салуу.

Адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун жана камсыз кылуунун укуктук кепилдиктери КР Конституциясынын 6-беренесине ылайык укуктук тутумдун бир бөлүгүн түзгөн, КР Конституциясынын, эл аралык-укуктук актылардын жогоруда аталган ченемдеринде жана башка ченемдик укуктук актыларда камтылган.

Каралып жаткан конституциялык кепилдиктердин бир түрү катары квалификациялуу юридикалык жардам жөнүндө маселе үчүн атайын юридикалык кепилдиктер өзгөчө кызык.

Айрым илимпоздор тарабынан бул түшүнөккө негиз кылып ар кандай укуктук көрүнүштөр алынган: укуктук ченемдердин жыйындысы (А.П. Иванов [40], В.В. Речицкий [41]), мыйзам менен белгиленген шарттар, каражаттар (С.А. Комаров [42]), тийиштүү органдардын иши (А.В. Мицкевич [43]). П.М. Рабинович [44] юридикалык кепилдиктерге укуктун белгилүү ченемдерин, жана аларга негизделген укук колдонуу ишин дагы, жана бул

иш белгиленген жеке юридикалык актыларды дагы киргизүү туура болот деп эсептейт.

С.Н. Братусь укуктук (юридикалык) кепилдиктер деп атайын кепилдектерди келтирет, анткени юридикалык укуктар алардын субъектилерининин укуктарын жана милдеттерин белгилөө жолу менен коомдук мамилелерди жөнгө салуу максатын көздөгөн укуктук принциптердин жана ченемдердин өзүндө камтылган [45]. Алар бузулган учурда мамлекеттик мажбурлоо менен камсыз кылынат.

Аны менен бирге жарандардын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун юридикалык кепилдиктерин башка адамдар тарабынан бул укуктардын бузулушун алдын алуу же тыюу салуу каражаттарынын жыйындысына гана кошууга болбойт. Н.А. Боброванын пикири боюнча юридикалык жоопкерчилиги коргоочу кепилдиктеринин негизги элементтеринин бири катары бирдей даражада жарандардын укуктарын жүзөгө ашырууга , жана жарандардын өзүлөрүнө көмөк көрсөтүүгө милдеттүү субъектилерге багытталган [46]. Бул учурда адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин юридикалык коргоо кепилдиктери индивиддин жүрум-турумун белгилүү талаптардын чегинде тууралоого каралган. Алар жарандарды жана кызмат адамдарын конституциялык укукту жүзөгө ашыруунун чектерин бузган, укукка жатпаган аракеттерди жасоо мүмкүндүгү жөнүндө эскертип турат. А.А. Астрахань конституциялык укуктардын жана эркиндиктердин ишке ашыруу кепилдиктеринин жанан чектеринин байланышы тууралуу маселени чечүү укуктардын жана эркиндиктердин кайсы түрү көңүлгө алынып жаткандыгына жараша болот деп эсептейт [47].

А.И. Павловский укуктук (юридикалык) кепилдиктер менен бирге өзүнө экономикалык, саясий, социалдык. Руханий жана атайын-юридикалык кепилдиктерин камтыган, укуктардын жана эркиндиктердин жалпы кепилдиктерин карайт [48].

С.С.Алексеев [49], Н.В. Витрук [50] инсандын укуктарынын юридикалык кепилдиктерине: укук ченемдери менен бекитилген укук бузуу учурларын аныктоо үчүн көзөмөл жана контролдук чараларын; укук коргоо чараларын; юридикалык жоопкерчилик чаралары; тыюу салуу жана башка укук коргоо чаралары; укук коргоонун процессуалдык формаларын, укук коргоо чараларын колдонуу формаларын кошуп; укук бузууларды алдын алуу жана эскертүү чараларын кошуу зарыл деп эсептешет.

В.С. Афанасьев дагы ушул сыяктуу көз карашты колдойт жана негизинен ушундай эле позицияны карманат [41]. Бирок, ал эки олуттуу тактоону киргизет: биринчиден, кепилдиктерди теориянын алкагында терс таасир катары кароо зарыл. Ааларды билбей туруп, мыйзамдуулукту бекемдөө, инсандын укуктарын камсыз кылуу боюнча натыйжалуу иш жүргүзүү мүмкүн эмес. Экинчиден, кепилдиктер иш жүзүндө өзүнө оң дагы, терс дагы таасирлерди камтыган кандайдыр бир көрүнүштөрдүн, процесстердин жыйындысы сыяктуу иштейт.

Ошентип, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуунун болгон көйгөйлөрүнүн фонунда Кыргыз Республикасында укуктук демократиялык мамлекеттин жана жарандык коомдун түзүлүү шарттарында укуктук кепилдиктерге өзгөчө роль берилет, алардын ичине квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу дагы кирет.

Биринчи параграфты жыйынтыктап жатып, негизги тыянактарды чыгарсак:

1. «Биринчи муундагы» укуктар либералдык коомдун баалуулуктарын жүзөгө ашырды жана юридикалык жактан бекемдеди, ошол эле учурда «экинчи муундагы» укуктар социалдык багыттагы мамлекеттин негизги баалуулуктарын чагылдырат. Ошондуктан диссертанттын пикири боюнча ар кимдин квалификациялуу юридикалык жардам алууга укугунун юридикалык табиятын «экинчи муундагы» укуктардын катарынан чыгарып, Кыргыз Республикасынын Конституциясында камтылган, «ар кимге эркин ой жүгүртүүгө жана өзүнчө пикирге ээ болуу укугу кепилденет...», «ар кимге

анын укуктары менен эркиндигин соттук коргоого кепилдиктер берилет», «ар кимге юридикалык квалификациялуу жардам алуу укугу кепилденет» деген сөздөр менен берилген жана бекитилген укуктук конституциялык кепилдиктер тобуна киргизүү зарыл.

2. Квалификациялуу юридикалык жардамга болгон конституциялык укугу көп аспекттүү укук болуп саналат. Биринчиден, чектөөгө жатпаган өз алдынча жана комплекстүү конституциялык укук катары, экинчиден – адамдын жана жарандын башка конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашырууну жана коргоону камсыз кылуучу конституциялык кепилдиги жана ыкмасы аспектисинде, үчүнчүдөн – конституциялык укуктун маалыматка, конституциялык укуктун укуктардын жана эркиндиктердин мамлекеттик коргоого алууга, жана конституциялык укуктун инсандын кадыр-баркын мамлекеттик коргоого алууга интегралдык туундусу аспектисинде, төртүнчүдөн – белгилүү жыргалчылыктардын берилишин камсыз кылуу менен коомдук турмуштун негизги чөйрөлөрүндө жүзөгө ашырылган, коом, жана жаран ортосундагы мамилелери жана байланыштары аркылуу билдирүү механизми катары болот. Юридикалык укук алууга укуктун өзгөчөлүгү ал жарандардын бири-бирин гана эмес, ошондой эле бүтүндөй мамлекет менен мамилелерин жана байланыштарын түзөт;

3. Изилденип жаткан укук дагы интегралдык татаал түзүлүштөгү укук болуп саналат. Ал укуктун түзүмүнө өз укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын натыйжалуу ишке ашыруу жана коргоо максатында квалификациялуу юридикалык жардамга аны көрсөткөн ар кандай субъекттерине кайрылуу укугу; көрсөтүлгөн юридикалык жардамдын белгилүү мазмунуна жана сапатына болгон укук; мыйзамда каралган учурларда акысыз квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу; юридикалык жардам көрсөтүүчү тийиштүү субъектиден белгилүү активдүү жана натыйжалуу ишти жасоого талап кылуу укугу; квалификациялуу юридикалык жардам, анын ичинде акысыз алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө

маалымат алуу укугу; түшүнүү үчүн жеткиликтүү тилде жана ушул жардамды керектөөчү үчүн ыңгайлуу болгон формаларда квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу; бузулган укукту коргоону талап кылуу укугу кирет.

## 1.2. Чет мамлекеттердин мыйзамдарында жана эл аралык укуктук актыларда квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу

Конституционалдык жана укуктук изилдөөнү талап кылган секторлор аралык проблемалардын арасында квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү маселелери маанилүү орунду ээлейт. Процессуалдык жана өндүрүштүк изилдөөлөрдө квалификациялуу юридикалык жардамды алуу укугунун мазмунун айрым укуктук чөйрөлөргө, атап айтканда, кылмыш же жарандык процессуалдык процесстерге ачууга көп көңүл бурулат, квалификациялуу юридикалык жардам биринчи кезекте конституциялык категория болуп саналат. Негизги Мыйзамда консолидациясы укуктук колдоо субъектиси жана субъектисине карабастан мамлекеттеги юридикалык жардамдын нормативдик мазмунунун принципиалдуу биримдигин жана анын кепилдиктеринин минималдуу деңгээлин камсыз кылууга багытталган, аны камсыз кылуу байланышкан конкреттүү (тармактык) мамилелердин адистешүүсү.

Тиешелүү түрдө социалдык -укуктук мазмундун концепциясын, структуралык курамын, бул категориянын конституциялык консолидациясынын өзгөчөлүктөрүн, анын ичинде байланышкан укуктук түшүнүктөр менен болгон мамилесин, ошондой эле чет өлкөлүк тажрыйбаны жана укуктун белгиленген эл аралык стандарттарын эске алуу менен изилдөө маанилүү. бул чөйрөдөгү мамилелерди жөнгө салуу, жана буга чейин анын негизинде - процессуалдык жана тармактык мыйзамдарда аны конкреттештирүү механизмдери.

Юридикалык жардам институт катары мыйзамдын үстөмдүгү, демократия, урматтоо жана коргоо, жеке кадыр-барк, теңдик, адилеттүүлүк, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин таануу жана коргоо принциптерине негизделген заманбап мамлекеттин негизги мүнөздөмөлөрү менен ажырагыс байланышкан. Бул инсан менен мамлекеттин ортосундагы мамилелердин комплексин чагылдырат, бул адамга ошол социалдык жеңилдиктерди эффективдүү пайдаланууга реалдуу мүмкүнчүлүк берүү, ага жетүү конституциялык түзүлүш жана аракеттеги мыйзамда көрсөтүлгөн инсандын конституциялык-укуктук статусу аркылуу жүзөгө ашырылат.

Коомдук жактан алганда, бул мамилелер коомдук мамилелердин чөйрөлөрү менен коомдо пайда болуп жаткан эмгекти бөлүштүрүүнүн (адистештирүүнүн) ортосундагы объективдүү фактылык айырмачылыктар, ошондой эле коомдук процесстерди татаалдатуунун өзгөрбөс тенденциясы жана ошого жараша алардын ченемдик укуктук ченемдери менен аныкталат. Мындай шартта, жаран тааныган укуктарды, эркиндиктерди жана мыйзамдуу кызыкчылыктарды ишке ашыруу жана коргоо анын укуктук мүмкүнчүлүктөрүнүн мазмунун укуктук аңдоону гана эмес, укуктук билимдин жана укуктук билимдин белгилүү деңгээлин, укуктук ой жүгүртүүсүнүн болушун талап кылат, укуктук тактиканы жана субъективдүү максаттарга жетүү стратегиясын калыптандырууга мүмкүндүк берүүчү көндүмдөр, учурдагы мыйзамдык жөнгө салуунун алкагында, анын ичинде юридикалык практикада иштелип чыккан түшүнүгүн эске алуу менен.

Ушуга ылайык, коомдун укуктук маданиятынын деңгээлин эске алуу менен, укук тартибин орнотуучу мамлекет жарандардын компетенттүү юридикалык жардам берүү жана колдоо механизмин түзүүгө, анын шарттарын жана формаларын айырмалоо мүмкүнчүлүгүнө жараша чакырылат. Тактап айтканда, укуктук мамилелердин белгилүү бир чөйрөсүнүн спецификалык өзгөчөлүктөрү, ал колдогон кызыкчылыктарды ишке ашыруу жана коргоо, укуктук мамилелердин субъекттеринин

өзгөчөлүктөрү, ж.б. Мында мамлекет, кандай болгон күндө да, анын болушун камсыздашы керек.

Ошентип, компетенттүү юридикалык жардам көрсөтүү жана колдоо көрсөтүү мамилелери, конституциялык жана укуктук статусунун эффективдүү иштешин камсыз кылуу катары, укуктук мүнөзү боюнча жалпы конституциялык -укуктук мамилелердин бир бөлүгү болуп саналат, анын негизинде конкреттүү тармактык мамилелер түзүлөт, конкреттүү тарыхый жана социалдык-маданий шарттарды эске алуу менен мыйзам чыгаруучу тарабынан тандалган конституциялык ченемдерди жөнгө салуу моделдеринен жана конкреттештирүү багыттарына жараша ар кандай укуктук формаларда ишке ашышы мүмкүн. Дал ушул конституциялык жана укуктук мамилелер "юридикалык жардам" түшүнүгүндө жол – жоболоштурулган.

Анын мазмуну потенциалдуу түрдө башка деңгээлдеги юридикалык жардамга жана колдоого, ошондой эле натыйжага карата башкача мамилеге мүмкүндүк берет: юридикалык жардам, анын мазмунунда, жардамдын конкреттүү натыйжасын камтышы мүмкүн, же жок болушу мүмкүн юридикалык күч.

Ошол эле учурда, бул конфликттик кырдаалдын болушу менен түздөн-түз байланыштуу эмес, анткени ал башка нерселер менен катар алдын алуучу ("коопсуздук тармагы") жардамды камтыйт.

Жарандык укукта иштелип чыккан жана акы төлөнүүчү юридикалык кызматтарды көрсөтүү келишими түрүндө таризделген "юридикалык кызмат" терминине карата юридикалык жардам жогорку юридикалык жана жөнгө салуучу тартиптин жана кеңири социалдык жана укуктук мазмун. Башкача айтканда, "юридикалык жардам" менен "юридикалык кызматтын" ортосундагы концептуалдык жана семантикалык өз ара аракеттешүү категория (юридикалык жардам) менен түшүнүктүн (юридикалык кызматтын) ортосундагы мамиле катары жана теориясынын көз карашы боюнча берилиши мүмкүн [52].

Ал эми "юридикалык жардам", "юридикалык кызматтар" түшүнүктөрүнө келсек, аларды колдонуу маселеси "юридикалык жардам" менен "юридикалык кызматтын" эквиваленти катары каралышы мүмкүн экенин эске алуу менен чечилиши керек. "Юридикалык" жана "юридикалык" терминдеринин семантикалык дал келүүсү, мыйзамдардын укуктук аныктыгынын конституциялык талабынан жана юридикалык ченемдерден келип чыгышы мүмкүн болгон юридикалык жактардын эки эсе логикалык жана юридикалык жол берилбестигин эске албаганда колдонулушу мүмкүн эмес. Учурдагы юридикалык практикада юридикалык жардам көбүнчө мамлекеттер аралык укуктук кызматташтык мамилелерин аныктайт. Демек, учурдагы укуктук жөнгө салуунун шартында "юридикалык жардам" жана "юридикалык жардам" предметтик курамы боюнча сапаттык жактан айырмаланган кубулуштарды мүнөздөйт. Бүгүнкү күндө юридикалык жардам көрсөтүү боюнча коомдук байланыштар гуманитардык багыттагы бир катар эл аралык укуктук актыларда жөнгө салынган - жалпы, универсалдуу жана өзгөчө.

Атап айтканда, БУУнун Сегизинчи Конгресси тарабынан кылмыштуулуктун алдын алуу жана укук бузуучуларга мамиле кылуу боюнча кабыл алынган Адвокаттардын ролу боюнча Негизги Принциптер өзгөчө принциптердин катарына кирет [53].

Алар ар бир адамдын укуктарын коргоого жана коргоого жана жазык сот өндүрүшүнүн бардык стадияларында аны коргоого жардам сурап кайрылуу укугун, адвокаттарга эффективдүү жана бирдей жеткиликтүүлүктүн эффективдүү жол-жоболорун жана ийкемдүү механизмдерин камсыздоо боюнча өкмөттүн милдеттенмесин караштырат. Анын аймагындагы бардык адамдар үчүн жана юрисдикцияга таандык, эч кандай айырмасы жок жана жакырларга жана зарыл болгон учурда башка алсыз адамдарга юридикалык кызмат көрсөтүү үчүн жетиштүү финансылык жана башка каражаттарды берүү.

Бул ошондой эле 1990 -жылдын 29 -июнунда кол коюлган ЕККУнун Адамдык Өлчөмү боюнча Конференциянын Копенгаген Жолугушуусунун Документи болуп саналат, анда катышуучу мамлекеттердин "адам укуктары жана негизги эркиндиктери бузулган учурларда, колдо болгон эффективдүү каражаттарга, анын ичинде жеке адамдын адекваттуу юридикалык жардам суроо жана алуу укугу кирет.

БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 1988 -жылы кабыл алынган Коргоо Принциптеринин Кодексине ылайык, кармалган же каалаган түрүндө эркинен ажыратылган бардык адамдар, кармалган адам адвокаттан юридикалык жардам алууга укуктуу [54]. Ал камакка алынгандан көп өтпөй, өзүнүн укугу жөнүндө компетенттүү органга маалымдалат жана ага бул укукту ишке ашыруу үчүн акылга сыярлык мүмкүнчүлүктөр берилет, эгерде кармалган адамдын өз тандоосу боюнча адвокаты жок болсо, ал бардык учурларда адилеттүүлүк кызыкчылыктары талап кылат, эгерде бул адамдын жетиштүү каражаты болбосо, анын кызматына акы төлөбөстөн, сот же башка бийлик тарабынан дайындалган адвокаттын кызматынан пайдаланууга укуктуу. Кармалган же камалган адам адвокат менен байланышууга жана кеңеш алууга укуктуу; кармалган же камалган адамга адвокаты менен кеңешүү үчүн зарыл болгон убакыт жана шарттар берилет.

Жашы жете электерге жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга юридикалык жардам көрсөтүү боюнча атайын жоболор тиешелүү түрдө БУУнун Башкы Ассамблеясынын 45/113 резолюциясы менен 1990 -жылдын 14 -декабрында кабыл алынган Бириккен Улуттар Уюмунун эркиндигинен ажыратылган өспүрүмдөрдү коргоо эрежелеринде жазылган (а пунктчасы, 18 -пункт) жана 1975 -жылдын 9-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 3447 резолюциясы менен кабыл алынган ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктары жөнүндө Декларациясында (11 -бет).

Тигил же бул формада юридикалык жардам көрсөтүү боюнча мамилелердин конституциялык жана укуктук мааниси чет мамлекеттердин

басымдуу көпчүлүгүндө таанылган, алардын конституциясында төмөнкүлөр белгиленген:

а) адвокат аркылуу коргоо укугу же түздөн-түз юридикалык жардам алуу укугу  адамга карата жазык куугунтугун жүзөгө ашырууга байланыштуу;

б) юридикалык коргонуу укугу же сот адилеттигинин ар кандай түрүн жүзөгө ашырууда юридикалык жардам алуу укугу (сорт катары же соттук коргоого укукка байланыштуу);

в) ишти сотто же башка мамлекеттик органда кароодо юридикалык жардам алуу укугу;

г) аны көрсөтүүнүн негиздерин жана шарттарын көрсөтпөстөн юридикалык жардам алуу укугу.

Колдонуудагы КР Конституцияны даярдоодо эл аралык укуктук практикада жана чет өлкөлүк конституционализмде калыптанган квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү принциптери жана стандарттары эске алынган. Ал төмөнкү элементтерди камтыган квалификациялуу юридикалык жардамдын татаал конституциялык -укуктук институтун түзгөн тиешелүү коомдук мамилелерди өтө деталдуу жөнгө салууну камтыйт.

Биринчиден, квалификациялуу юридикалык жардам институтунун субъективдүү-индивидуалдык (камсыздоочу-милдеттүү) мүнөздөмөсү, индивиддин тиешелүү конституциялык укугун белгилөөдөн турат.

Белгилей кетүүчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин курулушунун логикасы квалификациялуу юридикалык жардамды алуу укугу адвокаттын жардамынан пайдалануу укугуна түздөн-түз байланыштуу эмес, бирок ага карата иш-аракет кылат.

Башкача айтканда, квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу ченемдик мазмуну боюнча кененирээк жана бай; ал мыйзамдын практикасы менен гана чектелбейт, бирок, мисалы, нотариалдык, юридикалык жардамдын башка түрлөрүн камтыйт, алар жеке адамдын жана бийликтин

ортосунда мыйзамдын негизинде гармониялуу мамилелерди түзүүдө чечүүчү мааниге ээ [29].

Ушуга байланыштуу, конституциялык укуктун ички теориясында иштелип чыккан, квалификациялуу юридикалык жардам алууга конституциялык укуктун мазмунун түшүнүү үчүн иштелип чыккан мамилеге макул болуу керек, мында адвокатка, нотариуска, мамлекеттик, муниципалдык же башка орган бузулган укуктарды коргоо, субъективдүү укуктарды укуктук жактан бекемдөө жана келечекте мүмкүн болуучу бузуулардын алдын алуу боюнча юридикалык консультацияларды алууга.

Дагы белгилей кетүүчү нерсе, каралып жаткан конституциялык укук Кыргыз Республикасынын Конституциясында ар бир адамдын укугу катары жазылган, башкача айтканда, анын предметтик курамына эч кандай конституциялык чектөөлөр менен байланышкан эмес, демек, атап айтканда, аны чектөө адамдын укук тармагындагы билиминин негизинде мыйзамсыз.

Экинчиден, Кыргыз Республикасынын Конституциясы квалификациялуу юридикалык жардам институтунун коомдук укуктук негиздерин жана анын ишке ашырылышын, тактап айтканда, сот өндүрүшү чөйрөсүн камтыйт.

Чынында эле, юридикалык жардам көрсөтүү боюнча коомдук байланыштар компетенттүү юридикалык адистин жардамы менен белгилүү бир мыйзамдуу максатка жетүү менен байланышкан субъективдүү кызыкчылыкты канааттандыруу боюнча жеке талаптарды камтыбайт.

Алар ошондой эле юридикалык кызматтарга бардыгынын жеткиликтүүлүгүнүн адекваттуу кепилдиктерин камсыз кылуу боюнча мамлекеттин конституциялык милдеттенмесин жана юридикалык жактан маанилүү иш-аракеттерди жасоого кызыкдар болгон ар бир адам тарабынан укук тармагына квалификациялуу адистерди тартуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу боюнча тийиштүү субъекттер тарабынан өз ара байланышта. Мына ошондуктан алар коомдук кызыкчылыкты камтыйт жана юридикалык кызмат көрсөтүүнүн коомдук укуктук мааниси бар.

Юридикалык жардам көрсөтүү боюнча мамилелердин мүнөзүндөгү коомдук принциптер, ошондой эле, алар сот өндүрүшү жаатында эң көп суроо талапка ээ болгондугуна байланыштуу, демек, алар соттук коргоо укугун ишке ашырууга байланыштуу пайда болгондо, алар сот органдарынын институттарынын иштеши менен бирге жүрөт.

Акырында, үчүнчүдөн, квалификациялуу юридикалык жардамды конституциялык жөнгө салуу мамлекеттин ага кепилдик берүү боюнча конституциялык милдеттерин, бул укукту чектөөгө жол берилбестигин, ошондой эле юридикалык кызмат көрсөтүүнүн сапаты үчүн жоопкерчиликти аныктайт.

Мамлекеттин тийиштүү конституциялык милдеттенмелерин белгилөө менен, Кыргыз Республикасынын Конституциясы, ошол эле учурда, аларды ишке ашыруу жолдорун тандоодо мыйзам чыгаруучуну чектебейт. Башкача айтканда, мыйзам чыгаруучунун бул чөйрөдөгү ыйгарым укуктары дискрециялык болуп саналат, бул ага квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү үчүн укуктук жөнгө салуунун ар кандай моделдерин, анын ичинде мамлекеттин жана коомдун өнүгүүсүнүн конкреттүү тарыхый шарттарына жараша тандоого мүмкүндүк берет. Буга чейин колдонулган моделдердин тигил же бул түрүн ишке ашыруу көрсөткүчтөрү.

Квалификациялуу юридикалык жардам институтун конституциялык жөнгө салуунун мазмуну жөнүндө сөз кылып жатып, ал бул коомдук мамилелердин конституциялык консолидациясы менен гана эмес, жалпы эл аралык принциптердин жана ченемдердин камтылганына көңүл буруу зарыл. Мыйзам, ага ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясында көрсөтүлгөндөй, Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин тааныйт жана кепилдик берет.

Дүйнөнүн көпчүлүк укуктук тутумдарында калктын камсыз болбогон катмарынын өкүлдөрүнө ар кандай юридикалык жардамдын түрлөрүн көрсөтүү узак убакыт бою салт болуп келген.

Сот адилеттигине жетүү укугунун примитивдүү формасы 1400-жылдары Англияда белгиленген. 1495-жылы Генрих VII Статуту жалпы юрисдикциядагы соттордо жарандык процесстерге катышкан колунда жокторго карата бардык жыйымдарды жокко чыгарган жана ошондой эле сотторго сотто көрсөтүлгөн адамдардын өкүлү катары, өз кызматы үчүн акы албаган юристтерди даярдоого укук берген. 19-кылым ичинде континенталдык укук тутумунун мамлекеттеринин көпчүлүгү тиешелүү ченемдик-укуктук актылары «кедей адам» принцибин камтыган. Ал кедей адамдар соттук жыйымдарынан бошотулган жана ал адамдар акысыз адвокаттардын кызмат көрсөтүүлөрүн алууга укугу бар дегенди түшүндүргөн.

Юристтер өзүнүн кесиптик ишин коомдук башталышта дагы ишке ашыруусу зарыл болгон. Жаңыдан гана пайда болуп келе жаткан юридикалык жардам институту биринчи кезекте сот тартибинде иштин каралышында жардам көрсөтүүнү көздөгөн. Ыктыярдуу негизде, сот процессинен тышкары жана башка маселелер боюнча юридикалык кеп-кеңештер кесиптик бирикмелер жана чиркөөлөр сыяктуу уюмдар тарабынан берилип келген.

Болжол менен 1940-1950-жылдарга чейин мамлекет тарабынан каржыланган юридикалык жардам көрсөтүүнүн комплекстүү түшүнүгү жана негиздери ченемдик жактан бекитилген эмес.

1949-жылы Англияда, ал эми 1951-жылы Канадада, Онтарио провинциясында юридикалык жардам тутуму түзүлгөн. Аталган тутумдар юридикалык кеп-кеңештер жана сотто өкүлчүлүк кылуу түрүндө, жетишерлик чектелген көлөмдө юридикалык жардам көрсөтүүнү билдирген. Ал кандай болбосун, кардарлар финансылык абалына жараша төлөй алган кызмат көрсөтүүлөрдүн топтомуна ылайык келген. Ошентип, анын ичинде формалдуу теңчилик принциби сакталган. Бул алгачкы юридикалык жардам көрсөтүү схемаларында кылмыш-жаза укугуна артыкчылык берилген,

себеби, айтылгандай, мындай учурларда жеке эркиндик коркунуч алдында турат.

Е. Скиннидердин пикири боюнча 1960-жылдар жалпы юридикалык жардам жана юридикалык кызмат көрсөтүүлөрдүн концепциясын түшүнүү үчүн ырааттуу мамиле менен мүнөздөлөт, өзгөчө АКШда. АКШ президенти Линдон Джонсондун «жакырчылык менен күрөшү» жакырчылыкты тамыры менен жок кылуу максатын көздөгөн. Өз финансылык абалына байланыштуу камсыз болбогон адамдар, башкача айтканда калктын колунда жок катмары үчүн мыйзамдардын жоболору, кызмат адамдарынын өз ыйгарым укуктарын кыянаттык менен колдонуу сыяктуу көйгөйлөрү пайда болгон. Ал жагдай социалдык камсыз кылуудан баштап үй-бүлөлүккө чейинки кеңири укуктук маселелер боюнча кедейлерге юридикалык жардам көрсөтүүчү уюмдарды түзүүгө алып келген.

1960-жылдардын аягында калктын кедей катмарынын өкүлдөрүнө юридикалык жардам көрсөтүүнүн жаңыланган концепциясы сот адилеттигине жетүү концепциясынын алгачкы пайда болушуна алып келди. Ал натыйжалуу юридикалык кеп-кеңештерге жана сотто өкүлчүлүккө жетүүнү гана эмес, тийиштүү маалымат берүү жана окутуу, мыйзамдарды реформалоо жана калктын канааттандырылбаган керектөөлөрүн эске алууга даярдыкты дагы билдирет.

Чет өлкөлүк конституцияларды изилдеп жатып, азыркы убакта чет мамлекеттердин конституцияларынын көпчүлүгүндө квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу ар кандай варианттарда бекитилгенин белгилеп кетүү зарыл. Тарыхый жагынан алганда, берилген укук 1787-жылдагы АКШнын Конституциясынын VI түзөтүүсүндө бекитилген фактысы далил.

Укуктар жөнүндө америкалык Биллдин беренеси деп белгилүү болгон 1791-жылдагы АКШнын Конституциясынын VI түзөтүүсүндө төмөнкүдөй айтылат [55]:

Бардык кылмыштык артынан түшүү учурларында, айыпталуучу кылмыш жасалган штаттын жана аймактын калыс сот арачыларынын ишенимдүү жана коомдук сотуна укуктуу. Айыпталуучу айыптоонун мүнөзү жана жүйөсү жөнүндө ага маалымдоону жана ага каршы көрсөткөн күбөлөр менен беттештирүүнү талап кылууга укуктуу, ошондой эле айыпталуучу өзүнүн күбөлөрүн мажбурлап чакырууну жана коргоо үчүн адвокаттын жардамы менен пайдаланууну талап кыла алат.

Ошентип, «коргоо үчүн адвокаттын жардамы менен пайдалануу» деген сөздөн баштап каралып жаткан институтунун конституциялык бекитүү тарыхы башталат.

Аны менен бирге, 200 жылга жакын квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу дүйнө өлкөлөрүнүн көпчүлүгүнүн конституцияларында жок болгон. Мисалы, Бельгиянын (1831), Аргентинанын (1853), Швейцариянын (1874), Ирландиянын (1937), Италиянын (1948), Германиянын (1949), Даниянын (1953), Франциянын (1958), Грециянын (1975) конституцияларында ал жөнүндө айтылбайт. Бардык жагынан прогресивдүү 1917-жылдагы Мексиканын Конституциясы жана америкалык оккупациялык бийликтин мажбурлоосу менен жазылган согуштан кийинки 1947-жылдагы Жапониянын Конституциясы гана өзгөчөлөнүп турат.

Өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдүн конституциялык укугунда юридикалык жардамга укугу XX кылымдын 70-жылдарында гана бекитиле баштады. Мисалы, Португалиянын 1979-жылдагы прогрессивдүү Конституциясында бул укук «Укуктук актыларга жана сотторго жетүү» 20-беренесинде бекитилген, ал төмөнкүдөй берилет:

1.Ар кимге укуктук актыларга жетүү жана сотто анын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо кепилденет, болгондо да экономикалык каражаттардын жетишсиздигинин натыйжасында сот адилеттигиннен баш тартылышы мүмкүн эмес.

3.Ар ким мыйзамга ылайык юридикалык маалымат жана кеп-кеңеш алууга, ошондой эле соттук коргоого укуктуу [56].

Кийинчирээк квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу Испаниянын 1978-жылдагы Конституциясы [57], Канаданын укуктар жана эркиндиктер Хартиясы (1982-жылдагы Конституциялык актыга «В» тиркемеси) [58], 1988-жылдын 29-ноябрындагы «Жеке эркиндикти сактоо жөнүндө» Австралиянын Федералдык конституциялык мыйзамы [59] менен бекитилген.

Бир катар Батыш Европа мамлекеттеринде юридикалык жардам алуу укугу Негизги мыйзам текстинде түздөн-түз бекитилгин эмес, бирок ал башка жалпы конституциялык принциптердин негизинде конституциялык юстиция органдары менен берилген жана өнүктүрүлгөн. Мисалы, Италиянын Конституциясында «коргоо - процесстин кайсыл болбосун стадиясында жана ар кандай түрлөрүндө бузулбай турган укук болуп саналат» (24-берене) деген ченем камтылган [60]. Коргоо укугу фашизм учурунда Италияда олуттуу бузулган, ошондуктан ал Конституциялык сот тарабынан өзгөчө көңүлгө алуу объектиси болгон. Ал формалдык өндүрүш (суракта, тергөө экспериментинде, тинтүүдө жана таанууда коргоочунун катышуу укугу, тергөөчүнүн коргоочуну өткөрүлө турган жол-жоболор жөнүндө бир суткадан эрте эмес маалымдоо милдети, коргоочунун сурак протоколдорунун көчүрмөлөрүн алуу укугу жана башкалар) үчүн каралган кепилдиктерден четтөөгө жол берген Жазык-процесстик кодексинин 392-беренесинин бөлүгүн жана полициялык алгачкы текшерүүнүн жүрүшүндө коргоо укугунан ажыратылышына жол берген ЖПК 222 жана 223-беренелеринин талаптарын конституциялык эмес деп жарыялады.

Азыркы учурда көп чет мамлекеттердин заманбап конституцияларында квалификациялуу юридикалык жардам алууга укукту бекитүү эреже болуп саналат.

Мисалы, Жапониянын конституциясы ар кимге, айыпталуучу квалификациялуу адвокаттын жардамына өзү кайрыла албаган учурда дагы квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун кепилдейт. Бул учурда коргоочуну мамлекет дайындайт. Жапониянын мыйзамдарына ылайык

Конституциянын 34 жана 37-беренесинин негизинде милдеттүү түрдө адвокат дайындалат. Ал беренелерде, эгерде ага айыптоо дароо билдирилбесе жана адвокатка кайрылууга укук берилбесе, эч ким кармалбайт же эркиндигинен ажыратылбайт деген ченем бекитилген [61]. Ошондой эле кармалган адам жана анын адвокатынын катышуусунда соттун ачык жыйынында билдирилүүгө тийиш болгон жетиштүү негиздер болгондо гана кармоого укук бекитилет.

Жапониянын мыйзамындагы квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча конституциялык кепилдик андан ары өнүккөн жана 1949-жылдагы Иштеп жаткан адвокаттар жөнүндө мыйзамында гана эмес, 2004-жылдын 2-июнундагы «Ар тараптуу юридикалык колдоо жөнүндө» мыйзамында [61] дагы бекитилген. 2004-жылдагы Мыйзамга ылайык адвокаттык юридикалык жардам соттор, соттордун өкүлдөрү, судьялар тарабынан жашы жетелек, жабыркагандар адамдарга, ошондой эле алардын үй-бүлөлөрүнүн мүчөлөрүнө (жасалган кылмыштан жабыркаган үй-бүлө мүчөлөрүнө; алардын жубайларына, өлүм же болбосо кандайдыр бир олуттууу физикалык же көңүлүн ооруткан учурларда жакын бир тууганадарына), кылмыш жасагандыгы үчүн жоопкер же шектүүлөргө, Жапониянын Жазык-процесстик кодексине ылайык, алардын сот өндүрүшүнө катышууга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана кылмыштардан жабыркагандарды жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүн колдоо жана келтирилген зыян үчүн компенсация тутумун толук пайдалануу үчүн дайындалат.

Бразилиянын Конституциясында юридикалык жардам укугуна өзгөчө көңүл бөлүнөт. Бул укук болушунун юридикалык негизи болуп «мамлекет өз каражаттарынын жетишсиздигин далилдей ала турган адамдарга жалпы жана акысыз юридикалык жардам берет» [62] деп белгилеген 5-беренесинин XXV абзацы эсептелет. Кошумча кепилдиктер көрсөтүлгөн березенин XXXVIII абзацы менен (сот арачылар сотунда коргоо укугунун толуктугу), (сот жана административдик процесстеги адамдарга жана соттолуучулардын баарына

толук жана өз убагындагы коргоо, ошондой эле бул учурда зарыл болгон каражаттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү алуу укугу камсыз кылынат) жана (кандай болбосун камакка алынган адамга адвокаттын жардамы кепилденет) каралган.

Ар ким жарандык, жазык жана административдик процессте анын кызыкчылыктарын коргоодо юридикалык жардам алуу укугуна ээ, - деп Нидерландынын Конституциясынын 18-беренесинин 1-бөлүгүндө айтылат, бирок ошол эле берененин 2-бөлүгүндө аз камсыз болгон жактарга юридикалык жардам көрсөтүү тартиби Парламенттин актысы менен белгиленет деп берилет [63]. Швейцариянын Конституциясында төмөнкүлөрдөй берилет: жетиштүү каражаттарын жок ар бир адам... акысыз юридикалык жардам алууга укуктуу. Андан тышкары, адам анын укуктарын коргоого талап кылынган деңгээлде акысыз адвокаттын юридикалык жардамын алууга укуктуу (29-б. 3-п.)

Испаниянын Конституциясынын 24-беренесинин 2-пунктунун негизинде бардыгы адвокаттык жардам менен пайдалануу укугун кошуп коргоо укугуна ээ. Ал эми 17-берененин 3-пунктуна ылайык полиция жана сот актыларын ишке ашырууда ар бир кармалган адамга адвокаттын жардамы кепилденет. Испаниянын негизги Мыйзамында юридикалык жардам алуу укугуна карата атайын эскертме бар экенин белгилей кетүү керек - анын иш-аракети өзгөчө абал киргизилгени менен токтотулбайт (55-б.).

Кыргыз Республикасынын 61-беренесинде бекитилген жобо менен Азербайжандын Конституциясынын 61-беренесинин, Армениянын Конституциясынын 40-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнүн, Казакстандын Конституциясынын 13-беренесинин 3-бөлүгүнүн жана 16-беренесинин 3-бөлүгүнүн, Россия Федерациясынын Конституциясынын 48-беренесинин, Украинанын Конституциясынын 29-беренесинин 4-бөлүгүнүн баяндалышы окшошуп кетет. Кээ бир КМШ өлкөлөрүнүн Конституцияларында, жана башка мамлекеттердин жогоруда белгилен бир катар Негизги

мыйзамдарындай эле юридикалык жардам укугу бир нече кыскартылган түрдө, алдын ала тергөөнүн жана (же) сот өндүрүшүнүн алкагында анын иш аракетин чектөө менен бекитилет – Молдованын Конституциясынын 26-беренеси, Тажикстандын Конституциясы 92-беренеси, Туркменстандын Конституциясы 108-беренеси, Өзбекстандын Конституциясынын 116-беренеси.

Омандын, Гайандын, Лаостун, Жапониянын, Бириккен Араб Эмираттарынын, Ирандын, Йемендин, Филиппиндин, Бахрейндин, Вьетнамдын жана башка бир катар мамлекеттердин Конституциялары квалификациялуу юридикалык жардамды жазык процессинде гана кепилдейт.

Германия Федеративдик Республикасынын Негизги мыйзамын өзгөчө белгилеп кетүү зарыл. Ал юридикалык жардам алуу укугунун жалпы таралган конкреттештирүү формасын кабыл алган эмес жана «ишеним артуучу жак» институтун киргизген. Германия Федеративдик Республикасынын Негизги мыйзамынын 104-беренесинде «эркиндигинен ажыратуу же камакка алуунун узартылышы жөнүндө буйругу менен соттун ар бир чечими тууралуу кармалган адамдын бир тууганы же анын ишенимин арткан адамга кечиктирилгис маалымдалышы керек» деген ченем камтылган.

Франция Республикасынын Конституциясынын (1958-ж.) сот бийлиги жөнүндө бөлүгүндө коргоо тууралуу айтылбайт. 1971-жылдын 31-декабрындагы №71-1130 айрым сот жана юридикалык кесиптердин реформасы жөнүндө Франциянын Мыйзамында «адвокаттар сот адилеттигинин жардамчысы болуп саналат» деп айтылат [64]. Бул функцияны жүзөгө ашыруу менен, адвокаттар кардарларга сот иштери боюнча юридикалык жардам көрсөтүшөт, соттук жана соттук эмес мекемелерде тараптардын атынан чыгышат, жазык иштери боюнча коргоону ишке ашырышат. Мамлекеттик башкаруу органдарында кардарлардын кызыкчылыктарын талашат, Соода шериктештиктеринин көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөсүнүн, мындай коомдун администраторунун функцияларын

аткарат (мындай функцияны адвокатурада 6 жылдан кем эмес эмгек стажы бар адвокаттар гана өзүнө алалат). Француз укугунун «тийиштүү укуктук жолжоболор» принциби менен теңдеш эрежеси бар: эч кимге, кызыкдар адамга анын күнөөсү катары аныкталгандардын баарын билүүгө, өзүнүн коргоосунда жүйөлөрдү даярдоого жана көрсөтүүгө мүмкүндүк берген атайын жол-жоболорсуз анын инсандыгына, эркиндигине, мыйзамдуу укуктарына жана кызыкчылыктарына таасир берүүчү санкциялар салынбашы керек.

Балтика өлкөлөрүнүн конституциялары юридикалык жардам боюнча жалпы жоболорду камтыйт. Мисалы, Латвия Республикасы 1922 -жылкы Конституцияны 1992 -жылдагы Адамдын жана жарандын укуктары жана милдеттери жөнүндө конституциялык Мыйзам менен толуктоо менен калыбына келтирди. Бул толуктоонун 18 -беренеси соттук коргоого жана юридикалык жардамга ээ. Кармалган учурдан тартып адвокат чакыруу укугу Литва Республикасынын Конституциясынын 15 -беренеси менен да кепилденген. Эстония Республикасынын Конституциясы (1992) жетишерлик деталдуу мыйзам ченемдерин камтыйт: "Кылмыш жасаган деп шектелген адамга дароо адвокат тандоо жана аны менен жолугушуу мүмкүнчүлүгү берилет", ошондой эле жакындарына маалымат берилет эркиндигинен ажыратуу жөнүндө (21 -пункт).

Польшанын Конституциясы (1997-ж.) «ага каршы жазык өндүрүшү жүргүзүлүп жаткан ар бир адамга» коргоого жана өз тандоосу боюнча дагы, дайындалган боюнча дагы коргоочунун жардамына болгон укукту кепилдейт (42-б. 2-б.) [65].

Марокконун, Канаданын, Малайзиянын, Индиянын, Сингапурдун, Түштүк Кореянын Конституциялары жазык процессинде гана эмес, кандай негиз болбосун бардык кармоо жана камакка алуу учурларында дагы акысыз юридикалык жардамды кепилдейт. Нидерланды жана Тайланддын Конституциялары жазык куугунтугу менен катар административдик жана жарандык процессте укуктук жардамды кепилдейт. Бразилиянын, Ирандын

жана Чилинин Конституциялары дагы административдик процессте, ал эми Кипрдин Конституциясы – сот адилеттигинин кызыкчылыктары талап кылган бардык учурларда юридикалык жардамды кепилдейт.

Бир катар мамлекеттердин Негизги мыйзамдарында юридикалык маселелер боюнча кеп-кеңеш берүү жана коргоону ишке ашыруу укугуна адвокат гана ээ экенин белгилеп кетүү зарыл. Соттук өкүлчүлүк жана укуктук кеп-кеңеш берүү боюнча адвокаттардын монополиясы мыйзамдуу бекитилген Европа мамлекеттеринин ичинен Германияны, Люксенбургду, Грецияны, Францияны жана Италияны атап кетүү зарыл.

Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигине кирген өлкөлөрдүн Конституцияларынын текстеринде көп учурда ар кимдин юридикалык жардамга болгон укугу жөнүндө ченем камтылат. Аны менен бирге адвокаттын укуктук жардамы менен пайдалануу укугу бардык учурларда, Кыргыз Республикасынын Конституциясында дагы, жазык сот өндүрүшүн ишке ашыруу менен дагы байланышкан.

Мисалы, Молдова Республикасынын Конституциясынын «Коргоого укук» деп аталган 26-беренесинин 2 бөлүгүндө төмөнкүдөй берилет: «Толук процесстин жүрүшүндө тараптар тандаган же дайындалган адвокаттын жардамы менен пайдаланууга укуктуу» [66]. Бул жерде жазык процесси тууралуу айтылып жатканын болжолдосо болот, бирок ал такталган эмес. Жазык сот өндүрүшүнө мүнөздүү болгон коргоого укук жөнүндө сөз болуп жатат; адвокатты «дайындоо» термини дагы ошол эле жөнүндө.

Ушул Конституциянын 26-беренесинин 3-бөлүгүн белгилеп кетүү маанилүү: «Белгиленген чектерде коргоону ишке ашырган жактардын ишине кийлигишүү мыйзам менен жазаланат». Жогоруда байкалгандай, адвокаттын көз карандысыздык маселеси конституциялык негизге ээ болду. Бирок, бул жобо өкүл-адвокатка дагы жайылтылабы, белгисиз. Молдованын Конституциясы башка укуктук жардам маселелерин дагы карабайт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин аныктамасына жакын вариант Казакстандын Конституциясында камтылган: «Ар ким квалификациялуу юридикалык жардам алууга укуктуу» [62].

Ушуга окшош аныктамалар Тажикстандын (19-б. 2-б.), Кыргызстандын (61-б.), Грузиянын (18-б.) Конституцияларынын тексттеринде камтылат. Аны менен катар белгилүү айырмачылыктары бар. Мисалы, Грузиянын Конституциясында жазык процессиндеги жардам жөнүндө берилет жана башка учурларда юридикалык жардам көрсөтүү тууралуу айтылбайт. Тажикстан жана Туркменстандын Конституцияларында юридикалык жардам дагы жана кесипкөйлүк коргоо жөнүндө дагы ченем жок, ал эми Азербайжандын - 61-б., Арменияныын – 40-б. Конституцияларында адвокат жөнүндө эмес, аныкталбаган коргоочу тууралуу берилет.

Беларусь Республикасынын Конституциясы жазык процессинде квалификациялуу юридикалык жардам жана адвокаттын ролу жөнүндө жетишерлик толук жана алгылыктуу аныктаманы камтыйт. Бул аныктаманы толугу менен берүү максатка ылайык деп чечтик, анткени ал адвокатуранын чыныгы статусун көбүн эсе толугураак чагылдырат жана башка мамлекеттердин конституцияларында колдонулушу мүмкүн:

«Ар ким укуктарын жана эркиндиктерин коргоону ишке ашыруу үчүн квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугуна, анын ичинде сотто, башка мамлекеттик органдарда, жергиликүү башкаруу органдарында, мекемелерде, уюмдарда, коомдук бирикмелерде жана кызмат адамдары жанажарандар менен болгон мамилелерде ар убакта адвокаттардын жана башка өзүнүн өкүлдөрүнүн жардамы менен пайдалануу укугуна ээ. Мыйзамда каралган учурларда юридикалык жардам мамлекеттик каражаттардын эсебинен көрсөтүлөт. Беларусь Республикасында укуктук жардам көрсөтүүдө каршылык көрсөтүүгө тыюу салынган» (62-б.) [67].

Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү маселелери көптөгөн эл аралык укуктук актылар менен регламенттелген. Мындай документтердин бири болуп 1948-жылдын 10-декабрында кабыл алынган Адам укуктарынын

Жалпы Декларациясы эсептелет. Декларациянын 11-беренесине ылайык: «кылмыш жасагандыгы үчүн айыпталуучу ар бир адам ага коргонуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу менен, ачык соттук териштирүү жолу менен мыйзамдуу тартипте анын күнөөсү аныкталганга чейин күнөөсүз деп эсептелүүгө укуктуу» [68].

Декларациянын негизги ченеми 1966-жылдын 16-декабрында жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактта өз өнүгүшүн тапкан. Пакттын 14-беренесинин 3-пункту төмөнкүнү белгилейт: «ар ким ага кандай болбосун көрсөтүлгөн жазык айыптоосун кароодо толук теңдиктин негизинде жок дегенде төмөнкүдөй кепилдиктерге укуктуу», анын ичинде:

«а) өзүнүн коргоосун жетиштүү убактысы жана мүмкүнчүлүгү болушу жана өзү тандаган коргоочусу менен байланышта болуусу зарыл;

б) анын катышуусу менен соттолгон болуусу жана жеке өзү же өзү тандаган коргоочунун жардамы менен өзүн коргоо; эгер анын коргоочусу жок болсо, бул укук жөнүндө маалым болушу керек жана кандай учур болбосун, эгер ал коргоочуга төлөп бергенге жетишерлик каражаты жок болсо, сот адилеттигинин кызыкчылыктары талап кылгандай ушул сыяктуу учурларда ал үчүн акысыз ага белгиленген коргоочусу болушу зарыл» [69].

1966-жылдагы Пакттын 14-беренесинин жогоруда келтирилген аныктамасы бир нече постулаттарды камтыйт, тактап айтканда:

1. адамдын квалификациялуу юридикалык жардам алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө кабардар болуу укугу;
2. макулдашуу боюнча адамдын коргоочусу жок болгон учурда, коргоочуну дайындоо укугу;
3. дайындалган коргоочунун кызмат көрсөтүүлөрүн төлөөгө жетишерлик каражаты жок болгон шартта анын жардамына болгон укук;
4. коргоочунун ушул жардамы дал ушул адам үчүн кайтарымсыздыгы (бул адвокаттын ушул иши акысыз дегенди билдирбейт).

Бул эл аралык ченемдер кылмыштуулукту алдын алуу жана укук бузуучуларга болгон мамиле боюнча БУУнун сегизинчи Конгресси

тарабынан кабыл алынган жана БУУнун Башкы Ассамблеясынын 45-сессиясы менен жактырылган Адвокаттын ролуна тийешелүү негизги принциптери жөнүндө документтерде конкреттештирилген (1990-жылдын 14-декабрындагы № 45/121 резолюциясы)[70].

Кийинки эл аралык документтерде юридикалык жардам жана коргоочулардын жана адвокаттардын иши жөнүндө маселелердин, алардын соттук коргоо ыкмаларынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу каражаты катары чоң ролун эске алуу менен уламдан-улам алардын орду чоң болуп келет.

1989-жылдын 9-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын кырк үчүнчү сессиясы менен бекитилген "Кармоого же кандай гана формада болбосун камакка алынууга жаткан бардык адамдарды коргоо принциптеринин жыйындысындагы» айыпталуучунун кызыкчылыктарын кесипкөйлүү коргоо жөнүндө жобо мисал боло алат. Көрсөтүлгөн документтин 17-Принцибинде төмөнкүдөй берилет: «Кармалган адам адвокат тарабынан көрсөтүлгөн юридикалык жардам алууга укуктуу. Эгерде кармалган адам өзүнүн тандоосу боюнча адвокаты жок болсо, ал сот адилеттигинин кызыкчылыктары талап кылгандай бардык учурларда, ал үчүн сот же башка органдары менен дайындалган адвокаттын кызмат көрсөтүүлөрү менен, эгерде адамдын жетишерлик акча каражаты жок болсо, ал кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөбөй пайдаланууга укуктуу» [71].

Ошондой эле кылмыштуулукту алдын алуу жана укук бузуучуларды кароо боюнча БУУнун сегизинчи Конгресси тарабынан кабыл алынган «Юристтердин ролуна тиешелүү негизги принциптер» деген эл аралык актыны дагы белгилей кетүү зарыл (1990-ж. 27-август – 7-сентябрь, Гавана ш.) [72]. Көрсөтүлгөн документ негизинен маанилүү сунуштамалардын чоң көлөмүн камтыйт. Алардын негизги багыты – цивилизациялуу, укуктуу мамлекет жана адам укуктары жөнүндө заманбап сунуштарга ылайык келген юридикалык жардамга муктаж болгондор менен юристтердин өз ара иштешүү ыкмаларын, квалификациялуу юридикалык кадрларды даярдоодо

мамлекеттин катышуу, колунда жокторго укуктук жардам көрсөтүү, адвокаттардын ишин жана башкаларды кепилдиктер менен камсыз кылуу ыкмаларын аныктоо. Алардын квалификациялуу юридикалык жардамдын укуктук жана уюштуруучулук кепилдиктерине тиешелүү конституциялык принциптерди жана ченемдерди камсыз кылууда маанилүүлүгүн белгилеп кетүү зарыл. Ал тууралуу төмөнкү жоболор жалпы түшүнүк берет:

«Өкмөт жана юристтердин кесиптик асоциациялары адамдарга алардын укуктары жана милдеттери жөнүндө маалымат берүү боюнча программаларды ишке ашырууга көмөктөшөт...» (4-б.). «Өз кардарларынын укуктарын жана сот адилеттигинин кызыкчылыктарын коргоп жатып, юристтер улуттук жана эл аралык укук менен таанылган адам укуктарын жана негизги эркиндиктерди коргоого көмөктөшүүсү зарыл жана бардык учурларда мыйзамга жана юристтердин таанылган ченемдерине жана кесиптик этикасына ылайык көз карандысыз жана ак ниеттүүлүк менен иштеши керек» (14-б.). «Ар бир адам жазык жолжоболорунун бардык деңгээлдеринде өз укуктарын тастыктоо жана коргоо үчүн адвокаттык жардамга кайрылууга укуктуу (адвокаттык жана юридикалык жардамга жетүү жөнүндө бөлүмүнүн 1-беренеси)» [74].

«Юридикалык жардам жана кеп-кеңештер жөнүндө» Европа Кеңешинин Министрлер комитетинин №(78) 8 резолюциясына ылайык (1979-жылдын 2-мартында министрлер кабинети тарабынан министрдин орун басарларынын 284-жыйынында кабыл алынган), эч ким экономикалык мүнөздөгү жолтоолорго байланыштуу жарандык, соода, административдик, социалдык же салык иштери боюнча чечим чыгарууга укугу бар кандай болбосун соттордо өз укуктары менен пайдалануу же коргоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылбашы зарыл [75]. Ушул максатта ар бир адам соттук териштирүүдө зарыл болгон юридикалык жардам алууга укугу бар болушу керек. Бул жардам зарыл экенин кароодо төмөнкүлөрдү эске алуу керек:

а) кызыкдар тараптын финансылык мүмкүнчүлүктөрү жана милдеттенмелерди;

б) күтүлгөн сот чыгымдарынын чоңдугун.

1. «Биринчи муундагы» укуктар либералдык коомдун баалуулуктарын жүзөгө ашырды жана юридикалык жактан бекемдеди, ошол эле учурда «экинчи муундагы» укуктар социалдык багыттагы мамлекеттин негизги баалуулуктарын чагылдырат. Ошондуктан диссертанттын пикири боюнча ар кимдин квалификациялуу юридикалык жардам алууга укугунун юридикалык табиятын «экинчи муундагы» укуктардын катарынан чыгарып, Кыргыз Республикасынын Конституциясында камтылган, «ар кимге эркин ой жүгүртүүгө жана өзүнчө пикирге ээ болуу укугу кепилденет...» (32-берене), «ар кимге анын укуктары менен эркиндигин соттук коргоого кепилдиктер берилет» (61-берене), «ар кимге юридикалык квалификациялуу жардам алуу

укугу кепилденет» (61-берене) деген сөздөр менен берилген жана бекитилген укуктук конституциялык кепилдиктер тобуна киргизүү зарыл.

2. Квалификациялуу юридикалык жардамга болгон конституциялык укугу көп аспекттүү укук болуп саналат. Биринчиден, чектөөгө жатпаган өз алдынча жана комплекстүү конституциялык укук катары, экинчиден – адамдын жана жарандын башка конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашырууну жана коргоону камсыз кылуучу конституциялык кепилдиги жана ыкмасы аспектисинде, үчүнчүдөн – конституциялык укуктун маалыматка (33-берене), конституциялык укуктун укуктардын жана эркиндиктердин мамлекеттик коргоого алууга (61-беренин 1-бөлүгү), жана конституциялык укуктун инсандын кадыр-баркын мамлекеттик коргоого алууга (28-берененин 2-бөлүгү) интегралдык туундусу аспектисинде, төртүнчүдөн – белгилүү жыргалчылыктардын берилишин камсыз кылуу менен коомдук турмуштун негизги чөйрөлөрүндө жүзөгө ашырылган, коом, мамлекет жана жаран ортосундагы мамилелери жана байланыштары аркылуу билдирүү механизми катары болот. Юридикалык укук алууга укуктун өзгөчөлүгү ал жарандардын бири-бирин гана эмес, ошондой эле бүтүндөй мамлекет менен мамилелерин жана байланыштарын түзөт;

3. Изилденип жаткан укук дагы интегралдык татаал түзүлүштөгү укук болуп саналат. Ал укуктун түзүмүнө өз укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын натыйжалуу ишке ашыруу жана коргоо максатында квалификациялуу юридикалык жардамга аны көрсөткөн ар кандай субъекттерине кайрылуу укугу; көрсөтүлгөн юридикалык жардамдын белгилүү мазмунуна жана сапатына болгон укук; мыйзамда каралган учурларда акысыз квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу; юридикалык жардам көрсөтүүчү тийиштүү субъектиден белгилүү активдүү жана натыйжалуу ишти жасоого талап кылуу укугу; квалификациялуу юридикалык жардам, анын ичинде акысыз алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маалымат алуу укугу; түшүнүү үчүн жеткиликтүү тилде жана ушул

жардамды керектөөчү үчүн ыңгайлуу болгон формаларда квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу; бузулган укукту коргоону талап кылуу укугу кирет.

3. Улуттук мыйзамдар менен катар, юридикалык жардам алуу укугу эл аралык укуктун ченемдеринде да бекитилген. Эл аралык укуктук актылар укуктук мамлекетте жана адам укуктары жөнүндө заманбап түшүнүктөргө ылайык келген ыкмаларын аныкташат. Алар: юристтердин алардын жардамына муктаж болгондор менен өз ара иштешүү ыкмалары, мамлекеттин квалификациялуу юридикалык кадрларды даярдоого катышуу, колунда жокторго укуктук жардам көрсөтүү ыкмалары. Анын үстүнө эл аралык келишимдерде жана башка укуктук актыларда кылмыш-жазык ишинде акысыз юридикалык жардам жөнүндө гана эмес, ар ким экономикалык мүнөздөгү тоскоолдуктарга карабастан жарандык, соода, административдик, социалдык жана салык иштери боюнча чечим чыгарууга укугу бар кандай болбосун соттордо өз укуктарын менен пайдануу жана аларды коргоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылбашы керек экендиги жөнүндө айтылат. Ошентип, эл аралык укуктук актылар кылмыш-жазык гана эмес, өндүрүштүн башка түрлөрүндө дагы адамдын материалдык жана мүлктүк абалына карабастан ар кимдин квалификациялуу юридикалык жардамды алууга бирдей мүмкүнчүлүгү үчүн натыйжалуу жол-жобону жана иштеп жаткан механизмди жүзөгө ашырууга багытталган.

4. Конституциялык принциптер квалификациялуу юридикалык жардамды камсыз кылуунун тутумун билдирет. Ошондуктан алардын объективдүү өз ара байланышын эске алуу менен колдонулууга тийиш, алар менен эч бирине дагы абсолюттук маани берилбеши керек экендиги үчүн тийиштүү принциптердин ар биринин тышкы чектери аныкталат. Ал көрсөтүлгөндөй, алар тармактык процесстик атайын мыйзамдарда өзүнүн конкреттүүлүгүн жана ченемдик өнүгүүсүн табат.

# Глава II. Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвокаттык ишти конституциялык-укуктук жөнгө салуу

## 2.1. Квалификациялуу юридикалык жардамды камсыз кылуу кепилдиги катары адвокат статусун алуу шарттары

“Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө” Мыйзамынын 19-беренесинде [18] көрсөтүлгөндөй, адистиги боюнча бир жылдан кем болбогон иш стажы бар жана атайын квалификациялык сынактан өткөн жогорку юридикалык билимдүү адам Кыргыз Республикасында адвокат статусун алууга укуктуу. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы квалификациялык комиссия адвокат статусун алууга талапкер болгон адам квалификациялык экзамен тапшыргандан кийин адвокат статусун ыйгаруу жөнүндө чечимди кабыл алат.

Ушул берененин негизинде, мыйзам чыгаруучу орган адвокаттык ишмердүүлүк жүргүзүү үчүн лицензия алууга укуктуу адамдардын санын чектеген.

Юридикалык илимдердин кандидаты же доктору илимий даражасы бар, юридикалык билими жок адамдарга адвокаттык иш менен алектенүү укугуна лицензия алуунун жөнөкөйлөштүрүлгөн тартибин, мисалы, квалификациялык экзаменди тапшыруусуз, белгилөө максатка ылайыктуу деген пикир адабиятта кездешет.

Диссертанттын пикири боюнча, адвокат статусун ыйгарууга карата мындай мамиле кылуу таптакыр туура эмес. Адвокат наамын алууга талапкер университеттин тарыхый факультетин бүтүргөн жана кандидаттык диссертациясын мамлекеттин жана укуктун тарыхы боюнча коргогон деп элестетип көрсөк. Эки жыл ЖОЖдо окутуучу болуп иштеп, ал адвокат статусун ыйгарууга экзамен берүү үчүн документтерди тапшырат. Ойлонуп көрсөк, практика жүргүзгөн кандай болбосун юрист мындай “өмүр баяны” бар адам юриспруденция чөйрөсүндө адис болуп саналбаарын белгилейт. Мындай “адисти” кылмыштык же жарандык процессте элестетүү кыйын. Ал

канчалаган ката кетирээрин, жана өзүнүн ишеним артуучуларына канчалаган зыян келтирээрин элестетсек болот. Ал тараптан эч кандай квалификациялуу юридикалык жардам күтүүгө болбойт. Жогоруда баяндалгандын негизинде, диссертант адвокаттын сөзсүз базалык жогорку юридикалык билими болуш керек деген тыянак чыгарат.

Ушул изилдөөнүн алкагында айрым чет өлкөлөрдө адвокат статусун алуу үчүн талаптар кандай деген маселе кызыкчылык жаратат. Мисалы, Швецияда адвокат статусу, ошондой эле кесиптик корпорация менен анын мамилеси, 8-главасы “Адвокаттар жөнүндө” деп аталган Процессуалдык кодексте аныкталган. 1-параграфта: “Мамлекетте швед адвокаттар коому болушу керек. Анын уставы Өкмөт тарабынан бекитилет. Адвокат адвокаттар коомунун мүчөсү болуп саналат” деп белгилеген [88]. Башкача айтканда, мыйзам чыгаруучу мамлекеттин практика жүргүзгөн юристтердин кесиптик корпорациясын түзүү боюнча милдетин караган, бул, өз кезегинде, жарандардын квалификациялуу юридикалык жардамга укугун ишке ашыруунун кепилдиги болуп саналат.

Адвокаттардын коллегиясы өзүнүн автономиясын ашыра пайдаланбашы үчүн, кодексте адвокаттардын уставы Өкмөт тарабынан бекитилээри каралган. Ушул учурда адвокаттардын кесиптик корпорациясынын ачыктыгы баса белгиленет. Процессуалдык кодекс “адвокаттар коомунун башкармалыгы адвокатурага карата көзөмөлдү жүзөгө ашырат; ал адвокат кимдир бирөө үчүн сотто чыкканда да, калган өз ишинде да ага жүктөлгөн милдеттенмелерге ылайык аракет кылышына байкоо жүргүзүшү керек” дегенден улам келип чыгат (6-параграф). Бирок коомдун өзүн контролдоо боюнча ыйгарым укуктардын негизги көлөмү юстициянын Канцлерине берилген. Ал адвокатка карата, аны чыгарып салууга чейинки чараларды көрүүнү талап кылышы мүмкүн. Адвокаттык сырды элге таратуу үчүн юстиция Канцлери өз алдынча жоопкерчиликке тартышы мүмкүн. Коомдун мүчөлүгүнө кабыл алуудан баш тартуу же андан чыгарып салуу жөнүндө чечим Жогорку сотто Канцлер тарабынан даттанылышы мүмкүн.

Бельгиянын мыйзамдары да окшош ченемдерди камтыйт. Ошентип, бельгиялык адвокаттын статусу 1967-жылдын Сот кодексинде бекитилген. Адвокат статусун алуу үчүн, Бельгиянын букаралыгы же Европа экономикалык коомчулугунун мүчө - өлкөсүнүн жарандыгы, укук докторунун диплому, ант берүү, ошондой эле "Адвокаттар ордени" Кеңешинин чечими менен адвокаттык корпорациянын курамына киргизүү зарыл. Мында, айрым соттордо чыгып сүйлөөгө ыйгарым укуктарды алуу үчүн сот органынын жана юстиция министрлигинин сунушу боюнча Король тарабынан дайындоо зарыл.

Германия Федеративдик Республикасында адвокаттык ишке уруксат алуу үчүн изденүүчү жооп бериши керек болгон бир катар шарттар каралган. Биринчи кезекте, бул жогорку юридикалык билимдин бар болушу, экзамендердин сериясын тапшыруу, тийиштүү уруксат алуу. Белгилей кетүүчү жагдай, экзамен жердиги боюнча Жогорку соту тарабынан уюштурулат жана уруксат ал  иш алып бара турган соттун алдында жердиги боюнча мамлекттик юстиция органдары тарабынан берилет. Адвокаттардын коллегияга  биригүүсү андан кийин жүргүзүлөт, бирок жердиги боюнча аймакта эки адвокаттык коллегия болушу ыктымал. Бардык коллегиялар Адвокаттардын федерациялык ассоциациясына бириктирилген. [89]. Мындан улам, Батыш Европа өлкөлөрүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагыдай эле, адвокат сөзсүз түрдө жогорку юридикалык билимге ээ болушу зарыл.

КРдын "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Мыйзамында адвокаттык статус алууга талаптануучунун ченкурагы  аныкталган эмес. Мыйзамдын 19-беренесинен улам, кандай болбосун жарамдуу жеке адвокат статусун алууга адамдын мүмкүнчүлүгү бар. Адвокат статусун алуу үчүн төмөнкү куралктык чек кандай болушу керек деген суроо эң эле актуалдуу болуп саналат.

"Кыргыз Республикасында судьялардын статусу жөнүндө" конституциялык мыйзамдагыдай эле, адвокат статусун алууну каалаган

адамдар үчүн төмөнкү курактык чек белгилениши керек. Мындай зарылчылык адам 30 жашка чыкканда гана ишеним артуучуга майнаптуу юридикалык жардам көрсөтүү үчүн зарыл белгилүү турмуштук жана кесиптик тажрыйба алгандыгы менен түшүндүрүлөт. Албетте, төмөнкү курактык цензди белгилөө коомдо адвокат статусунун жогорулашына түрткү болот жана анын ишеним артуучулары тарабынан квалификациялуу юридикалык жардам алуусуна кошумча кепилдик болот.

Квалификациялык экзамен тапшырууга уруксат алуу менен байланышкан маселелер Мыйзамдын 20-беренесинде жөнгө салынып, анда КРдын “Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө” Мыйзамынын 19-беренесинин 1, 3, 4-пункттарынын талаптарына жооп берген адам квалификациялык экзамен тапшырууга уруксат берүү жөнүндө арыз менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине кайрылууга укуктуу деп жазылган [18] .

Квалификациялык экзамен тапшырууга уруксат берүү же уруксат берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу квалификациялык комиссия тарабынан кабыл алынаарын белгилеп кетүү керек. Зарыл болгондо, КР Юстиция министрлиги адвокаттык лицензия алууга талапкер болгон адам тарабынан берилген документтердин жана маалымдардын ырастыгын текшерүүгө укуктуу. Анын негизинде, ыйгарым укуктуу орган тарабынан тийиштүү органдарга, ошондой эле жогорку окуу жайларына документтердин жана дайындардын түп нуска же болбосо жасалма болгондугу тууралуу маалыматтарды алуу максатында да суроо-талап жиберилиши мүмкүн.

Талаптануучуга квалификациялык экзамен тапшыруусуна уруксат берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим сотко ал кабыл алынган күндөн тартып бир ай ичинде даттанылышы мүмкүн.

Квалификациялык комиссияга адвокат статусун алууга талаптануучу тарабынан берилген документтерди текшерүү ыйгарым укугу капысынан берилген эмес, анткени юриспруденция багытындагы жогорку окуу

жайларды бүтүргөндүгү тууралуу жасалма дипломдор жана талап кылынган юридикалык иш тажрыйбасы жөнүндө жалган маалымкаттар берилген учурлар практикада көп кездешээрин белгилеп кетебиз.

Дагы бир көңүл буруунy талап кылган жагдай, текшерүү жүргүзүлгөндөн кийин квалификациялык комиссия тарабынан талаптануучуга квалификациялык экзаменден өтүүгө уруксат берүү же андан баш тартуу жөнүндө чечимди кабыл алуунун мөөнөтү мыйзамда бекитибегендиги. Андыктан, талаптануучуга квалификациялык экзамен тапшырууга уруксат берүү жөнүндө чечимди кабыл алуунун мөөнөтүн мыйзамда так аныктоо менен, иш жана кесиптин түрүн тандоодогу адамдын конституциялык укугуна кошумча кепилдик берилет деп эсептейбиз.

Кыргыз Республикасынын аймагында адвокат статусун алууга талапкер болгон баардык адамдарга карата бирдей талаптарды белгилөө максатында КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-октябрындагы №711 токтому менен адвокаттык иш менен алектенүү укугуна лицензия алууга талапкер болгон адамдар үчүн квалификациялык экзамен өткөрүүнүн тартибин бекитилген [90].

Юстиция министрлигинин буйругу менен квалификациялык экзамендин күнү, убактысы жана орду аныкталат.

Адвокаттык иш менен алектенүү укугуна лицензия алууга талапкер болгон адамдар квалификациялык экзаменди өткөрүү датасы, жери жана убактысы жөнүндө жазуу жүзүндөгү билдирүүнү жөнөтүү жолу менен почта байланышы аркылуу, ал өткөрүлгөнгө чейин 10 календардык күндөн кеч эмес кабарланышат. Ошондой эле, талапкерди квалификациялык экзамендин өткөрүлүшү жөнүндө маалымдоо телефон байланышы аркылуу байланыш телефону боюнча жүзөгө ашырылат, бул тууралуу маалымкат түзүлөт. Талапкер тарабынан телефон номери белгиленбеген, же болбосо телефону өчүк болгон учурда, ошондой эле башка учурларда тийиштүү маалымкат түзүлөт.

Адвокаттык ишмердүүлүк жүргүзүү укугун берген лицензияны алууга

квалификациялык экзамендин суроолору Юстиция министрлиги тарабынан бекитилет жана анын расмий сайтында жайгаштырылат.

Квалификациялык экзамен компьютердик тестирлөө формасында жүргүзүлүп, жалпы 110 суроону камтыйт. Ар бир тест суроонун өзүнөн жана төрт варианттагы жооптон турат. Талаптануучу берилген суроого сунуш кылынган жооптордун бир вариантын, аны тийиштүү түрдө белгилеп, тандап алышы керек.

77 же андан көп балл алган адам, экзаменден өттү деп саналат.

Квалификациялык комиссиянын чечими квалификациялык экзамен өткөрүлгөн күнү протоколго комиссиянын баардык мүчөлөрү тарабынан кол коюлгандан кийин экзамен берүүчүгө угузулат.

Керектүү балды ала албаган талаптануучу экзаменди кайра 6 айдан эрте эмес тапшыра алат.

Экзаменди ийгиликтүү тапшырган адамга бир айдын ичинде адвокаттык иш менен алектенүү укугуна лицензия берилет.

Белгилей кетүүчү жагдай, адвокат статусун алуу үчүн экзамен тапшырууга коюлган мындай жогорку талаптар толук негиздүү.

Эреже катары, бул экзаменди тапшыруучулардын 60-70 пайызынан ашпайт. Бул бизге кардарларына, кардарларына квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтө албаган, эң аз даярдалган юристтерди жок кылууга мүмкүндүк берет.

Адвокат статусун ыйгаруудан кийин адам сот өндүрүшүнүн ар кандай түрлөрүндө адвокат катары өкүлчүлүктү жүзөгө ашырууга укук алат. Ошону менен бирге, ал квалификациялуу юридикалык жардамды ата-мекендик укуктун дээрлик баардык тармактарында көрсөтө алгандыгын түшүнүү зарыл.

Адвокат статусунун токтотула турушу, ал адвокатка карата КРдын «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө” Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган кепилдиктерден тышкары, Мыйзамдын 29-беренесинде каралган кепилдиктердин аракетинин

токтотула турушуна да алып келет (Адвокаттык ишин аткаруу учурунда айткан пикири үчүн адвокат кандайдыр бир жоопкерчиликке тартылбайт) [18].

Ошондой эле, адвокат статусунун токтотула турушу жогору айтылган мыйзамдын 25-беренесинде каралган ыйгарым укуктарды толугу менен токтотот. Ошондой эле, адвокат статусунун токтотулушу убактылуу мүнөздө болот жана дисциплинардык жазанын чарасы болуп эсептелиши мүмкүн деп белгилеп кетсек. Адвокаттардын кесиптик этикасы кодексинин нормаларын бузган учурда, адвокат катары иштөө лицензиясы токтотулат.

Ошондой эле мамлекеттик же муниципалдык кызматка туруктуу кабыл алынышына байланыштуу адвокат статусун токтотулушу каралган.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттары болуп саналган адвокаттар бул жерде эсепке алынбайт. Мындан улам, “колдонулган туюндурма мыйзам чыгаруу техникасы жаатында алып караганда өтө ылайыксыз жана так түшүндүрүүгө жатпайт” деген ой жаралат. Адвокатка мамлекеттик бийлик органындагы (мыйзам чыгаруу, аткаруу же сот) ишин аяктагандан кийин адвокаттык статусун кайта баштоого жана адвокаттык ишин улантууга жол ачуу мыйзамдагы бул жобонун негизги мааниси болушу ыктымал. Мындан улам, адвокат тарабынан мамлекеттик бийлик органындагы кызмат ордун элөө (шайлоо же дайындоо) механизми олуттуу укуктук мааниге ээ болбошу зарыл. Андай болбогон шартта, аткаруу бийлик органдарына же сот органдарына кызматка дайындалган адамдар, адвокаттык лицензиясы бар жана ошол эле учурда өкүлчүлүктүү мыйзам чыгаруу органдарында кызмат ордун ээлеген адамдар менен бирдей даражада болбой калышы ыктымал жана бул конституциянын теңчилик принцибине туура келбейт [91].

Адвокат статусун токтотуунун кесепеттери кандай болот деген маселе да Мыйзамда жетиштүү түрдө толук жөнгө салынган эмес. Мыйзам алардын бирин гана - адвокатка карата кепилдиктердин таасиринин токтотулушун белгилейт. Ошол мезгилде ал жалпы муктаждыктарга жана адвокаттардын коллегиясын же адвокаттык бюрону кармоого ж.б. чыгымдарды тартууга

милдеттүүбү деген маселе да анык эмес болуп турат.

КРдын "Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Мыйзамдын 17-беренесинде адвокаттык статустун токтотулушу [18] бир тарабынан формалдуу себептер менен гана, экинчи жагынан – адвокат тарабынан кылынган ар кандай бузуулар жана, ошондон улам, дисциплинардык жаза чаралары менен шартталган. Адвокат статусун токтотуунун негиздеринин тизмеги толук болуп саналат, бул адвокат статусунан башка негиздер боюнча ажыратуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарууга мүмкүндүк берет.

Адвокат статусунун токтотулушу тийиштүү укуктардын жоюлушуна жана, адвокаттык сырды сактоо боюнча милдеттерден тышкары, алар тараптан түзүлгөн милдеттерден бошотууга алып келет. Ошондой эле, мурдагы адвокатты юридикалык жардам көрсөтүүгө байланыштуу ага белгилүү болгон жагдайлар жөнүндө күбө катары суракка алуу мүмкүнчүлүгү да жокко чыгарылат.

Адвокат статусу токтотулган адам адвокаттык ишти жүзөгө ашырууга, ошондой эле адвокатура органдарында шайлануучу кызмат орундарын ээлөөгө укуктуу эмес.

Мындан тышкары, КРдын "Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Мыйзамында адвокат статусунан ажыратуунун төмөнкүдөй учурлары каралган: адвокатка карата соттун айыптоочу өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенде, Адвокаттын кесиптик этикасы кодексинин ченемдери экинчи ирет бузулганда, квалификация жогорулатылбаганда жана жогоруда белгиленген Мыйзамдын ченемдери адвокат тарабынан бузулганда [18].

Адвокат статусун жана адвокаттык ишти жүзөгө ашырууга укук алган адам адвокат болуп саналат. Адвокат, илимий, окутуу жана башка чыгармачылык иштен тышкары, эмгектик мамилелерге кызматчы катары киришүүгө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат орундарын жана муниципалдык кызмат орундарын ээлөөгө укуктуу эмес.

2002-жылдын Чоң юридикалык сөздүгүндө адвокат “жеке жана юридикалык жактарга кесиптик укуктук жардам көрсөткөн (кеп-кеңештерди өткөрүү, алардын кызыкчылыктарын сотто өкүл катары), айыпталуучунун коргоочу юрист катары, ал эми адвокатура – айыпталуучунун, доогердин, жоопкердин жана өз кызыкчылыктарын коргогон башка адамдардын коргоочулары же болбосо өкүлдөрү катары сот өндүрүшүнүн ар кандай түрлөрүндө катышууну кошуп, калкка квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү негизги функциясы болуп саналган кесипкөй-юристтердин өз алдынча башкарылуучу бирикмеси (коомчулугу) катары” аныкталган [92]. Юрист болуп саналган адвокат кеңеш берүүгө, жана өзүнүн ишеним артуучуларына билимдердин ар кандай тармактары боюнча эмес, укуктук маселелер боюнча гана кеп-кеңеш берүүгө коом жана мамлекет тарабынан чакырылган.

КРдын “Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө” Мыйзамында берилген “адвокат” түшүнүгүнүн аныктамасы ушул терминдин эл аралык түшүндүрүлүшүнө да ылайык келет. Мисалы, “Адвокат кесибин жүзөгө ашыруу эркиндиги жөнүндө” Европа Кеңешинин Министрлер Комитетинин Сунуштары үчүн далилдердин түшүндүрүлүшүндө “адвокат” түшүнүгүндө улуттук мыйзамдарга ылайык квалификация алган жана сотто чыгып сүйлөөгө, жарыш кагаздарын берүүгө, өз кардарларынын атынан аракет кылууга, укуктук практика менен алектенүүгө, сотко жеткиликтүү болууга жана кеп-кеңеш берүүгө, өз кардарларын укуктук маселелер боюнча өкүлчүлүк кылууга ыйгарым укук алган адам аныкталган [93].

Адвокаттын көз карандысыздыгы КРдын “Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө” Мыйзамында көрсөтүлгөндөй, адвокат өзүнүн кесиптик милдеттерин аткарууда кайсы-бирөөнүн (алсак сот, прокуратура, тергөө органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ж.б.) көрсөтмөлөрүн аткарууга милдеттүү эмес жана укугу жок экендигин билдирет. Ошондой эле, адвокат укуктук позициясын тандоодо да

адвокаттык коомдоштук органдарынан жана өзүнүн кесиптештеринен толугу менен көз карандысыз. Юридикалык жардам көрсөтүүдө адвокат, конкреттүү иш боюнча жумушту алып баруунун концепциясын иштеп чыгып жатып эске алуу зарыл болгон өзүнүн ишеним көрсөтүүчүсүнүн позициясы менен гана тыгыз байланышта болот.

Төмөнкүлөр жөнүндө пикир менен макул болуу керек: “Мыйзамдын 24-беренесинде келтирилген адвокаттар тарабынан көрсөтүлгөн юридикалык жардамдын түрлөрү төмөнкүлөр үчүн чакырылган:

а) адвокаттардын өздөрү үчүн алардын ыйгарым укуктарынын жана милдеттеринин чөйрөсүн аныктоо;

б) жарандарды адвокатка кайрылууда алар ала турган жардамдын түрлөрү жана ошондон улам, “Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө” Мыйзамда каралган имунитеттерди пайдалануу тууралуу багыттоо;

в) адвокаттын кесиптик ишинин алкактарын аныктоо, тактап айтканда, бул анын күбөлүк имунитети жөнүндө маселени чечүү үчүн зарыл. Адвокат тарабынан көрсөтүлгөн юридикалык жардамдын, тактап айтканда, аны айрыкча тиричилик сүйлөшүүлөрдөн жана кызмат көрсөтүүлөрүнөн чектөөгө мүмкүнчүлүк берген маанилүү белгиси болуп аны тийиштүү эсепке алуучу документтерде жол-жоболоштуруу саналат.

Ошондой эле, Мыйзамдын 24-беренесинде белгиленген адвокаттын ишинин түрлөрүнүн тизмеги толук болуп саналбаарын да белгилеп кетүү зарыл. 24-берененин 2-бөлүгүнө ылайык, адвокат Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка жардам көрсөтүүгө да укуктуу.

Адвокаттын практикалык ишинде кеп-кеңеш берүүчү жумуш чоң орунду ээлейт. Кеп-кеңеш (латин тилинен - кеңешүү) төмөнкүлөрдү билдирет: 1) адис тарабынан берилген кеңеш; 2) адистердин кеңештери менен калкка жардам көрсөткөн мекеме [94]. “Кеп-кеңеш” жана “кеп-кеңеш берүү” деген түшүнүктөрдүн ортосундагы айырмачылыкты белгилеп кетүү зарыл. Кеп-кеңеш – бул кеп-кеңеш берүүнүн алкагында адвокат ишеним

артуучуга билдирген маалыматтын белгилүү массиви. Кеп-кеңеш берүү – бул адвокат тарабынан кеп-кеңеш берүүчү жардам көрсөтүүнүн процесси. Ошентип, кеп-кеңеш берүү түшүнүгүн "турмуштук көйгөй боюнча аны чечүүнүн мүмкүн болуучу укуктук варианттарын жана алардын кесепеттерин ачып көрсөтүү, тандап алынган вариантты ишке ашыруунун жолдорун жана ыкмаларын айкындоо максатында юристтин жана кардардын өз ара аракеттенүүсүнүн процесси" катары аныктаса болот [95]. Жарандар үчүн кеп-кеңештерди өткөрүү жана маалымкаттарды берүү максатында, адатынча, адвокаттык түзүлүштөрдө белгилүү график боюнча адвокаттардын кезметчилиги белгиленет.

Адатынча, адвокат ага кайрылган жарандын берилген суроолорунан кийин кеп-кеңештерди жана маалымкаттарды дароо берет. Чыныгы квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү максатында, адвокат өзүнүн компетенттүүлүгүнө шек санаган учурда, ал кеңештерди бербеши керек. Мындай жагдайдан чыгуунун эң эле адекваттуу жолу болуп бул маселе өтө татаал болгондугу жана атайын изилдөөнү талап кылгандыгы жөнүндө келүүчүгө билдирүү саналат. Мындай учурда адвокат, адатынча, кеп-кеңешти улантуу үчүн башка убакта келүүнү сунуш кылат. Албетте, кийинки жолугушууга адвокат тийиштүү түрдө даярданып, коюлган маселелер боюнча колдонуудагы мыйзамдарды дагы бир жолу иштетип чыгышы керек. Зарыл болсо, өзүнүн адвокат-кесиптештеринен да кеп-кеңеш алуу ашыкча болбойт. Кандай болгондо да, туура эмес маалымкаттарды жана кеп-кеңештерди берүүгө таптакыр тыюу салынат, анткени бул кайрылган адамга түзөлбөс зыян келтириши мүмкүн.

Адвокат кеп-кеңештерди жана маалымкаттарды оозеки түрүндө да, жазуу жүзүндө да бериши мүмкүн – бул юридикалык жардам үчүн кайрылган адамдын каалоосуна жараша болот. Ишеним артуучу адвокаттан кеп-кеңеш алып, белгилүү убактан кийин кайрадан ага келип, анын кеп-кеңеши туурасы эмес болгондугуна жана анда (ишеним артуучуда) ушуга байланыштуу жагымсыз кесепеттер пайда болгондугуна даттанып келген

учурлар практикада кездешет. Көп учурда мындай жагдай ишеним артуучу адвокатка пайда болгон көйгөйдүн иш үчүн олуттуу мааниси бар баардык деталдарды айтып бербегенине байланыштуу пайда болот. Ошондуктан, мындай жаңылыштардан кутулуу үчүн, өзгөчө адвокаттан жазуу жүзүндө маалымкат же кеп-кеңеш берүүнү өтүнүп жаткан учурларда, ал маалымкатта ага берилген суроолорду жана аларга карата өзүнүн жоопторун сыпаттап, жазышы керек. Мындай учурда адвокаттын жоопторун эки жактуу түшүндүрүү мүмкүнчүлүгү жокко чыгарылат. Ошондой эле, адвокат маалымкаттын аны алгандыгы жөнүндө кол коюлган көчүрмөсүн өзүндө калтырышы керек.

Ийгиликтүү кеп-кеңеш берүү жана майнаптуу квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү үчүн адвокат төмөнкүлөрдү билиши керек:

- юридикалык жактан маанилүү жагдайларды бөлүп чыгуу, башкысын жана негизги эместерди бөлүү үчүн чыныгы маалыматтарды талдоону;

- ченемдик материалды билүү жана консультация берүү жана көйгөйлөрдү чечүү үчүн укуктук негизин таба билүүнү;

- укук ченемдерине жана соттук практикага талдоо жүргүзүүнү;

- коюлган максатка жетүү үчүн кардардын аракеттеринин альтернативаларын таба билүүнү;

- кардарга укуктук негизди, андагы маселелерди жана аны чечүүнүн жолдрун так, ачык жана жеткиликтүү түшүндүрүүнү;

- кардардын иш-аракетинин натыйжасында келип чыгуучу, укуктук гана эмес, оң жана пайдалуу да, терс да башка кесепеттерин божомолдоону;

- өзүнүн кеп-кеңештеринин кесепеттерин, алар кардар тарабынан туура же туура эмес кабыл алынган учурда божомолдоону [96].

Келтирилген тизмек юридикалык жардам көрсөтүүнүн процессинде адвокат ага кайрылган адамдардын алардын укуктарын коргоо үчүн зарыл чыгымдарынын өлчөмүн аларды ушул тууралуу милдеттүү түрдө маалымдоо үчүн туура аныктоону билиши керек дегенди билдирет. Ишеним артуучулар өзүнүн бузулган укугун коргоо үчүн алар тарта турган чыгымдардын

болжолдуу өлчөмүн алдын ала билиши керек. Ишеним артуучулар ошол чыгымдар адвокаттын квалификациялуу юридикалык жардамынын өзүн жана сотко кайрылууда мамлекеттик алымды төлөөнү гана камтыбагандыгын түшүнүүсү маанилүү болуп саналат. Ишти кароого адистерди тартуу, соттук экспертизаларды өткөрүүнү төлөө, ишеним артуучунун иши боюнча жумуштун мезгилинде адвокаттын башка шаарга чыгуусу болгон учурда анын иш сапардык чыгымдарын төлөө боюнча чыгымдар, ошондой эле укукту коргоо менен түздөн-түз байланыштуу башка чыгымдар да орун алышы мүмкүн. Мында ушул адвокатка кайрылуу жана юридикалык жардам көрсөтүү боюнча аны менен макулдашуу түзүү жөнүндө чечим кабыл алганга чейин ишеним артуучунун ал алдыда тарта турган чыгымдардын көлөмү тууралуу максималдуу түрдө толук түшүнүгү болушу керек [97].

## 2.2.Жарандын укуктарын коргоо жана юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвокаттын укуктарынын жана ыйгарым укуктарынын конституциялык-укуктук биримдиги

Жарандардын конституциялык укуктарын коргоо жана квалификациялуу жардам көрсөтүү механизминде адвокатты туура тандоо зор мааниге ээ. Ошентип, М.Ю.Барщевский жана Т.Л.Пухова аттуу адвокаттар “Адвокатты кантип тандоо керек” макаласында төмөнкүдөй деп эсептешет: “Адвокаттын кесипкөйлүүлүгүнүн жана ал көрсөтүп жаткан ишенимдүүлүктүн ортосунда теңдик белгисин коюунун кереги жок. Айрым кардарлар, өзгөчө катаал юридикалык көйгөйлөргө биринчи жолу учурагандар, юристтин квалификациясы жөнүндө өзүнүн пикирин, ал коюлган суроолорго канчалык ишенимдүү жана тез жооп бергендигине, баардык зарыл маалыматты эсинде кармагандыгына же жоопту китептерде издегендигине жараша түзүшөт. Адатынча, акыркысы адвокаттын пайдасына түшүндүрүлбөйт. Жана, албетте, бул чоң катачылык. Көйгөйдү

ошол замат эле түшүнгөн, “аны дароо кармап алып”, ошол эле учурда бир маанилүү сунуш берген юристтерден чочулаш керек. Адатынча, ал ишенимдүү болуп угулганы менен, берилген кеңеш иш жүзүндө көбүнчө майнаптуу эмес болуп калат, себеби эсепке алынбаган “маанилүү эмес” жагдайлар көрүнүштү катаал түрдө өзгөртүшү мүмкүн. (Ошону менен катар, адвокат тарабынан ачык түрдө сапатсыз кеп-кеңеш берүү адвокаттык этиканын эрежелерин катаал бузуу болуп саналат).

Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү процессинде адвокаттар көп учурда ар кандай – кассациялык, апелляциялык, көзөмөлдөөчү жана башка даттанууларды даярдашат. Арыз - жарандын мамлекеттик же башка коомдук органдарга, алардын кызмат адамдарына, сот органдарына кайрылуусу, анын укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары бузулгандыгы жөнүндө [98]. Ошондой эле, даттанууларды жарандар гана эмес, юридикалык жактар да бериши мүмкүн. Эреже катары, даттанууда чечимди (мисалы, соттун) жокко чыгаруу же өзгөртүү, белгилүү органдын же кызмат адамынын иш-аракеттерин мыйзамсыз деп табуу ж.б. өтүнүчтөр камтылышы ыктымал. Даттануу андагы маселени чечүүгө тийиштүү компетенциясы бар адамдын дарегине жиберилищи керек.

Юридикалык жардам көрсөтүп жатып, адвокат көп учурда арыздарды жана өтүнүч каттарды жазышы керек болот. Арыз – мамлекеттик органга же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, мекеменин администрациясына, уюмга же кызмат адамына, даттануудан айырмаланып, анын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузуу менен байланыштуу эмес жана мындай бузууну четтетүү өтүнүчүн камтыбаган, тескерисинче, арыз берүүчүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын ишке ашырууга же ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын ишинде тигил же бул кемчиликтерди четтетүүгө багытталган жарандын (бир нече адамдардын) расмий кайрылуусу. Арыздар жазуу жүзүндө да, оозеки түрүндө да берилиши мүмкүн. Аларды кароо тартиби даттанууларды кароо тартибине окшош [98]. Арыздарга, даттануулардай эле, арыз ээси тарабынан

милдеттүү түрдө кол коюлушу керек. Эгерде ишеним артуучунун атынан болгон арызга адвокат тарабынан кол коюлса, ага тийиштүү ишеним каты тиркелиши керек.

Өтүнүч кат – мамлекеттик орган (коомдук уюм) тарабынан жогору турган инстанцияга даректелген расмий өтүнүч же сунуштама. Сот өндүрүшүндө өтүнүч кат процесстин катышуучусунун процессуалдык аракеттерди же чечимдерди кабыл алуу жөнүндө расмий өтүнүчүн, алгачкы текшерүү органдарына, тергөөчүгө, прокурорго, судьяга же сотко кайрылууларды түшүндүрөт. Өтүнүч каттын расмий мүнөзү ал төмөнкүлөр болгондо, берилиши мүмкүн дегенди билдирет: «а) белгилүү бир укуктук мамилелер болгондо; б) тийишелүү укугу бар адам, же анын өкүлү тарабынан (анын ичинде адвокат); в) өтүнмөнү чечүүгө ыйгарым укугу бар адамга; г) укуктук мамилелердин маңызына байланыштуу маселелерге карата; д) мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте. Мааниси боюнча өтүнмө сураныч болуп эсептелет. Өтүнмөнүн сураныч мүнөзү бар болгондугу органды же кызмат адамын мындай өтүнмөнү мыйзам чегинде чечүү милдетинен ажыратпайт» [98]. Сот практикасында өтүнүч каттарды канааттандыруудан негизсиз баш тартуулар жарандык иштер боюнча тийиштүү сот чечимдеринин, кылмыш иштери боюнча өкүмдөрдүн жана административдик иштер боюнча токтомдордун жокко чыгарылышына алып келген учурлар көп кездешет.

Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү максатында адвокат өзүнүн ишеним артуучулары үчүн даярдаган укуктук мүнөздөгү башка документтерге: жумушчулар менен эмгектик контракттар, талаптар, ар кандай фирмаларга жана мекемелерге суроо-талаптар, ар кандай жарандык-укуктук келишимдер, иш каттары, доо арыздары ж.б. таандык.

Азыркы учурда адвокаттар өздөрүнүн ишеним артуучуларын кызыкчылыктарын көбүрөөк мамлекеттик бийлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, коомдук уюмдарда жана Кыргыз Республикасынын башка уюмдарында көрсөтүп калышты.

Адвокаттар чет мамлекеттерде да өздөрүнүн ишеним артуучуларынын кызыкчылыктарын көрсөтүүгө жана маселелердин кеңири чөйрөсү боюнча аларга тийиштүү квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүгө укуктуу. Алар мамлекеттик органдарда жана чет мамлекеттердин башка органдарында, эл аралык сот органдарында ишенимдүү адамдын кызыкчылыгын коргойт.

Адвокаттар, өзүнүн ишеним артуучуларына квалификациялуу юридикалык жардам берип жатып, аткаруу өндүрүшүндө жана кылмыш жазасын аткарууда анын өкүлү катары иштешет. Аткаруу өндүрүшүндө адвокаттын ишеним артуучунун өкүлү катары катышуусу 2017-жылдын январындагы КРдын “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” [99] 28 январдын 2017 жылдын №15 Мыйзамынын жоболорунда жөнгө салынат.

Өкүлдөнүүчүнүн атынан аткаруу өндүрүшү менен байланыштуу баардык аракеттерди кылууга, тактап айтканда: аткаруу өндүрүшүндөгү материалдар менен таанышууга, алардан көчүрмөлөрдү жасоого, копиясын алууга, кошумча материалдарды көрсөтүүгө, өтүнмө келтирүүгө, аткаруу иш-аракеттерине катышууга, аткаруу иш-аракеттеринин учурунда оозеки жана жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөлөрүн келтирүүгө, иштин жүрүшүндө пайда болгон бардык маселелер боюнча жеке далилдерин жана пикирлерин билдирүүгө, ишке катышып жаткан башка тараптардын өтүнмөлөрүнө, далилдерине жана пикирлерине каршы болууга, сот аткаруучусун четтетүүгө даттануу, сот аткаруучусунун аракеттерине (же аракетсиздигине) даттанууга укуктуу тараптардын өкүлдөрүнүн аткаруу өндүрүшүнө катышуусуна белгиленген мыйзамда жол берилет. “Сот аткаруучуларын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” КР Мыйзамынын 29-беренесине ылайык [99], өкүлдүн аткаруу документин көрсөтүүгө жана чакыртып алууга, аткаруу өндүрүшүнө катышууга, жарашуу макулдашуусун түзүүгө, ыйгарым укуктарды башка адамга өткөрүп берүүгө (кайра ишенип берүү), сот аткаруучусунун иш-аракеттерине даттанууга, ыйгарылган мүлктү (анын

ичинде акча каражаттарын) алууга укуктары ишеним катта атайын эскертилүүгө тийиш.

Жазык аткарууда адвокаттын катышуусунун негизи болуп Кыргыз Республикасынын Кылмыш-процессуалдык кодексинин 19-беренесинин жобосу [100] саналат, ага ылайык соттолгондор өз укуктарын коргоочунун жана (же) мыйзамдуу өкүлдүн жардамы менен жүзөгө ашыра алат. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын түзөтүү мекемелеринин ички тартип эрежелеринин (2018-жылдын 22-августундагы №379 КР Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген) [101] 91-пунктуна ылайык, соттолгондордун коргоочу же мыйзамдуу негизде юридикалык жардам көрсөткөн башка адам менен кат алышуусу текшерилбейт, аларга кат алмашуунун мазмунунда кылмышты же башка адамды аны жасоого тартууну демилгелөөгө, болжоого же уюштурууга багытталган маалыматтар кирбейт. Адвокат менен жолугушуулар соттолгон менен жолугушуулардын ичине кирбейт, мында мыйзамдарда белгиленген жолугушуулардын ичинде мындай жолугушуулар эсепке алынбайт, алардын саны жана узактыгы чектелбейт. Мындай жолугушуулар соттолгондор үчүн жумушчу эмес убакытта жана тургузуудан тартып жаткырууга чейинки сааттарда өткөрүлөт. Жолугушуулар адвокат же юридикалык жардам көрсөтүүгө укуктуу башка адам алардын инсандыгын күбөлөндүргөн тийиштүү документтерди, адвокаттык түзүлүштөрдүн ордерлерин же алардын юридикалык жардам көрсөтүү укуктарын күбөлөндүргөн башка документтерди көрсөткөндө түзөтүүчү мекемелердин жетекчилиги тарабынан берилет.

Адвокат жазык аткарууда ишеним артуучунун өкүлү катары катышып жатып, юридикалык жардам көрсөтүүдө, зарыл болгон учурда анын ишеним артуучусуна карата түрмөнүн администрациясы, тергөө изолятору, убактылуу кармоо изолятору тарабынан мыйзамсыз таасир этүү чараларынын колдонулушуна тийиштүү мамлекеттик органдардын көңүлүн буруруга жана мындай учурларда соттолгондун бузулган укуктарын

калыптандырууну талап кылууга тийиш жана милдеттүү.

Азыркы учурда салыктык укук мамилелеринде ишеним көрсөтүүчүнүн өкүлү катары адвокаттын катышуусу маанилүү функция болуп калды. Салык төлөөчү (Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 42-беренеси) салыкка тиешелүү укуктук мамилеринде өзү же же өзүнүн салык боюнча өкүлү аркылуу катышууга; Салык боюнча укук мамилелерине салык төлөөчү өзү катышса, аны салык боюнча өкүл күтүү укугунан ажыратпайт, аны менен катар салык боюнча өкүлдүн катышуусу менен салык төлөөчү салыктык укук мамилелерине жеке өзү катышуу укугунан ажырабайт. Мыйзамга ылайык, өзүнүн ишеним көрсөтүүчүсүнө квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүп жаткан адвокат, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 46-беренесине ылайык, салык органдарынан салыктар жана жыйымдар тууралуу учурдагы маалыматты акысыз алууга; салык органдарынан жана ыйгарым укуктуу башка мамлекеттик органдардан салыктар жана жыйымдар жөнүндө ченемдик-укуктук актыларды колдонуу маселелери боюнча жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөлөрдү алууга; салык органдарынын кызмат адамдарынан алар тарабынан салык төлөчүүлөргө карата аракеттер кылынууда мыйзамдардын сакталышын талап кылууга; салык органдарынын актыларын жана алардын кызмат адамдарынын аракеттерин (аракетсиздигин) белгиленген тартипте даттанууга; салык органдарынын мыйзамсыз чечимдери же алардын кызмат кадамдарынын мыйзамсыз аракеттери (аракетсиздиги) менен келтирилген чыгашалардын ордун толугу менен толтурууну белгиленген тартипте талап кылууга укуктуу [102].

Жогоруда каралган юридикалык жардамдын түрлөрүнөн тышкары, адвокат мыйзамда тыюу салынбаган кандай болбосун башка юридикалык жардам көрсөтүүгө укуктуу. Мисалы, Жазык-процесстик кодекстин 54-беренесинин 4-бөлүгү адвокатка мамлекеттик органдардан, коомдук бирикмелерден  [103] , ошондой эле башка юридикалык жактардан документтерди, предметтерди жана башка маалымдарды алуу жана башка.

Ошондой эле, юридикалык жардам көрсөтүү процессинде адвокат кыймылсыз мүлк менен бүтүмдөрдү коштоо маселелери менен; бүтүмдөрдү жана финансылык операцияларды укуктук жактан талдоо менен; жаранга психиатриялык жардам көрсөтүүдө анын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын жүзөгө ашыруу менен; ишеним артуучуда жаңжалдуу жагдай пайда болгон учурда ортомчулук менен; ар кандай чарба жүргүзүүчү коомдор жана шериктештиктер үчүн келишимдерди, жоболорду, уставдарды жана башка уюштуруу документтерин түзүүдө катышуу менен; ишеним артуучунун – жеке же юридикалык жактын тарабында болуп, сүйлөшүүлөрдө катышуу менен; уюмдарда, мекемелерде жана ишканаларда жамааттык жана башка эмгектик келишимдерде катышуу ж.б. менен алектенет.

Ошондой эле, адвокат квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча өзүнүн кесиптик милдеттерин аткарууда кеңири ыйгарым укуктарга ээ. Адвокаттын ыйгарым укуктары “Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иши жөнүндө” КР Мыйзамынын 24-беренесинде аныкталган.

Основным документом, подтверждающим полномочия адвоката на ведение дела своего клиента, является ордер, выдаваемый соответствующей адвокатской организацией. Кыргыз Республикасынын Адвокатура кеңешинин 2015-жылдын 30-июлундагы Чечимине ылайык, орус жана кыргыз тилдериндеги Ордердин акыркы Типтүү формасы бекитилген, ордер адвокаттык палатанын аталышын; адвокаттын күбөлүгүнүн номерин, ал берилген датаны жана күбөлүктү берген органдын аталышын; ордер качан жана кайсы адвокатка берилгендигин; тапшырманын маңызын жана адвокат аны аткара турган жерди; кардардын (ал юридикалык да, жеке да жак болушу мүмкүн) маалыматтарын; ордерди берүүнүн негизин (көбүнчө бул ишеним артуучу менен макулдашуу); адвокаттык түзүлүштүн толук аталышын, анын телефонун жана дарегин; адвокаттык түзүлүштүн жетекчисинин колун жана, акырында, адвокаттык түзүлүштүн мөөрүн

камтышы керек.

Күбөлүк жана ордер бар болгондо адвокат өзүнүн ишеним артуучуларынын кызыкчылыктарын Кыргыз Республикасынын баардык аймагында билдирүүгө укуктуу. Ордер белгилүү укук коргоо органында же процесстин стадиясында адвокаттын ишеним артуучусунун кызыкчылыктарын билдирүүгө тийиштүү ыйгарым укуктарын тастыктайт. Адвокат кардардын тапшырмасын башка органда же процесстин башка стадиясында аткарып жаткан учурда, ал жаңы ордер жаздырып алышы керек.

КРдын «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамынын 25-беренесинде [18] белгиленген органдардын жана уюмдардын “адвокатка ал тараптан суроо-талап кылынган документтерди же алардын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн мыйзамдарда белгиленген тартипте берүү” милдети ушул милдетти бузуу үчүн тийиштүү санкциялар менен бекемделген эмес. Мындай жагдайларда адвокат тийиштүү кызмат адамдарынын жана органдарынын аракеттерине же аракетсиздигине даттануу максатында прокуратурага же доо арыз менен сотко кайрылууга туура келет.

Адвокат юридикалык жардам көрсөтүүгө байланыштуу маселелерди териштирүү үчүн адистерди келишимдик негизде тартууга укуктуу. Юридикалык жардам көрсөтүүдө келип чыккан маселелерди түшүндүрүү үчүн адистерди тартуу КРдын Жазык-процессуалдык кодексинсн 54-бересинде каралган. Аны менен катар Кыргыз Республикасынын Жарандык-процессуалдык кодексинин 53-беренеси, муктаждык жаралса, адистин жазма же буюмдук далилдерди кароодо, аудио- же видеожаздырууну уктурууда, экспертиза дайындоодо, күбөлөрдү суракка алууда, далилдерди камсыздоо боюнча чараларды колдонууда карайт [98]. Адистин ишке тартылышы суроолордун компетенттүү коюлушуна, сотто ар кандай эксперттин корутундусуна талаш-тартыш жаратууга мүмкүндүк берет.

Адвокаттын ишеним көрсөтүүчү менен жолугушуу санын жана алардын

узактыгын чектебестен эркин жолугушуу укугу адвокаттын өзүнүн кесиптик милдеттерин аткаруусунун эң маанилүү шарты болуп саналат жана жарандардын квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун камсыз кылат. Камакта жаткан шектүүлөрдүн жана айыпталуучулардын укуктарынын кепилдиктеринин бири - Кыргыз Республикасынын Жазык-процессуалдык кодексинин 54-беренесинин 7-бөлүгүндө каралган камакта жаткан адамдар менен жолугушуунун санына жана узактыгына чектөөлөрдүн тыюу салынышы.

Аны менен катар, эркинен ажыратуу жазасын өтөп жаткан же тергөө изоляторунда отурган адамдар үчүн адвокат менен жолугушуу алардын күнүмдүк тартибине ылайык, ушул мекемелердин иш убактысында гана болушу мүмкүн экендигин белгилей кетүү керек. Эреже боюнча, сот залында камакка алынган кардар менен адвокаттын жолугушуулары сот залында же конвой бөлмөсүндө болот. Сотто адвокаттар менен алардын кардарларынын ортосундагы байланыш сот аткаруучулардын, коштоо бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин жана башка адамдардын көз алдында өтөт. Ошондуктан, адвокат юридикалык жардам көрсөтүүдө ушул жагдайларды ар дайым эске алышы керек.

Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүдө адвокаттын ишиндеги зарыл шарт катары өзү катышып жаткан иштин (жарандык, жазык, администрациялык) материалдары менен жакындан таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондугу эсептелет. Адвокат иштин материалдарында камтылган маалыматты жазып алууга (техникалык каражаттарды жардамы менен да) укугу бар. Мында мамлекеттик жана мыйзам менен корголгон – банктык, дарыгердик, коммерциялык, салык ж.б. сырды сактоого тийиш.

Өзүнүн кесиптик ишин аткарууда адвокатка жүктөлгөн тыюу салуулар да камтылган. Ошентип, адвокат юридикалык жардам көрсөтүү үчүн ага кайрылган адамдан алдын ала мыйзамсыз мүнөздөгү тапшырма алууга укуктуу эмес.

Мисалы, адвокат мүмкүн болуучу кылмыштарды даярдоо, укук коргоо

органдарынын жана башка органдардын кызмат адамдарын сатып алуу жана иш үчүн маанилүү маалымдарды бурмалоо ж.б. маселелери боюнча кеп-кеңештерди берүүдөн баш тартышы керек.

Жалпы эреже боюнча, адвокат ал катышпаган иштерге комментарий бербеши керек. Эгерде адвокат кесиптештеринен комментарий берүүгө уруксат алса, же болбосо мамлекеттик органдар тарабынан зомбулук анык болсо, башкасы болушу мүмкүн. Жапа чеккендер бар болгон жарандык жана кылмыш иштери боюнча нейтралдуу баалоолор болбойт экендигин эстен чыгарбоо керек, мындай баалоолор дайыма бир тараптын пайдасына болуп, экинчи тарапка зыян келтирет. Кесиптештерге ишти кантип алып баруу керектиги, мисалы, кайсы жерге жана кандай даттануулар менен кайрылуу керектиги тууралуу эл алдында кеңештерди берүүгө таптакыр болбойт. Коргоонун башка тактикасын тандап алган адвокаттар тарабынан алардын кесиптик ишине мындай киришүү алардын ишкерлик аброюн кемсинтүү катары бааланышы мүмкүн, жана Кеңешке кайрылган учурда, “кеңеш берүүчү” үчүн дисциплинардык жаза чарасына алып келиши мүмкүн. Эл алдында сүйлөө катары жалпыга маалымдоо каражаттарында адвокаттын арыздарын гана эмес, сот процесстеринде анын сүйлөгөн сөздөрүн, процессуалдык документтерде адвокаттын позициясын баяндоону жана башкаларды түшүнүү керек [104].

«Адвокаттын кесиптик этикасынын кодексинин» жоболоруна ылайык [105], адвокат ага юридикалык жардам үчүн кайрылган адамдардын мыйзамдуу кызыкчылыктарына каршы аракет кылууга, өзүнүн пайдаларын көздөп, бузуку кызыкчылыктарды жетекчиликке алып же сырттан басым көрсөтүүнүн таасир этүүсүнүн алдында ага юридикалык жардам көрсөтүүгө укуктуу эмес. Кабыл алынган тапшырмалар боюнча кесиптик милдеттердин аткарылышы башка ишке караганда адвокат үчүн артыкчылыктуу мааниге ээ экендигин белгилеп кетсек. Адвокат ишеним артуучуга карата өзүн карыздык көз каранды абалга коюп, аны менен теңтуш мамилелерине жол бербеши керек.

Соттолуучулардын карама-каршы кызыкчылыктары бар топтук кылмыш иштерде адвокаттын жумушунун маселелери өзгөчө актуалдуу болуп жатат. Мындай учурда адвокаттык этиканын позициясынан алганда, адвокат бир иште кызыкчылыктары карама-каршы болгон бир нече тараптардын кеңешчиси, коргоочусу же өкүлү болууга укуктуу эмес, ал тараптарды элдештирүүгө гана көмөк көрсөтүшү мүмкүн.

Калыстык жана ак ниеттүүлүк – топтук кылмыш иштеринде адвокаттын коргоосу курулууга тийиш болгон принциптер. Мындай учурда белгилүү юрист М.С.Строговичтин пикирин келтирүү кызыктуу болот: “Эгерде соттолуучулардын кызыкчылыктары карама-каршы болуп, бир соттолуучуну ийгиликтүү коргоо экинчисинин абалын кандайдыр бир деңгээлде катаалдатышы мүмкүн болсо, адвокат өзүнүн корголуучусунун кызыкчылыктары үчүн мүмкүн болушунча баардык нерсени кылышы керек, бирок ал башка соттолуучуга карата айыптоочунун позициясын ээлөөгө укуктуу эмес, аны кемсинтүүгө, кордоого, ага карата адилетсиз тыянактарды чыгарууга укуктуу эмес. Адвокат соттук тергөөдө да, ал тургай – коргоо сөзүндө да мындайга жол бербеши керек» [106].

Адвокат корголуучунун күнөөсүнүн далилденгендиги тууралуу арыз жасоого укуктуу эмес, анткени ал жазыксыздык презумциясын сакташы керек, ага ылайык ар бир кылмыш жасоого айыпталуучу анын күнөөсү мыйзамда каралган тартипте далилденмейинче жана соттун күчүнө кирген өкүмү менен белгиленмейинче күнөөлүү эмес болуп саналат. Эгерде корголуучу өзүн күнөөлүү деп тааныган учурда, адвокат мындай арыз кыла алабы деген суроо пайда болот. Адвокат мындайдан бир нече себеп боюнча өзүн өзү кармашы керек: биринчиден, корголуучу өзүнүн күнөөсүн билдирүүдө ак ниеттүү адашышы жана андай болбогондо, күнөөсүн таанышы мүмкүн; экинчиден, анын күнөөсүн тергөө тарабынан далилденбей, анын натыйжасында иш токтотулушу мүмкүн; үчүнчүдөн, соттолуучу сот тарабынан акталышы мүмкүн. Ошондуктан, адвокат, өзүнүн корголуучусунун күнөөлүүлүгү тууралуу эл алдында жарыялаганда, ал сот

тарабынан акталган учурда кандай абалда болуп калышын эстен чыгарбашы керек. Ушул пикир менен, албетте, макул болуу керек.

Мыйзамдын 16-беренесине ылайык, адвокат адвокаттык түзүлүштүн формасын жана адвокаттык иштин жүзөгө ашыруу жерин өз алдынча тандоого укуктуу.

Адвокаттык түзүлүштөрдүн формалары – мыйзам чыгаруучу КРдын «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамында колдонгон жаңы юридикалык термин. Мыйзамда адвокаттык кабинет, адвокаттар коллегиясы, адвокаттык бюро адвокаттык түзүлүштөрдүн формалары болуп саналгандыгы аныкталат. Мыйзамдын 16/1-беренесине ылайык, *адвокаттык* кабинетти адвокаттык ишти жеке түрдө ишке ашыруу боюнча кабыл алынган чечимдин негизинде адвокат уюштурат.

Адвокаттык кабинет юридикалык жак болуп саналбайт, ага карабастан, адвокат салык органдарында адвокаттык ишти жеке жүзөгө ашырып жаткан жеке жак катары эсепке турууга милдеттүү.

Юридикалык адабиятта адвокаттык кабинет формасында адвокаттык түзүлүштү тандоо тууралуу ар кандай пикирлер бар. Ошентип, А.В.Сучков (Самара областынын адвокаттар палатасынын вице-президенти) адвокаттык түзүлүштө адвокаттык кабинет формасында адвокаттык ишти жүзөгө ашыруу жамааттык адвокаттык түзүлүштөргө (адвокаттар коллегиясына, адвокаттык бюрого, юридикалык кеп-кеңеш берүүгө) караганда, артыкчылыктуу болуп саналат деп эсептейт, ал муну жамааттык адвокаттык түзүлүштөрдө адвокаттын эркиндиги, көз карандысыздыгы жана өз алдынча болушу жетишсиз билдирилгендиги менен негиздейт. Анын оюнча, адвокаттык түзүлүштүн уставынын талаптарын, башка адамдардын пикирлерин эсепке алуу зарылчылыгы, жана адвокаттык түзүлүштүн кесиптештери жана жетекчилиги менен компромисске баруу зарылчылыгынан улам адвокаттык түзүлүштүн өнүгүүсү жөнүндө өз пикирлерин жана жеке муктаждыктарын курман кылуу жагдайы адвокаттын

эркиндигин чектейт.

Ю.Ф.Закурдаев (Воронеж областтык адвокаттар палатасынын адвокаты), тескерисинче, жамааттык адвокаттык түзүлүштөргө артыкчылык берет жана даярдалган жана тийиштүү материалдык базасы бар адвокаттар тарабынан гана адвокаттык ишти адвокаттык кабинет формасында жүзөгө ашыруу мүмкүн деп эсептейт. Анын оюнча, азыр адвокаттар өз алдынча иштеп баштагандын себептеринин бири болуп айрым адвокаттардын “чексиз мейкиндикке” сиңип кетүүгө, контролдон кетүү гана эмес, таптакыр контролсуз болууга умтулгандыктары саналат. Мүмкүн болуучу кардарлар тарабынан гана эмес, кеңештин палатасы тарабынан да аларды табуу мүмкүн эмес. Ал эми алардын өздөрү байланышка чыгууга эч кандай каалоосу жок. Мындай байланышсыздык эч кимге: адвокаттардын өздөрүнө да, алардын кардарларына да, жалпысынан адвокатурага да пайда алып келбейт.

Биздин оюбузча, жаш, жаңы баштап жаткан юристтер үчүн адвокаттык ишти кабинет түзүүдөн баштоо максатка ылайыктуу эмес, анткени адвокат жалгыз иштеп, өнүгө албайт. Жаш адвокаттар жумушун коллегияда же адвокаттык бюродо башташы керек, ал жерде улук кесиптештеринен үйрөнүүгө жана алардын өтө баалуу тажрыйбасын жетишерлик түрдө тез кабыл алууга мүмкүнчүлүк бар.

Ар бир коммерциялык уюмдагыдай эле, адвокаттар коллегиясында коллегиянын уюштуруучу-мүчөлөрү жана уюштуруучулары болуп саналбаган мүчөлөрү турат. Коллегиянын уюштуруучулары жана уюштуруучулары эмес болуп саналган адвокаттардын укуктук статусунда кандайдыр бир айырмачылыктар Мыйзамда каралган эмес. Коллегиянын практикалык ишинде айырмачылыктар, адатынча, адвокаттар коллегиясынын өзүнүн ичинде мүлктүк өз ара мамилелерге тийиштүү болот.

Адвокаттар коллегиясынын мүлктүк абалына кененирээк токтолуп кетүү зарыл. Коллегиянын мүчөлөрү тарабынан киргизилген мүлк, адатынча, эки курамчадан турат:

а) мүчөлүк төгүмдөрдөн;

б) өздүк иштен түшкөн кирешелерден жана Кыргыз Республикасында тыюу салынбаган башка киреше түшкөн каражаттардан.

Коллегиянын уюштуруучулары тарабынан аны негиздөөдө киргизилген мүлк анын менчиги болуп саналат. Мында коллегиянын жана анын мүчөлөрүнүн милдеттенме жоопкерчилиги мыйзамда каралган эмес. Мыйзамдарда шериктештиктин – адвокаттар коллегиясын мүчөсүнө андан чыгууда өзүнүн мүлкүн кайтарып алууга, же болбосо анын акчалай эквивалентин алууга укук берилген. Бирок мындай укук менен колдонуу андай укук адвокаттар коллегиясынын уюштуруучу документтеринде чектелбегенде гана мүмкүн болот.

Мыйзамдын 27-беренесине ылайык, адвокаттар коллегиясында адвокаттын жана ишеним көрсөткөн жактын ортосунда юридикалык жардам берүү жөнүндө макулдашуулар түзүлүп, бул адвокаттар коллегиясынын документ жүгүртүү системасында эсепке алынат. Мындай формулировка жетиштүү түрдө ылайыктуу эмес болуп көрүнөт. Коллегия юридикалык жак болуп саналаарынан, ал эми адвокат болгону ушул юридикалык жактын мүчөсү болгондугунан улам аракет кылынышы керек. Ошондуктан, биздин оюбузча, макулдашуулар адвокаттар коллегиясынын атынан түзүлүп, анын мөөрү менен күбөлөндүрүлүшү керек. Анын үстүнө, жумуштун реалдуу практикасы көрсөткөндөй, адвокаттар уюмдар жана мекемелер менен юридикалык жардам көрсөтүүгө макулдашууларды коллегиянын атынан, аткарылган иш үчүн гонорар которулууга тийиш болгон анын алыш-бериш эсебин белгилеп, түзөт.

Ошондуктан, мыйзамдын милдеттеринин жана максаттарынын мазмуну аныкталган эмес чыгаруу жетишпегендиги адвокаттар коллегиясынын ички документтеринде компенсацияланышы керек, алар устав жана уюштуруу келишими болуп саналат.

Коммерциялык эмес шериктештиктин мүчөсү катары адвокат коллегиядан чыгарылышы мүмкүн. Ага карабастан, коммерциялык эмес уюмдар жана адвокаттык иш жөнүндө мыйзамдардын тексттеринде

адвокаттар коллегиясынын мүчөсүн чыгаруунун тартиби, шарттары жана негиздери аныкталган эмес. Адвокаттар коллегиясынын уюштуруу документтеринде бул процедура милдеттүү түрдө берилүүгө тийиш деп эсептейбиз.

Адвокаттар коллегиясын адвокаттык бюрого кайра уюштуруу учурларын эске албаганда, адвокаттардын коллегиясы коммерциялык уюм же башка ар кандай коммерциялык эмес уюм болуп кайра уюшулушу мүмкүн эмес.

КРдын «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иши жөнүндө» Мыйзамынын 16/3-беренеси адвокаттык түзүлүштүн уюуштуруу-укуктук формасы катары адвокаттык бюронун статусун жөнгө салат. Адвокаттык бюро адвокаттар коллегиясы сыяктуу адвокаттык ишти уюштуруучу коллективдк форма болуп эсептелет.

Адвокаттар коллегиясынын адвокаттык бюродон олуттуу айырмасы – бюродогу адвокаттардын өз ара өнөктөштүк келишим түзгөндүгүндө. Ага ылайык, алар ошол бюронун өнөктөштөрүнүн атынан натыйжалуу юридикалык жардам көрсөтүү үчүн аракеттерин бириктирүүгө милдеттенме алышат. Шериктештик келишими жашыруун маалыматты камтыган документ болуп саналат, жана адвокаттык бюронун мамлекеттик каттоого алуусу үчүн берилбейт.

Өзүнүн юридикалык табияты боюнча шериктештик келишими жарандык-укуктук келишимдин бир түрү болуп саналат. Милдеттүү шарт катары жөнөкөй шериктик келишиминин катышуучуларынын мүлктүк салымдарын бириктирүү боюнча милдеттенме каралган жөнөкөй шериктик келишиминен (биргелешкен иш жөнүндө келишиминен) айырмаланып, шериктештик келишиминин предмети болуп юридикалык жардам көрсөтүүдө адвокаттардын (шериктештердин) биргелешкен аракеттери саналат. Адвокаттар-шериктештер тарабынан мүлктүк салымдарды бириктирүү адвокаттык бюронун уюштуруу келишиминин алкагында гана өткөрүлүшү мүмкүн [107].

Өнөктөштүк келишими токтотулган мезгилден баштап анын катышуучулары ишеним көрсөткөндөргө жана үчүнчү жактарга карата аткарылбай калган жалпы милдеттенмелер боюнча жоопкерчиликти бирдей тартышат. Адвокаттык бюродогу шериктештердин бирдей жоопкерчилиги ишеним артуучулар жана үчүнчү жактар менен макулдашуулар жана башка бүтүмдөр баардык шериктештердин атынан гана түзүлгөндүккө негизделет. Ошондуктан адвокаттык бюронун ишеним артуучулардын жана үчүнчү жактардын алдындагы милдеттенмелери шериктештердин жалпы милдеттенмелери болуп саналат. Мындай учурларда ишеним артуучу жана үчүнчү жактар адвокаттык бюро тарабынан алынган милдеттенмелерди накталай аткарылышына, башкача айтканда квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүлүшүнө биринчи иретте ишениши анык. Бюродогу өнөктөштүк алакалар ар бир адвокаттын аларга ишеним көрсөткөндөрүнүн алдындагы жалпы жоопкерчиликти пайда кылат. Бул жагдай өнөктөштөрдүн ортосундагы өзгөчө ишенимге таянган мамилелерди жана көрсөтүлгөн юридикалык жардамдын сапатына өз ара контролдун натыйжалуу системасын талап кылат.

Демек, адвокаттык бюро – адвокаттар коллегиясына салыштырмалуу квалификациялуу юридикалык жардам көрсөткөн дээрлик туруктуу жана натыйжалуу адвокаттык түзүлүш [98].

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, адвокаттар жеке өзүнүн атынан коллегиянын, бюронун) кесиптик ишин анын алкагында жүзөгө ашырган адвокаттык түзүлүштөр юридикалык жардам көрсөтүүнүн субъекттери катары чыга албайт [98]. Алар алардын курамында болуп саналган адвокаттардын жеке кесиптик жумушу үчүн шарттарды камсыз кылууга гана чакырылган.

Адвокатура жөнүндө мыйзамдардын өнүгүүсүнүн белгилүү этабында адвокаттык түзүлүштөрдү дайындоого карата мындай мамиле кылуу акталган болчу. Бирок азыркы учурда ал адвокаттар тарабынан сындуу баалоолорду көбүрөөк жаратып жатат, анткени ал жумушту уюштурууда

жана кардарлар менен өз ара мамилелерде кыйынчылыктарды жаратат, адвокаттык иштин инфратүзүмүнүн өнүгүүсүнө тоскоолдук кылат, адвокаттардын юридикалык жардамын юридикалык кызматтардын рыногунда атаандаштыкка жарамсыз кылып, адвокаттарды алардын батыштагы кесиптештерине караганда алдын ала пайдасыз абалга коёт.

Азыркы учурда практикада адвокат юридикалык жардамды өзүнүн атынан гана көрсөтүүгө укуктуу деген мыйзамдын талабы оңой эле жеңилет, өзгөчө мындай чектөөлөр ири жана орто бизнестеги кардарлардын кызыкчылыктарына карама-каршы келгенде. Ошондуктан, атаандаштыкка жарамдуу адвокаттык иштин өнүгүүсүнө тоскоолдук кылган чектөөлөрдүн сакталышы маанисиз болуп саналат жана көбүнчө аткарылбайт.

Кээ бир адвокаттардын көрсөткөн кызматына салыштырмалуу юридикалык жактардын кичи жана чоң бизнеске көрсөткөн юридикалык жардамы бир кыйла ыңгайлуу.

Адвокаттар үчүн белгиленген салык жеңилдиктери адвокаттарга да, адвокат макамы жок юридикалык кызмат көрсөткөн жактарга да, алардын кардарларына да кызыгууну жаратпайт. Диссертанттын айтымы боюнча, адвокатура өзүнүн атынан квалификациялуу юридикалык жардам берүүгө мыйзам чыгаруучу уруксат берген адвокаттык билимдердин уюштуруучулук-укуктук түрлөрүнө муктаж. Адвокаттардын өз атынан гана эмес, адвокаттар түзгөн уюмдардын атынан максаттуулугу адвокаттар коомчулугу тарабынан мурда эле белгиленген [108].

# III глава. Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү сот адилеттигин натыйжалуу жүзөгө ашыруунун кепилдиги

## 3.1. Квалификациялуу юридикалык жардам алууга конституциялык укукту ишке ашыруунун укуктук кепилдиктери

Бул укукту ишке ашыруу механизминин жардамы менен сот адилеттигин жүзөгө ашырууда квалификациялуу юридикалык жардам алууга укук күчүнө кирет. Сот адилеттигин жүзөгө ашырууда квалификациялуу юридикалык жардамга укукту ишке ашыруу механизми процессуалдык укук мамилелеринде ушул укукту өнүктүрүүнүн конкреттүү процессин билдирет: бул процессуалдык мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу боюнча ишке катышкан адамдардын, ошондой эле соттун иши. Квалификациялуу юридикалык жардамга укук өзүнүн ишке ашырылышында бир нече стадиядан өтөт: пайда болуу, жүзөгө ашыруу жана токтотуу стадиясынан. Ушул укуктун пайда болуу негиздери, ал кандай жагдайларда ишке ашырылып жаткандыгына карабастан, дайыма бир болот – тигил же бул укук мамилелеринде адамда зарыл юридикалык ыктардын жок болгондугу жана квалификациялуу юридикалык жардам алууга болгон зарылчылык. Квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун жүзөгө ашыруу – ушул укуктун конкреттүү субъекти сот органдарында өзүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо үчүн ага мыйзам тарабынан берилген ыйгарым укуктарды колдонгон укук мамилелеринин динамикасын чагылдырган аны ишке ашыруу механизминин мазмуну боюнча эң көлөмдүү бөлүгү.

Сот процессинде квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун жүзөгө ашыруунун квалификациялуу юридикалык жардамга укуктун субъекттери тарабынан белгилүү ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу процессинде түздөн-түз анын субъекттери гана эмес, ушул укуктун субъекттери болуп саналбаган, бирок аны ишке ашыруунун субъекттери болуп чыккан башка субъекттер да катышкан аны ишке ашыруу механизминин маңызын түшүнүүдө негиз салуучу болуп саналган бир

өзгөчөлүгү бар. Бул субъектилерге, биринчи кезекте, сот, ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка органдар, башкалардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко кайрылган адамдар кирет.

Юридикалык жардам алууга конституциялык укукту ишке ашыруунун аяктоочу учуру болуп сот адилеттигин жүзөгө ашырууда квалификациялуу юридикалык жардам алууга укукту токтотуу эсептелет. Адатынча, ал ишти маңызы боюнча кароодо аяктаган сот актысы күчүнө кирген учурда токтотулат. Күчүнө кирген сот актыларын даттануу учурлары ушул эрежеден чыгарып салууларды түзөт. Тийиштүү даттануу берилгенде квалификациялуу юридикалык жардамга укук ушул инстанциянын соту тарабынан сот актысы чыгарылганга чейин улана берет. Сот актысын андан аркы даттанууга укук субъект тарабынан колдонулганда квалификациялуу юридикалык жардамга укукту ишке ашыруу механизми кийинки инстанцияда улантылат жана соттук коргоону жүзөгө ашыруу боюнча мыйзам тарабынан берилген баардык мүмкүнчүлүктөр түгөнгөндө биротоло токтотулат. Ошентип, сот актысы мыйзамдуу күчүнө киргени менен аныкталган квалификациялуу юридикалык жардамга укук токтотулган учур жетишерлик шарттуу болот. Соттук процессуалдык тартипте корголуучу укук мыйзамдуу жана негизделген чечим чыгарылганда зарыл коргоону алат, ушуга байланыштуу квалификациялуу юридикалык жардамга укукту ишке ашыруу механизми күчүндө болот жана соттук коргоону жүзөгө ашырууга кызыкдар болгон субъект тарабынан анда процессуалдык мыйзамдар тарабынан берилген кабыл алынган сот актысын даттануу боюнча ыйгарым укуктар бар болгонго чейин колдонулушу мүмкүн.

Юридикалык жардамдын түрлөрү болгон маалыматтык юридикалык жардам көрсөтүү жана субъективдүү укуктарды камсыз кылуу жаатындагы юридикалык жардамды жүзөгө ашыруу субъекттердин жүрүм-туруму укуктун чегинде болгондо ишке ашат. Коомдук жыргалчылык катары юридикалык жардамдын мааниси укук субъектиси үчүн анын субъективдүү

укуктары бузулган учурда өзгөчө муктаждык жаралгандыгында. Дал ушул себептен, юридикалык жардам алууга укуктун мазмунунун маанилүү элементи болуп аны субъективдүү укуктарды коргоо учурунда көрсөтүү болуп саналат [109].

Кандай гана болбосун субъективдүү укуктардын бузулушу аягында юридикалык жоопкерчиликке барып такалышы зарыл. Юридикалык жардам алууга конституциялык укук менен юридикалык жоопкерчиликтин өз ара катышы кандай болушу керек [110]?

Илимий изилдөөнүн объектилери болгон юридикалык жоопкерчилик менен юридикалык жардамдын өз ара иш алып баруусун эки аспектиде көрүнөт. Адамды юридикалык жоопкерчиликке тартууда юридикалык жардамды камсыз кылуу – биринчи аспектиси болсо, экинчиси – юридикалык  жардам алууга укук бузулганда юридикалык жоопкерчиликтин келип чыгышы болуп саналат [110].

Адамдын субъективдүү укуктарын бузуу коркунучу аны юридикалык жоопкерчиликке тартканда кескин түрдө жогорулайт. Квалификациялуу юридикалык жардам гана адилетсиз жазалоо, ошондой ашыкча жазалоо коркунучун төмөндөтүшү мүмкүн.

Укук субъектилерин юридикалык жардамдын ар кандай түрлөрүнө тартуу учурларында юридикалык жардамдын ролун карап чыксак. Илимде жалпы таанылган жазык, жарандык-укуктук, административдык, дисциплинардык, материалдык сыяктуу юридикалык жоопкерчиликтин түрлөрүнөн сырткары, конституциялык жоопкерчилик түшүнүгү да бар экендиги бизге белгилүү.

Юридикалык жоопкерчилик жана юридикалык жардам алууга укук өз ара бир кыйла кеңири байланышат. Алсак, юридикалык жоопкерчиликтин негизги принциптери болгон мыйзамдуулук, негиздүүлүк, адилеттүүлүк, максаттуулукту камсыз кылуунун кепилдиктеринин бири болуп юридикалык жардам эсептелет. “Советтик укук боюнча санкция колдонулган (же колдонулушу мүмкүн болгон) адамга юридикалык коргоого укукту камсыз

кылуу – жоопкерчиликтин эң маанилүү жана жалпы принциби [111]. Бул укуктун ишке ашырылышы жоопкерчиликтин так гана өзүнүн процесстик формасы тарабынан камсыз кылынат" – деп белгилейт О.Э.Лейст өзүнүн эмгегинде [111].

Кандай гана түрдөгү болбосун юридикалып жоопкерчиликке тартылып жаткан адамдын юридикалык жардам алууга конституциялык укугу тиешелүү тармак боюнча мыйзамда сөзсүз каралган. Административдик, жазык жоопкерчилиги – адвокатка укугун караса, дисциплинардык, жарандык, материалдык укук боюнча – мыйзамдуу өкүлүнө ээ болуу укугу [112].

Конституциялык укук жаатында конституциялык жоопкерчилик түшүнүгү сейрек кездешүүчү кубулуш экендигин эске алуу зарыл. Бул факт конституциялык жоопкерчилик юридикалык жоопкерчиликтин өз алдынча түрү катарында бар экендигин кээ бир авторлор тарабынан такыр жокко чыгарууга шарт түзөт [112]. Албетте, юридикалык жардам жаранга кылмыш, административдик, жарандык жана дисциплинардык жоопкерчиликке тартылган учурларда да көрсөтүлөт.

Ошентип, биз улуттук мыйзамдарды иштеп чыгуунун азыркы этабында юридикалык жардам жана юридикалык жоопкерчилик бири-бирине олуттуу таасирин тийгизип гана тим болбостон, ушунчалык тыгыз байланышта болуп, алардын өзүнчө жашоосу мүмкүн болбой калганын көрөбүз.

Субъективдүү укуктарды коргоодо анын көрсөтүлүшүнө байланыштуу юридикалык жардамды карап чыгып, эки багытта: юридикалык жардамга укукту юридикалык жардам көрсөтүп жаткан адамдардын укукка каршы жүрүш-турушунан коргоого алуу, жана ушул укукту үчүнчү жактардын укукка каршы жүрүш-турушунан коргоого алуу багыттарында жүзөгө ашырылган субъективдүү укуктун өзүн коргоого алуу маселесине өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Юридикалык жардамга укукту юридикалык жардам берип жаткан адамдардын укукка каршы жүрүш-турушунан коргоого алуу абдан актуалдуу

маселе болуп саналат. Юридикалык кызмат көрсөтүүлөрүнүн рыногун тартипке келтирүү, аны цивилизациялуу, мамлекет тарабынан контролдонгон алкактарга киргизүү зарыл болуп көрүнөт. Учурда адамдарга юридикалык жардам берип жаткандардын ишин көзөмөлгө алуу абдан маанилүү болуп турат. Алсак, бул көзөмөлдөө ал адамдар тарабынан юридикалык жардам көрсөтүү жаатындагы мыйзамдардын талаптары менен шарттарынын толук сакталышы үчүн керек. Кеп жалпысынан укук тармагынын жыйындысы катары мыйзамдарды талап кылуу жөнүндө эмес, юридикалык кызматтарды көрсөтүү боюнча иш-аракеттерди жөнгө салуу менен байланышкан мыйзамдар жөнүндө гана болуп жатат. Башкача айтканда, юридикалык кызмат көрсөтүүлөрү тарабынан берилген жыргалчылыктын мазмунун өзү эмес, ошол кызмат көрсөтүүлөрүн берүү боюнча иш контролдоого тартылышы керек. Демек, юридикалык консультация берген адам анын расмий укуктары бар деген мааниде (юридикалык билим берүү, лицензия ж.б.) көзөмөлгө алынышы мүмкүн, бирок бул консультациянын жеке мазмуну эмес. Контроль биринчи кезекте ушул ишти жүзөгө ашырууда мыйзамдуулукту сактоо, жарандардын жана юридикалык жактардын - юридикалык кызматтардын керектөөчүлөрүнүн укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо максатында жүргүзүлүшү керек [98].

Жарандардын юридикалык жардам алуу жаатындагы кызмат көрсөткөндөрдүн ишмердүүлүгүнө көзөмөлдү бир катар органдар жүргүзөт. Ошол эле учурда юридикалык жардам көрсөткөндөрдүн ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө аркылуу гана каалаган натыйжаларга жетүү мүмкүн эместиги анык. Ошондой эле юридикалык жардам көрсөткөн адамдар тарабынан өзүн өзү контролдоо да зарыл [98]. Акыркысы кардарлар менен, бири бири ж.б. менен өз ара мамилелерде белгилүү моралдык-этикалык эрежелерди иштеп чыгуу максатында кызыкчылыктардын жалпылыгынын негизинде аларды ассоциацияларга бириктирүү зарылчылыгы менен билдирилет.

Юридикалык жардам алуу укугун коргоо, ошондой эле ушул

конституциялык укукту бузгандыгы үчүн юридикалык жоопкерчиликти белгилөө жолу менен жүзөгө ашырылат. Конституциялык, жазык жана дисциплинардык жоопкерчиликке тартуу жолун юридикалык жардам алууга укук бузулганда белгиленет.

Кыргыз Республикасынын учурдагы Конституциясында юридикалык жардам алуу укугун, ошондой эле башка субъективдүү укуктарды бузгандыгы үчүн конституциялык жоопкерчилик тууралуу так белгиленген эмес. Адамдын жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо жоопкерчилиги конституция боюнча мамлекеттин милдети болуп саналат. Коргоо, атап айтканда, укуктарды коргоо механизмин түзүү, б.а. конституциялык укуктарды бузган субъекттерди юридикалык жоопкерчиликке тартуу мүмкүнчүлүгү [112].

КР Конституциясында юридикалык жардамга укукту бузууга тыюу салуу жөнүндө түздөн-түз эскертүүнүн жок болгондугу жалпы эреже болуп саналбайт. Айрым өлкөлөрдүн кеңири конституцияларында юридикалык жардамга укукту камсыз кылууга тоскоолдук кылууга тыюу салган коргоого алуучу конституциялык ченемдер белгиленген. Алсак, “Укуктук жардам көрсөтүүгө каршы аракет жасоого Беларусь Республикасында тыюу салынат”, деп берилет БРдин Конституциясынын 62-беренесинде.

Жазык мыйзамдарында юридикалык жардам алуу укугун бузгандыгы үчүн түздөн-түз кылмыш жоопкерчилигин караган кылмыш курамы жок. Ошол эле учурда, кызмат адамы юридикалык жардам алууга укукту бузса аны укуктук жоопкерчиликке тартуунун жолу каралган. Мисалга, эгер кызмат адамы кызматтык ыйгарым укуктарын кызматтын кызыкчылыгына каршы пайдаланса жана анын негизинде юридикалык жардам алуу укугу бузулган болсо, анда ал кызматтык ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдаланган деп жоопко тартылышы мүмкүн [112].

Демек, юридикалык жардам алуу укугун бузуу мыйзамга ылайык, жазык жана башка укуктук жоопкерчиликке алып келет. Бирок, мыйзамды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик учурдагы мыйзамдардын коргоочу

ченемдеринде бекитилген жана кээде ар кандай ченемдик укуктук актылардагы бир нече беренелерден алынып салынышы мүмкүн [112]. Мисалы, ар бир адам квалификациялуу юридикалык жардам алууга укуктуу деп Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинде так жазылган. Жазык-процесстик мыйзамдарга ылайык, айыпталуучу жактоочуну чакырууга укуктуу, ал эми адвокат өз кезегинде шектүүнү же айыпталуучуну коргоодон баш тарта албайт. Адвокат юридикалык жардам көрсөтүү боюнча өзүнүн милдетинен баш тарткан учурда, ага жоопкерчилик жүктөлүшү мүмкүн.

Юридикалык жардамга укукту бузуу үчүн юридикалык жардамдан ушул укукту коргоо чараларын айырмалоо зарыл деп белгилеп кетүү керек. Юридикалык адабияттарда кээ бир авторлор: “Коргоо чаралары бул бузулган укукту калыбына келтирүү үчүн калыптандыруу милдеттерин ишке ашырууга багытталган мамлекеттик-бийликтин мажбурлоочу ишмердүүлүгү” деп белгилешет [98].

Сотко чейинки тергөө баскычында адам юридикалык жардам менен камсыз болбогон учуру юридикалык жардамга конституциялык укукту коргоо чарасына мисал боло алат. Берилген кырдаалда, ошол тергөө учурунда алынган далилдер бардык юридикалык күчүн жоготот, себеби алар жазык-процесстик мыйзамды бузуу менен алынды деп табылат [98].

Кийинки коргоо чарасы - юридикалык жардам алуу укугун бузган мыйзамсыз актыны жокко чыгаруу. Демек, эгерде ченемдик актыда юридикалык жардам алуу укугун бузган жоболор болсо, акыркысы жокко чыгарылышы керек.

Юридикалык жардам алуу укугун камсыз кылуунун жана коргоонун эл аралык кепилдиктер системасы эң маанилүү шарты болуп эсептелинет.

Булардан кийинки орунда, жазык, жарандык, административдик укуктук жана башка кепилдиктерди камтыган баардык тармактык юридикалык кепилдиктердин негизи болуп саналган конституциялык кепилдиктер турат [113].

Адам укуктарына кепилдик берүүнүн эл аралык жана мамлекеттин ички механизмдеринин бириктирүүчү звеносу конституциялык кепилдиктер системасы болуп саналат [114]. Юридикалык жардам алуу укугунун конституциялык-укуктук кепилдиктерине төмөнкүлөр кирет: бул укукту коргоонун бардык укуктук кепилдиктери үчүн негиз болуп саналган юридикалык институттарды түзүү;

бул укукту конституциялык бекемдөө жана аны камсыз кылуунун кепилдиктери;

мамлекеттик бийлик органдары тарабынан адам укуктарын (берилген учурда юридикалык жардам алууга укугун) коргоого багытталган мамлекеттик органдардын ишин контролдоону камсыздоо [114].

Конституция жарандын конкреттүү укугун жарыялап гана тим болбостон, мамлекеттин, кызматкерлердин жана жарандардын ишмердүүлүгүнүн принциптерине негиз салат.

Бул кепилдиктердин дагы бир аспектиси - бул өз өкмөттөрүнүн укуктук жардам көрсөтүү саясатына таасир эте ала турган, адам укуктарынын корголушун камсыздоо жаатында дүйнөлүк коомдук пикирдин калыптанышына таасир эте ала турган эл аралык өкмөттүк эмес укуктук кыймылдардын түзүлүшү жана болушу, юридикалык жардам, адам укуктары боюнча эл аралык органдардын ишмердүүлүгүнө көмөктөшүү, ошондой эле планетанын ар кайсы мамлекеттеринде билим берүү жана тарбия иштерин жүргүзүү. Мындай кыймылдар дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө бар.

Бул кепилдиктин бирдей маанилүү жагы юридикалык жардам көрсөтүү боюнча эл аралык кызматташтыкты күчөтүү болуп саналат. Эл аралык кызматташтыкты чыңдоо - бул маселелерди чечүүдө айрым өлкөлөргө дүйнөлүк коомчулуктун жардамын күчөтүү, адам укуктарынын көйгөйлөрү боюнча эл аралык жолугушууларды өткөрүү.

Адамдардын юридикалык жардамга болгон укуктарынын эл аралык экономикалык кепилдиги, азыркы эл аралык документтердин көз карашы боюнча, эл аралык коомчулук тарабынан экономика жаатында кабыл

алынган, юридикалык жардамга адам укугун камсыз кылуу үчүн материалдык шарттарды түзүүгө багытталган иш-чаралардын жыйындысы катары каралышы керек [115].

Каралып жаткан укуктун мамлекеттер аралык укуктук кепилдиктери катары бул укуктун кээ бир адамдар тарабынан да, жер шарынын бүткүл мамлекеттеринде жашаган калк тарабынан да чындап ишке ашуусун, аны менен бирге айрым адамдар, алардын топтору тарабынан да, жалпы айтканда, кандай гана болбосун, мамлекет кол салган учурда анын ишеничтүү корголушун камсыздоочу ушул өңдүү эл аралык-укуктук шарттардын, аларды ишке ашыруучу каражаттардын топтомун түшүнүү керек.

Кепилдиктердин мындай түрүнүн түшүнүгүн аныктоо менен, аты аталган эл аралык-укуктук каражаттарга эл аралык-укуктук ченемдик актылар (конвенциялар, келишимдер, декларациялар ж.б) гана эмес, адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыздоо милдеттендирилген ар түрдүү эл аралык уюмдар жана мекемелер дагы таандык экендигин баса көрсөтүү зарыл.

Өлкөлөрдү кучагына алуудагы эл аралык көзөмөлдөө рычагдары же универсалдуу, же региондук болот. Түзүлүү жолу жана аткарган милдеттери боюнча бул механизмдер адам укуктарына байланыштуу так келишимдердин негизинде гана анын жоболорунун аткарылышын камсыз кылуу үчүн түзүлүп, адам укуктары боюнча эл аралык стандарттардын аткарылышын ишке ашыруу боюнча компетенцияларга да ээ болушу ыктымал.

Демек, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө пактынын жоболорун (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 12-январындагы № 1406-XII токтому менен киргизилген) тез арада жана эскертүү берилбестен аткарыш керек болсо, Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө пакт мамлекеттерди болгону “Пактта таанылган укуктардын бара-бара толук жүзөгө ашырылышын камсыз кылуу үчүн бар болгон ресурстардын максималдуу алкагында чараларды кабыл алууга” (2-

берененин 1-бөлүгү) гана милдеттендирет (Кыргыз Республикасы 1994-жылдын 12-январындагы № 1406-XII КР Жогорку Кеңешинин токтому менен кошулган). Мындан улам, белгиленген укуктар юридикалык ченемдер болуп саналбай, болгону мамлекет келечекте умтула турган стандарт гана экен. Алсак, АКШ каралып жаткан укуктар юридикалык жактан милдеттүү эмес, айрыкча каалоого негизделген позицияны расмий түрдө карманат. Демек, бул укуктардын ишке ашышы мамлекеттин материалдык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша акырындап жолго коюлат жана камсыздалат. Жарандык жана саясий укуктарга караганда укуктардын бул топтомун имплементациялоо механизминдеги айырмачылыктар да сакталып калат, б.а. Адам укуктары боюнча комитеттин Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча комитетке салыштырмалуу (бул Комитет 1984-жылы негизделген) дээрлик көп мүмкүнчүлүктөрү бар [116].

Жалпысынан социалдык-экономикалык укуктарга жана адамдын юридикалык жардам алууга болгон мындай мамилеси автор тарабынан кабыл алынгыс деп эсептелет, анткени бул укуктун маанисин төмөндөтөт.

Демек, юридикалык жардам алууга укукту камсыздоо, адам укуктарын коргоо максатында түзүлгөн эл аралык макулдашуулар, стандарттар кабыл алынып, адам укуктарын коргоо үчүн көзөмөлдүн эл аралык механизми түзүлөт. Колдонуудагы эл аралык келишимдердеги милдеттенмелер бузулса, эл аралык укуктук жоопкерчилик каралат. Анын түрлөрү жана формалары бузуулардын олуттулугу менен аныкталат. Жыйынтыгында, адам укуктарынын кадыресе бузулушуна жоопкерчиликти, эреже катары, тийиштүү милдеттенмелерди бузуучунун дарегине кызыкдар тараптардын көрсөтмөсү түрүндөгү зомбулуксуз санкциялар алып жүрөт. Бул өңдүү чаралардан натыйжа чыкпаса, бузуучуга карата таасир этүү кошумча саясий жана экономикалык санкциялар менен күчөтүлүшү мүмкүн. Адам укуктарынын бузулушуна жоопкерчилик универсалдык да, аймактык да макулдашуулардын негизинде жүктөлүшү мүмкүн [117].

Юридикалык жардамга адам укуктарын коргоо боюнча универсалдуу

жана аймактык системалардын кучагында өлкөлөрдүн өз ара кызматташтыгы менен бирге эки тараптуу жана көп тараптуу мындай кызматташтык макулдашууларды түзүүнүн алкагында ишке ашуусу мүмкүн деп баса белгилеп кетиш керек.

Жогоруда айталгандарга таянуу менен төмөндөгүдөй жыйынтык чыгаруу керек: бул укукту камсыз кылуунун маселелеринде юридикалык жардам алуу укугунун эл аралык кепилдиктери зор мааниге ээ болуп жатат.

Эл аралык укуктун ченемдеринин оң жагын аныктаган жана аны юридикалык жардам алуу, башка укук мамилелерине тиешелүү укук мамилелерине карата конкреттештирген мыйзам ченемдерин талдоо менен, көптөгөн авторлор анын декларациядан ашык эмес экендигин белгилешет.

Мамлекеттик ички мыйзамдарга караганда эл аралык укуктун ченемдеринин артыкчылыгы жөнүндө конституциялык жобону ишке ашыруу механизмин жок десек болот, ага ылайык бир дагы сот органы укук колдонуу тажрыйбасында жоболорунда кемтиги бар эл аралык келишимге шилтеме берүү менен өлкөнүн жаранынан доону кабыл албайт.

Конституциялык кепилдиктердин өзгөчөлүгү алар юридикалык жардамга укуктун бардык юридикалык башка кепилдиктери үчүн баштапкы болгондугунда. Демек, конституциялык ченемдердин бардыгы мамлекеттик органдардын укук боюнча иштеринин негиздерин бекитүү аркылуу укуктун мүмкүн болгон оптималдуу шарттарын камсыз кылат.

Адам менен жарандын эркиндиктерин жөнгө салуу жана коргоо Кыргыз Республикасынын аймагында гана каралган Конституциянын ченеми менен кепилдикке алынат.

Кыргыз Республикасынын Президенти - адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин гаранты. Өкмөт жарандардын укуктарын камсыз кылуу боюнча чараларды көрүүдө, анын ичинде юридикалык жардам алуу укугу да бар

Жарандардын конституциялык укуктарын коргоо үчүн мамлекет бүтүндөй механизмдерди түзүп чыккан. Ал өзүнө, биринчиден, укук

бузууларды ачыктоо үчүн укук субъектилеринин жүрүм-турумунун укук ченемине көзөмөлдөө жана контролдоо чараларын; экинчиден, укуктук коргоо чараларын, үчүнчүдөн, укукту коргоого алууун процессуалдык формасын камтыйт. Контролдоо жана көзөмөлдөө чараларына төмөнкүлөр кирет: соттук көзөмөл, коомдук көзөмөл, прокурордук көзөмөл.

Контролдун өзгөчө түрү – бул омбудсмен институту (Омбудсмен - Акыйкатчы). Анын укук жана милдеттери Конституция менен катар «Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчы) жөнүндө» Мыйзамында белгиленген [118]. Ушул Мыйзамдын 1-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, аны кабыл алуунун максаты болуп «жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин мамлекеттик коргоо, аларды мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана кызмат адамдары тарабынан сактоо жана сыйлоо», аны менен бирге юридикалык жардамга укугунун кепилдиктерин камсыздоо эсептелет. Омбудсмендин адам укуктары боюнча практикалык ишмердүүлүгү укуктары бузулган адамдарга юридикалык жардам көрсөтүү менен жүйөлөнөт [118].

Сот тарбагы жеке адамдарга юридикалык жардам көрсөтүүдө коргоонун эффективдүү кепилдиги катары болуп саналат. Анын үстүнө, биринчиси, анын укуктарын башка адамдардын негизсиз кол салууларынан коргоонун жана сактоонун кепилдиктерин камсыз кылса, экинчиси "адам-мамлекет" мамилелериндеги укуктар менен эркиндиктерге кепилдик берет [119].

Сотко даттануу менен кайрылууларды жана доо арыз берүү үчүн мыйзамдуу жүйөө болуп, КР Конституциясынын 61-беренесинин жоболору саналат, аларга ылайык жарандар квалификациялуу юридикалык жардамга укуктуу. Жарандардын өз укуктарын коргоо үчүн сотко кайрылуусу үчүн конкреттүү конституциялык кепилдиктер Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинде камтылган.

Жарандардын көрсөтүлгөн укуктары менен эркиндиктерин коргоо кепилдиктери менен бирге мыйзам чыгаруучу бузулган укуктарды бардык мыйзамдуу жолдор менен коргоо боюнча жарандардын кылган өз

аракеттерин да карайт.

Укук коргоочу кыймыл, б.а. калктын белгилүү категорияларынын кызыкчылыктарын камсыз кылуунун жалпы же болбосо максаттуу милдети катары укуктарды жана эркиндиктерди коргоо үчүн ар кандай түрдөгү бирикмелер формасындагы жамааттык аракеттер өзгөчө мааниге ээ.

Соттогу коргоого болгон укук жеке жакка, аны менен бирге сотто өкүлдүн жардамы менен өз укуктарын коргой алган аракетке жөндөмсүз адамга да таандык. Бир эле акт менен укуктары бузулган адамдар биригип, жамааттык даттануу менен кайрыла алат.

Сотто даттанууга мүмкүн болгон чечимдерди ченемдик да, укук колдонуучу актылар деп да түшүнүү керек. Мыйзамга туура келбеген аракеттер кызмат адамдарынын же органдарынын эч жерде катталбаган чечимдеринин негизинде кабыл алынышы мүмкүн. Аракетсиздик, мисалы, кызмат адамы тарабынан даттанууну карап чыкпагандыгынан чагылдырылышы мүмкүн [119]. Белгилей кетсек, жеке да, жамааттык да чечимдер даттанууга жатат.

Конституциялык ченемдер жана бул укуктары соттук коргоо мүмкүнчүлүктөрү менен катар жарандар тармактык укук каражаттарынын жардамына таянуу менен юридикалык жардам алууга өз укугун коргой алышат.

Мындай тапта, Кыргыз Республикасынын Жазык-процессуалдык кодексинде жана башка тармактык ченемдик актыларды бекитилген укуктук кепилдиктер эң эле зор мааниге ээ.

Юридикалык жардамга укуктун башка тармактардагы кепилдиктеринен администрациялык-укуктук кепилдиктерге өзгөчө маани берилет. Бул бир жагынан администрациялык мыйзамдарда эң алгач конституциялык укуктар жана эркиндиктер конкреттештирилет жана деталдаштырылат, экинчи жагынан, дал ошол нерсе күнүмдүк кепилдиктердин дээрлик сезилерлик системасын түзгөндүгү менен шартталат.

Мисалга алсак, КРдын 1994-жылдын 11-январындагы № 1360-XII «Ички

иштер органдары жөнүндө» Мыйзамына ылайык, жарандын укуктарын жана эркиндиктерин чектөөнүн бардык учурларында милиция кызматкерине мындай чектөөнүн себебин жана негизин териштирүү милдети, ошондой эле ушуга байланыштуу анын келип чыккан укуктары жана милдеттери жүктөлөт.

Жогоруда белгиленген Мыйзамдын 3-беренесине ылайык, ички иштер органдары кармалган, камакка алынган жана соттолгон адамдарга юридикалык жардамга укукту ишке ашырууга мүмкүнчүлүк беришет, туугандарын, иштеген же окуган жери боюнча администрацияны алар болгон жер тууралуу маалымдашат.

Тармактык кепилдиктердин ушул түрү менен катар, юридикалык жардамга укуктун жазык-укуктук кепилдиктеринин тутуму да бар. Жазык-укуктук каражаттар жарандардын укуктарын камсыз кылуунун эң эле акыркы чарасы болуп саналат.

Жазык иштерди, процессуалдык аракеттерди кароодо жана чечүүдө жазык-процессуалдык мыйзам менен белгиленген шарттар, тартип, ыраатуулук, процессуалдык чечимдерди кабыл алуу конкреттүү конституциялык укук бузуудан калкалап тургандыгы менен чечмеленет. Юридикалык жардамга карата укукту камсыз кылууда жана коргоодо процессуалдык кепилдиктер чоң роль ойнойт.

Азыркы этапта юридикалык жардамга укуктун кепилдиктеринин бар болушу юридикалык жардам алууга укуктун толук ишке ашырылышын камсыз кылбайт.

Бул сыяктуу проблемалардын көп түрүнөн улам, себептерди салттуу эки топко бөлүп караса болот: обьективдүү жана субьективдүү. Биздин оюбузча, ушул укуктан жаралган татаал кырдаалдын башкы обьективдүү себеби болуп көп жылдык экономикалык кризис эсептелет. Анын натыйжасы катары юридикалык муктаждыктарга бюджетте жетиштүү акчанын жоктугун айтса болот [120].

Бул маселенин мындан аркы абалы көз каранды болгон көйгөйлөрдүн

негизинде төмөнкү милдеттер түзүлүшү мүмкүн:укуктук реформанын ажырагыс бөлүгү катары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын максаттуу түрдө түзүү керек;

- юридикалык жардам берүү жаатында мамлекеттик органдар, биринчи кезекте, КР Жогорку Кеңеши тарабынан ишке ашкан мыйзам чыгаруу иштерин координациялоо;
- мыйзам долбоорлоруна укуктук экспертиза уюштуруу;
- юридикалык жардам көрсөтүү жана алуу боюнча артыкчылыктуу мыйзам долбоорлорунун тизмесине киргизүү;
- юридикалык жардам көрсөтүү боюнча борбордун ишин жакшыртуу;
- КМШнын алкагында бул мамлекеттердин юристтери менен бирге жарандарга укуктук жардам көрсөтүү боюнча мыйзамдык актыларды даярдоо зарыл.

Себептердин белгиленген тобунун башында укук бузуулар үчүн кызмат адамдарынын жоопкерчилигинин жоктугунан улам күчөп кеткен укуктук маданиятынын төмөндүгүнө тиешелүү көйгөйдү коёр элек.

Акыркысы укукка карата сыйлабоону туруктуу түрдө билдирүүгө, аны тоготпогондукка алып келет. Ошону менен катар, көйгөйлөрдүн чечилбестигине андан кем эмес олуттуу салым болуп өздөрүнүн укуктарын соттук тартипте коргоого көнбөгөн жарандардын төмөн укуктук маданияты саналат. Акыркы факт мамлекеттик бийлик органдарына жана башкарууга ишенбестик менен түшүндүрүлөт. Бул тенденция акыркы убакта жарандардын коомдук аң -сезимине бекем орноду.

### 3.2. Жарыштуулуктун конституциялык принцибин жана сот өндүрүшүнүн тараптарынын тең укуктуулугун кепилдөө каражаты катары юридикалык жардамдын мааниси

Квалификациялуу юридикалык жардам укуктарды жана эркиндиктерди сот аркылуу коргоо үчүн да, эффективдүү сот адилеттигин жүзөгө ашыруу

үчүн да кепилдик мааниге ээ.

Мындай тапта, квалификациялуу юридикалык жардам институту, сот процессинде адвокаттын катышуусу сот өндүрүшүнүн конституциялык негиздерин кепилдөө каражаты болуп саналат, ал, албетте, сот бийлигинин иштөөсүнүн негиздөөчү принциптеринин бирине – анын өз алдынчалуулугунун принцибине шек келтирбеши керек [121]. Мындай тапта, юридикалык жардам институтунун түздөн-түз таасир этүүсү жөнүндө сот адилеттигинин эң маанилүү конституциялык принциптеринин бири катары башка принципке – тараптардын жарыштуулугу жана тең укуктуулугу принцибине (КР Конституциясынын 99-беренесинин 3-бөлүгү) карата биринчи ирет айтса болот.

В.М.Семеновдун пикири боюнча, жарандардын конституциялык теңдиги менен шартталган ушул принциптин маңызы процессуалдык иштин жарыштуулук тартибинин шарттарында өздөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоонун процессуалдык каражаттарын реалдуу түрдө колдонууга тараптардын мыйзамдарда белгиленген жана сот тарабынан камсыз кылынган тең мүмкүнчүлүктөрү менен билдирилет [120].

Сот өндүрүшүнүн жарыштуулугу, адатынча, белгилүү тартипти, далилдөө милдетин бөлүштүрүү эрежесин, далилдерди изилдөө ыкмасын, ошондой эле далилдөө формасын билдирет. Мында сот өндүрүшүнүн жарыштуулугунун конкреттүү мазмунунун сот өндүрүштүк мамилелердин тигил же бул түрүнүн өзгөчөлүгү жана алардын негизинде турган, корголууга жаткан материалдык кызыкчылыктарга байланыштуу белгилүү өзгөчөлүктөрү бар болушу мүмкүн.

Жарандык сот өндүрүшүнүн чөйрөсүндө далилдөөнүн жарыштуулук тартиби далилдөө милдети талаштын катышуучуларына жүктөлгөндүгүн билдирет: ишке катышкан ар бир адам өзүнүн талаптарынын жана каршы пикирлеринин негизинде шилтеме кылган жагдайларды далилдөөгө милдеттүү [122]. Сот процессине катышып жаткан ар бир тараптын талаш укук мамилелерге карата өз позициясы, өз пикири бар, мында доогердин

жана жоопкердин позициялары далилсиз эмес, иш жүзүндөгү жагдайларга жана мыйзамга негизделген болушу керек экендиги билдирилет. Ушул талаптын сакталбагандыгы ишти уттурууга алып келет [122]. Тараптар тарабынан иш үчүн маанилүү жагдайларды далилдөө милдетин сот тарабынан туура эмес бөлүштүрүү да, чыгарылган сот чечимин жокко чыгарууга шартсыз негиз болуп саналып, процессуалдык укуктун ченемдерин олуттуу бузуу болуп саналат. Ошондой эле, ишке катышкан башка адамдар, эгерде алар өздөрү же укуктарын коргоо үчүн доо берилген адамдар үчүн эң эле жагымдуу чечимге жетүүнү каалашса, иш үчүн олуттуу мааниси бар баардык юридикалык фактtарды сотко билдирүүгө, ошол фактыларды далилдеген же жокко чыгарган далилдерди берүүгө, ошондой эле сотту өзүнүн актыгына ишендирүүгө багытталган мыйзамда каралган башка процессуалдык аракеттерди кылууга милдеттүү [81].

Жазык процессуалдык укуктун илиминде жарыштуулук принцибинин элементи болуп, адатынча, төмөнкүлөр саналат: 1) айыптоо, коргоо жана сот адилеттигин жүзөгө ашыруу процессуалдык функцияларынын бөлүштүрүлүшү; 2) айыптоого жана коргоого тараптардын статусун, б.а. айткан сөздөрүн жактоо жана каршы тараптын айткан сөздөрүнө каршы чыгып талашуу үчүн процессуалдык кызыкчылыгы жана тең процессуалдык укуктары бар катышуучулардын статусун ыйгаруу; 3) тараптардын тең укуктуулугу; 4) тараптар тарабынан алардын процессуалдык милдеттерин аткаруу жана аларга берилген укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл шарттарды түзүү менен соттун ролун чектөө [78]. Ошондой эле, жарыштуулук административдик сот өндүрүшүндө билдирилет, ал адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин, аны эл алдында жоопкерчиликке тартуу аркылуу чектөө менен байланыштуу болуп, конкреттүү адам административдик укук бузууну кылгандыгын эл алдындагы бийлик тарабынан далилдөөнү талап кылат.

Конституциялык-соттук процессте жарыштуулуктун өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар, алар конституциялык-укуктук талаштын тараптарынын,

тактап айтканда, адатынча, жарандын жана мамлекеттин укуктук статустарынын мүнөздөмөлөрүнүн жана реалдуу процессуалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн олуттуу айырмачылыктары менен аныкталат. Ушуга ылайык, конституциялык-соттук процесс конституциялык контролдоо органынын кеңири активдүүлүгүн билдирет. Ошону менен бирге, бир катар конституциялык-соттук жол-жоболордо тараптардын ортосунда талаштын жок болгондугу (түшүндүрмө жөнүндө суроо-талаптар, мыйзамдардын конституцияга ылайыктуулугу жөнүндө соттордун суроо-талаптары) аталган принцип толук колдонбогондугуна алып келет.

Айтылганды жалпылап, эң эле кеңири тапта жарыштуулук, биринчи ирет, жүзөгө ашырылышы соттук талаштын катышуучуларына жүктөлгөн активдүү процессуалдык ишти билдирет деп айтууга болот.

Өз учурунда, сот өндүрүштүк мамилелерде эки жактуу – мыйзам жана сот алдында баардыгынын теңчилигинин жалпы конституциялык императивинин жана дискриминациялоого тыюу салуунун билдирүүсү (КР Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгү) жана ошол эле убакта – тараптардын жарыштуулугу жана тең укуктуулугу принцибинин курамча элементтеринин бири (КР Конституциясынын 99-беренесинин 3-бөлүгү) катары чыккан тең укуктуулуктун конституциялык принциби тең субъекттерге тең мамиле кылууну, жана, ушуга ылайык, алардын субъективдүү укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын тең укуктук корголушун камсыз кылууну талап кылат. Ошондуктан гана, конституциялык жөнгө салуу тутумунда мыйзам алдында теңчилик сот алдында теңчилик талабы менен бирдикте белгиленет.

Ошентип, юридикалык доктринага таянып, КР Конституциясы өзүнүн ченемдик мазмунуна жараша тараптардын талаштуулугунун жана тең укуктуулугунун конституциялык принцибинин бирдиктүү мазмунун белгилейт, анын элементтеринин өз ара аракеттенүүсү төмөнкүлөрдө турат: бир жагынан, сот өндүрүшү катышуучулардын теңчилигинде жарыштуулук формасында өтүшү керек; экинчи жагынан, жарыштуулук табияты боюнча

тараптардын теңчилигин билдирет. Ошондуктан, процессуалдык иштин деңгээлинде тараптардын жарыштуулугу жана тең укуктуулугу принцибинин маңыздуу мүнөздөмөлөрү жарыштуулук заманбап демократиялык сот процессинин эң маанилүү сапаттык мүнөздөмөсү катары бир эле мезгилде субъекттердин (тараптардын) өз ара абалын да, алардын процессуалдык теңчилигин да мүнөздөгөнү менен билдирилет [80].

Мындан улам, тараптардын жарыштуулугу жана тең укуктуулугу принцибин ырааттуу ишке ашыруунун маанилүү шарты болуп теңчилик жана адилеттик талаптарынын негизинде сот процессинин катышуучуларын квалификациялуу юридикалык жардам менен камсыз кылуу саналаары анык. Мында жарыштуулук процессинде квалификациялуу юридикалык жардамдын кепилдөөчү мааниси субъективдүү-жеке деңгээлде да, сот процессинин түзүлүшүнүн жарыштуулук моделинин өзүнүн негиздөөчү багытталышынын деңгээлинде да билдирилет.

Субъективдүү-жеке тапта, жарыштуулук процессинде квалификациялуу юридикалык жардамга укук тараптардын процессуалдык укуктарынын реалдуулугунун кепилдиги катары чыгат жана жеткиликтүүлүктү, ал эми мыйзамдарда белгиленген учурларда – юридикалык жардамдын акысыздыгын (бул тууралуу жогоруда айтылган), ошондой эле юридикалык кызмат көрсөтүүлөрүн берүү боюнча адвокаттык иштин эл алдындагы табиятын эсепке алуу менен, сот өндүрүшүнүн тараптарынын кызыкчылыктарынын оптималдуу тең салмактуулугун бекемдөөнү билдирет [80].

Ошентип, мисалы, сот өндүрүштүк мамилелерди колдонуудагы укуктук жөнгө салуу тутумунда квалификациялуу юридикалык жардамга кепилдик берүү менен тараптардын жарыштуулугун жана тең укуктуулугун камсыздоодогу реалдуу дал келбестиктер, уюштуруучу катары жаран чыккан учурда, атайын ведомствого караштуулук тартибинде уюштуруучулардын жана юридикалык жактардын ортосундагы талаштар райондор аралык соттор тарабынан каралганда пайда болушу мүмкүн. Мындай жагдайда,

адатынча кесипкөй сот өкүлдөрүн ишке катышууга тартуу боюнча салыштырылгыс зор материалдык-финансылык мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле уюмдун штатына кирген адамдардан турган укук чөйрөсүндөгү адистери бар уюм жаранга караганда зор артыкчылыктарга ээ, анткени жарандын процессуалдык укуктарынын сапаттуу ишке ашырылышы жана процесстин чыныгы жарыштуулугу кошумча, кээ бирде көтөрө алгыс экономикалык чыгашаларды талап кылат.

Ал эми жарандын тийиштүү чыгашаларды компенсациялоо мүмкүнчүлүгү кийин сот чыгымдарын бөлүштүрүүдө анын учурдагы процессуалдык кызыкчылыктарынын тийиштүү кепилдиги болуп таанылa албайт, себеби конкреттүү иштин татаалдыгы жана талаштын узактыгы адамга коргонуу үчүн зарыл материалдык ресурстарды тартууга мүмкүнчүлүк бербейт. Мындан тышкары, тараптардын жарыштуулугу жана тең укуктуулугу доону берүү стадиясында тең старттык процессуалдык мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууну да билдирет.

Квалификациялуу юридикалык жардам соттук чындыкка жетүүнүн кепилдиги болуп саналат.

Илимий адабиятта сот чечимдеринин чындыгынын маселеси боюнча ар кандай пикирлер түзүлгөн. Тактап айтканда, М.С.Строговичтин пикири боюнча [106], материалдык чындык – бул иштин фактары жөнүндө соттун тыянагынын фактар чындыгында кантип болгондугуна ылайык келүүсү. В.Г. Вишняков [106]. жана М.Л.Шифман[121] ошондой эле пикирди карманышат. Тескерисинче, А.Ривлин эсептегендей, сот процессинде чындык катары өкүмдө же башка чечимдерде камтылган соттун тыянагынын иштин фактарына ылайык келүүсүн гана эмес, алардын туура укуктук квалификацияланышын, башкача айтканда соттун тыянактарынын укуктун ченемдерине ылайык келүүсүн да түшүнүү керек [122]. Ю.К.Осипов жана П.Ф.Пашкевич да ушундай деп эсептешет. Сотто чындыкты ушундай түшүнүү менен макул болоору күмөн .

А.В.Аверин адилеттүү белгилегендей, соттук чындык методологиянын жана компетенттүү адамдын ой жүгүртүү ишинин спецификалык түрүн билдирген, адамдык мамилелер, ошол окуянын сунуш кылынган версияларын сындуу талдоо, окуянын өзү жана аны юридикалык баалоо жөнүндө белгиленген билимди, укуктук регламентациялоосу бар юридикалык-билим берүүчү иштин алкагында алынган билимди психологиялык кабыл алуу менен байланыштуу болуп өткөн турмуштук окуяны субъективдүү интерпретациялоо менен айырмаланган укук колдонуу чөйрөсүндө юридикалык билүүнүн логикалык инструментарийин алкагында гана жетишилет [123]. Мындан улам көрүнгөндөй, юридикалык, анын ичинде соттук билүү факттык эмес, юридикалык чындыкты билүүгө багытталган". Юридикалык окуялар чыныгы жашоодо кандайдыр бир окуя болуп өткөндө эмес, биринчиден, алар жөнүндө билим, бирок ар кандай билим эмес, мыйзамга (юридикалык ченемдерге) толук ылайык келген билим бар болгондо; экинчиден, эгерде ушул юридикалык окуялар далилдердин (өз учурунда, юридикалык ченемдерге ылайык пайда болгондуктан, юридикалык жашоого укук алган) жыйындысы менен негизделген болсо; үчүнчүдөн, эгерде ушул юридикалык окуялар, юридикалык версия формасында пайда болуп, ар кайсы тараптардан болгон сын-пикирлерге туруштук берип, ошол юридикалык окуялар катары юридикалык жашоодо бар болууга укукту далилдешсе, юридикалык жашоодо пайда болот жана бар болот [123].

Аталган шарттардын ар бирин, жана ошол эле учурда юридикалык чындыкка жетүүнүн адекваттуулугунун критерийлерин канааттандыруу соттук териштирүүнүн катышуучуларынын ар биринин тарабында иштеген кесипкөйлүү жана компетенттүү юридикалык жардам болгондо гана камсыз кылынышы мүмкүн экендиги анык: биринчиден, юридикалык жардам талаштын негизинде жаткан факттык материалды колдонуудагы мыйзамдардын жоболорун жана юридикалык доктринанын принциптерин эсепке алуу менен юридикалык материалга адекваттуу “конвертациялоого”

(өткөрүүгө) мүмкүнчүлүк берет [124]; экинчиден, юридикалык жардам далилдердин таандыктыгын жана мүмкүн болуусун негиздөөгө жана алардын негизинде иш боюнча аргументтелген юридикалык позицияны, башкача айтканда, тараптын материалдык кызыкчылыктарына адекваттуу чындыктын укуктук интерпретациялоосун түзүүгө мүмкүнчүлүк берет [108]; үчүнчүдөн, юридикалык жардам процессте тараптын укуктук позициясын коргоо жана сот чечиминде аны иштин натыйжасы катары жол-жоболоштуруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат [108].

Ал эми объективдүү чындыкка тийиштүү, ал, субъективдүү аң-сезимге жана субъективдүү кызыкчылыктарга көз каранды эмес билим катары кабылданып, сот тарабынан жетишиле албайт, ошондуктан аны белгилөө боюнча милдетти сотко жүктөө сотко ага мүнөздүү эмес функцияларды берүүнү билдирип, жарыштуулук процессин бузмак. Мындан тышкары, бул, процессте тийиштүү далилдер тараптын позициясы менен кантип ара катышта болгондугуна карабастан, тараптарды алар тарабынан чогултулган далилдөөчү материалдын баарын берүүгө милдеттендирүүнү билдирмек [110].

